Скирг
М34

Абдиламит Матисаков

# АК КОРГОН





Абдиламит Матисаков

# Акоргон



Повесть жана аңгемелер

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 384637

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1989

АБОНЕМЕНТ

ББК 84 Ки 7—4
М 34

Көркөмдөгөн *А. Жакыпов*

**Матисаков, Абдиламит Мурзаевич.**

М 34 Ак коргон: Повесть ж-а аңгемелер /Көркөмдөгөн А. Жакыпов. — Ф.: Адабият, 1989.—144 б.
ISBN 5-660-00114-9

СССР журналисттер Союзунун сыйлыгынын лауреаты (1988-ж.) А. Матисаковдун бул жыйнагына топтолгон повесть-аңгемелеринин каармандары элет жеринде жашаган карапайым, дили таза, эмгекчил адамдар. Алар нарктуу жүрүм-турууму, психологиялык курч толгонуулары менен окурмандарды жакшылыкка, кайрымдуулукка чакырат.

Жаш жазуучунун чыгармалары ой-туюмунун образдуулугу, стилинин бөтөнчөлүгү, тилинин көркөмдүүлүгү боюнча башкалардан айырмаланат.

М $\frac{4702300100—96}{М 455 (11)—89}$ 24—89 ББК 84Ки 7—4

В книге лауреата премии Союза журналистов СССР (1988 г.) А. Матисакова включены повесть и рассказы, герои которых простые сельские люди, своими поступками поведением призывающие читателей к доброте и отзывчивости.

Молодого писателя отличают самобытность стиля, образность мышления и высокая художественность языка.

ISBN 5-660-00114-9 © «Адабият» басмасы, 1989



# ПОВЕСТЬ



## АК КОРГОН

*Атам Мурзага арнайм*

Жашы сексенди аттаган менен басса-турса жеңил бой Мадимар кары өгүзүн жетелеп, айылдын четиндеги эски коргонго жете келди. Гүлказыкты жерге житире каккыча коргонго жете келди. Гүлказыкты жерге житире каккыча кой жүнүнөн эшилген аргамжысын сүйрөгөн өгүз тегерекой жүнүнөн эшилген аргамжысын сүйрөгөн өгүз тегерегиндеги көктү мойсоп кирди. Кары отурган жеринде үшкүрдү.

— Жашагың эле келет бу жарыкта... Кайран жашчылык!.. Жокчулук жеп кетти... Ойноп оюнга, күлүп күлкүгө канбай кала бердик...

Эски коргон күлгүн курагын эстетип турат. Сокмо дубалы укаланып, ар-ар жеринен көчкөн. Төөнүн эле өркөчү. Жада калса, парандалар учуп-консо эшилип, топурагы чуруйт. Тогуз пакса[1] ак коргондун «кароолчусу» ушу Мадимар кары. «Кел-кой» деген эч ким жок. Келген өзү, кеткен өзү. Өгүзүн жетелеп, ушу тегеректен чыкпайт. Коргонду жандай салгандар ийилип, саламын жазбайт. А кээ бири атайлап эле токтоп, сурашып болуп, аягында (билип туруп эле сурай беришет) «бу коргондун илгерки келбетин көргөн панда чагымда калбаса да керек. Мезгилиң зымырак куш экен...» деп баш чайкаса, чал бер жактан туруп беймарал: «бекерге зээниңизди кейитпең. Биз тирүү турбайбызбы, биз көргөнбүз. Мынабу бутум менен ылайын шапшып, бу колдор менен паксачыга ыргыткамбыз. Коргонду көтөргөн Өзгөнбай деген устанын бир ылайкеши биз элек да...» десе, берки ыргылжаң турган неме жаңы ууккансып: «Оо, кызыктын баары сизде жаткан турбайбы, бир кененчилик болсо айтып берсеңиз болот экен» деп басат. Эки-үчөө болсо, кайра-кайра кылчакташып, кеп кылып кетишет.

— Сөзүнүн деле өөдүк-сөөдүгү жок...

---

[1] П а к с а — сокмо дубалдын бир кабаты (70 см).



— Акыл-эси менен бир жакшына карыптыр бечара. Бирөөлөр о-бу дешкенинен ойлоп жүрбөймүнбү...

— Айта берет, оозуна алы жетпеген. Булардын курагына баралычы мурда. Көчүктү көтөрүш...

Айылдаштары жүз сурап, жүз жолу укса да эрмек көрүшөбү жолуккан жерде кепти созуп, аягын айландырып коргонго апкелишет. А чалдын айтканы айткан. «Бу коргондун ылайкеши биз...» дейт. Миң сурасаң, миң жолку жообу ошол. Эл экен сурай беришет...

Уштапта коргон элдин кызматын кылат. Бир топ жыл тамекичилер ээлеп отурушту. Туш-тушка соксойтуп казыктарды кагып, тамекисин илип, кургатып жүрүштү. Как болгондо четинен жыйып, коргон ичине даркырап кирген тракторлорго жүктөшөт. Тамекичилерге деп салынып жаткан сарай бүткөндөн кийин, коргонго совхоздун мехцехи көчүп кирди. Көөрүк баскан, темир сомдогон устаканасы, шайман турчу шыйпаңчасы да ак коргон болду. Эки жыл туруп-турбай мехцех да конуш которуп кетти. Жараксыз темир-тезекке кол тийбей, жыгач челектер болсо май-сайы менен туш келген жерде кала берди.

Ушунун баары карыган адамга түйшүк экен. Тумшугу сынган казыктарды бир-бирден сууруп, үстөмө-үстөк байланган зымын эрикпей түрүп, коргон сыртына сүйрөп таштады. А чылгый темирлерге келгенде копшоп көргөнгө каруусу жетпеди. Башы катып, кыйла күн жүрдү. «Коңушу турган мектепке барсамбы. Мурдатан тааныш, жибектей созулган, жолуккан жерде өтө калып кош колдоп учурашчу директир бала дартымды угар... Балдарды таалим-тартипке үйрөткөн неме оюма каршы чыкпас, жардамы тиер...»—деген ойго жетеленген кары мектепке чыгып барды.

— Биз тарапка кем каттачы элеңиз, жол болсун Мадимар аба?! — Директор ооздо турган экен, жайдары утурлады.

— Сиз билерсиз,— көңүлүнө толгон адам өзүнөн кичине болсо дагы бирдей «сиз» деп кайрылчу. Директордун колун коё бербей сөзүн улады,— бу коргон гараж болуп турганы эсиңизде чыгар. Трактирчилер көчкөндө «ат оонаган жерде түк калат» болуп, ашкел-дашкел темирлерин туш келди таштап кете беришкен экен. Коргонго кирип болбойт. Мал-сал майына башын салып коёбу деп чуңкур казып, көмүп салдым. Темирдин керектүүсү болсо, бир четке үйүп койсок залалы тийбес. Майда-чүйдөсүн окуучуларга ташытып да аларсыз. Бая күнү элдин тамаркасын аралап, темир издеген балдар оголе көп жүргөн. Ыйык дубалдын жүзү да кыйла ачыла түшөт эле.

Карыны далыга таптаган директор мындайды күтпөгөндөй эмелеки укканын акылга салгансып анан:

— Чын эле темирге зарбыз, аба! Мехцехтин жаңы паркка көчкөнүнө жарым жылга кетти. Керекке жарачу темир болсо, изин суутпай эмигиче алып кетишмек. Алар кош көңүл болсо, бизге табылбай турат. Ушу жолубузда турган коргонго бир баш баккан эмес экенбиз. Эртең бир мугалим кошуп, жогорку класстын окуучуларын жиберем,— деди.

— Оп баракелде, бу башка кеп. Сөзүмдү таштабай али-пали деп койдуңузбу — мартабаңыз көтөрүлөт экен.

Директор күлкүчү экен. Эки уурту жыйылбайт. Бетаарчысы менен ооз-мурдун сүртүп эле күлкүсү кыстап туруп алды.

— Эски коргонго сиздин колунуз да тийген деп жүрүшөт. Ошол сөз чынбы?— Көздөрү күлүңдөйт.

— Жалган сөзгө жок кишимин. Сурашканынан айтып коёюм. Ишенишпейт. Ишенишпесе өздөрүнүн иши. Бул коргондун көрбөгөнү калдыбы...

Эртеси коргон ичи түшкө жетпей тазаланды. Окуучулардын шайы жетпеген темирлерди чал эшегине сүйрөтүп чыгарды. Балдарга табылбай калды. Бири минип, бири «чү» эле, «чү» деп темир сүйрөп итеңдеген боз эшекти чыбыкка алып, мектептин этегин көздөй айдашат.

* * *

Май төгүлүп, карала-торала болгон коргон ээнсиреген жок. Кызыккан эл чыга берди. Эми совхоздун кароолчусу бедеге түшкөн, жүгөрү аралаган бодо мал, майда жандык болобу айдап келип, ээси таап кетмейинче ушул жерге камайт.

Бир күнү коргонго келип, чал көңүл иренжиткен иштин үстүнөн чыгат. Өзгөрүш кароолчу эки-үч эшекти коргонго айдап кирип, жыгач дарбазасын ачылгыс кылып мык кагып кетиптир. Зым менен байланган бечара эшектер арыбери тартыша берип бири муунуп өлөт. Ысыкта чымындап, коргон ичи жан чыдап тура алгыс. Мадимар кары мынчалык ачууга жеңдирген эмес. «Атаңдын оозун урайын, аракорго адам деп иш тапшырышат. Кылган иши мына!» Кароолчуну ата-жотосуна жеткире сөгүп, өлгөн эшекти өзүнүн эшегине сүйрөтүп коргондон чыгарат. Ошо ызасы менен Өзгөрүштү дүкөндүн оозунан табат. Жашыкка көчүк басып эки-үч болуп, шарапка жаңы кызыган кези экен, чалдын акааратын чымын чакканчалык көрбөй, кайра арсаландап: «Ошо камалган мал жечү чөп-чарды койбой түбүнөн шылып оруп алсаңыз, анан эшек өлбөгөндө эмне болот. Сиздин оюңузга койсо тентиген мал совхоздун макасынын майканын чыгарса... Ортодо мен жаман көрүнсөм, ошондо табаңыз канабы? Мага койсо, ондой малдын өлгөнү артык!» деген. Мадимар кары төшүн жагжайтып, кызым-тазыл болгон бакыбат жигитке үндөбөй, камчысын уучуна кыскан. «Сага айткан асил сөз. Бээ десе төө деген дөөдүр. Ушу кебетеңде ак коргондун эмнесин түшүнөсүң...» деди ичинен.

Жол бою көңүлү чөгүңкү бастырган карыга оропара чыккан улуу-кичүү салам айтат. Баш ийкейт: «Кем болбоңуз...» дейт ооз учунда. Жорголоогон эшектин күүсү ойго түртөт. «Көзүмдүн тирүүсүндө ак коргондо бейбаш иш кылдырбайм...»

* * *

Басса-турса Өзгөрүштүн сөзү кулагынан кетпей койду. «...Ошо камалган мал жечү чөп-чарды түбүнөн шылып, оруп кетсеңиз, мал өлбөгөндө эмне болот...» «Тобба, ошого бааммы жетиптир. Сыртынан муңамыр көрүнгөнү менен билбегени жок... Болбосо, жылда коргонду чөп-чардан арылтып турганымды билет, сүйлөгөнүн кара, тилиңе тибиртке чыккыр. Эшик-төрүн барабар кылып таштагыдай ак коргон жөн жай эмес мен үчүн...»

Саратан адыр-түздү саргайтып келатканда Мадимар кары кол орогун такымга кысып, коргонго бастырат. Кире беришке отуруп, кайрак ташка орок мизин жанып, коргон ичине эсейет. Тээ шукшугуй кырларга конуп, күнгө какталган бактектердин куру-куусун(«төөгө бээ сатамын») көзгө көрүнбөгөн үпүп-сасыктын үнү басып кетет.

Кыбыла жакта топ-тобу менен гүлкайырлар өсөт. Көргөндө чалдын жүрөгүн өйүп чыгат...

Дубал бойлоп өскөн камгак, коко тикен, ат кулак, шире чөптөргө орок сойлотуп, ар жерге дестелейт. Бели уюп, жегдеси, жону терге чыпылдаганда дестелердин бирине чыканактап кыйшаят. Качанкы бир өктөлүү окуя көңүлүн сыдырып, көздөрү боз дубалга арбалат... «Шашпа, шашпа, мынабы кире беришке Алибай бийдин мейманканасын, сол танабына дан сактачу чоң сүкөнүн [1] салганбыз. Мейманкананын шыбын коргон барабар көтөртүп, бооруна адам бели батчу эки тешик калтырткан. Эки тешик

[1] Сүкөн — терең казылган ороо.

күндүн нурун алып өтөбү. Ичи сыз турчу. А мынабы мехцехтин базганчылары[1] турган үй бийдин улуу байбичесинин идарасы эле. Кыбылага кенен аткана түшкөн. Тез эле бузулуп кетти. Буюрбаса ошо экен... Алибай бий ушу мейманканасында бир чөгүн чайын түгөтүп иче албады го. Жакшылык бетин көрбөй турган эле да өзү...»

Дубалдын көлөкөсү оңго кетип, күн нуру Мадимар карынын жүзүнө чабылды. Ысык аптапка мемиреп, көзү ызгып уйку азгырды. Орогу колунан жылмышып чочуду. «Коргонго кирдим уйку басат, тобба. Кой, турайын эрте күндүн барында...» Барсайган тамырлуу салаалары тикен келеби, камгак келеби бачырата чеңгелдейт. Камгакты боолап салса, кышы бою келини тандырга жагат. Ат кулакты күн жегенден кийин таңгактап, чөпкө аралаштырып жыят. Кышы бою бедеге кошуп майдалап берсе малга май эле.

Колунан келбей жүрөт. Болбосо дубалдын кулаган жерлерин бою жеткен жерге чейин уруп чыксам дейт. Ал оюн бирөө-жарымга угуза элек. Бир жагынан өзү жөнүндө өйдө-төмөн айтылган сөз сөөгүнөн өтөт. «Бул тегеректе темселеп жүргөнүн койбоду. Балдары жетилип, алды баралуу-чакалуу. Ошолору эле түзүк болсо, «ата, карыганыңда эл-журтка кеп болбой, кудай берген төрдө, ушу жашка чыгардың, ушунуңа шүгүр деп отурбайсызбы» деп койсо, оозунун жели коройбу?» Мадимар кары укса да укмаксан. Өзүнүкүн жасай берет. Кийинки күндөрү узун этектин жамаачысындай болуп коргондун кол жеткен тешиктери бүтөлүп калганын ары-бери өткөндөр байкап жүрдү. Карыга эрмек табылды. Колу бошой калса беш-он чеңгел ылай жасап, өзүнүн кесегине кошуп, коргондун тешиктерин бүтөп коёт.

Бир жолу коргон кириптир түшүнө. Азыр кандай болсо, ошондой калыбында экен. Дубалдын кырына минген Өзгөнбай уста адеп көчкөн жерлерге пакса көтөрүп жүрөт имиш. Кутбидин ылайкешин (чалдын илгерки ашынасы) көргүсү келип шашкан Мадимар кары аз жерден коргонго эшекчен кирип кете жаздайт. «Оо, уста ака, арбаң! Бу сиз каяктан?» деп айткыча болбой, Өзгөнбай уста ошо кырда туруп, «пышаң-пышаң» кылып ыйлайт имиш. «Биз паксасын көтөргөн коргон ушулбу, Мадимар? Жакшы көз салбапсың го, ылайкешим...» дептир да, беркинин бир ооз сөзүнө да такат кылбай, түнкү жарганаттай көздөн кайым болот. Ошондон кийин чал «устам мага таарынды» деп

[1] Базганчылар — темир усталар.



кеп-сөзгө тартылбай ого беш бетер чекеленип жүрүп калды.

Бечара чалдын табариктей туткан коргонунун чоо-жайы мындай эле окурман...

* * *

Эптеп өлбөстүн күнүн көргөн жатакчылардын төбөсүн тебелеп, адыр этегине коргон салдырууну болжоп жүргөн бий кар кетелек жигиттерин алып кыштоодон жакага түштү. Тоңголок эригенге жердин мээси чыгып, кара баткак. Жылда бу маалда тепкедей жерин кетмендеп, үрөн себүүгө камынып калчу жатакчылардын бирөө да былк этпейт. Бир жактан кудайдын куттуу күнү ак жаан себелеп шаштыны алды. Там үстүнө додолонтуп, күл үйүшкөнүнө болбой тамчы токтобой кээ бир үйдүн төбөсү көчүп шайды оодарды.

Жерден-жер тандаган бий Шаңхол дарасынан өйдө Котчан дайрасын жээктеп, суусун алкымдаган кууш капчыгайга келди. Таштан-ташка ала салган тоо суусу этекке түшүп жайлаганга агымы билинбейт. Сулкуйган чаар таштар бири-бирине кептелип, жээктеп аккан суудан өзөн бөлүнөт экен. Бий дайраны таштап, өзөнгө жетеленди.

Жатакчылардын айылы ушул өзөндөн суу ичет. Айыл алаканга салгандай көрүнчү тумшукка чыкканда бийдин эмне ойлогонун ким билсин, күмүш сап камчысын суналып аккан өзөндүн сол капталындагы жайыкка булгалады.

— Коргонду ушул тушка салдырам. Эсиңерде болсун, мындан быякка бу ортолукта отурук алган жан эмес, жайылган мал көрсөм, жакшылык көрбөйсүңөр.

Коштоп жүргөндөр жарыша баш ийкешти. Алибай бийдин көз алдына дүпүйгөн бак-шакка көмүлгөн коргону келе калдыбы, көңүлү курсант. Тогуз пакса коргондун курчоосунда пешейваны менен кенен мейманкана, майда идаралар, сүкөн, аткана, жалчы жүргөндөр баш пааналай турган чакан тамдарга чейин көңүл түпкүрүндө чечкен менен бий жүрөгүнүн башында жүргөн ою ишке ашабы, жокпу бүдөмүк эле. Көксөгөнү жаңы коргонго көчкөндө кош-коштоп алган куу шыйрак токолдорунун үстүнө дагы бир токол кошуп, төөнүн көзүндөй жылтылдаган акыркы үмүтүн сынап көрмөк.

А коргондун нугу түптөлбөй кечендеп жатты. Ылайыктуу уста издетип туш-тушка жигиттерин чаптырды. Жакын санаалаш деген байдөөлөт адамдардан, алыш-берише алмаштыргыс ынак өзбек ашыналарына чейин «дубал

койгонго колу усулдуу азаматтар табылса кабар бергиле» деген өтүнүчүн айттырганына мына эки жарым айдын жүзү болду. «Бар» же «жок» деген кабар укпай, бийдин ичи бышат.

Күн жылып, мал көккө тоюп калган кезде бийге «ылайкешин ээрчиткен Өзгөнбай деген паксачы Ош тараптан ооп, Ак Чабууда мандикерчилик кылып жүрөт» деген кабар жетти. Көктөн тилегени жерден табылгандай, эртеси эле устаны алдырды.

Түз эле этектен алган мындай жорукка сөзүнө эгедер жүргөн Өзгөнбай устанын көңүлү кирдеди. Анын үстүнө бийдин пейилин билет. «Дүйнөсүнө ашынган менен бирөөнүн мээнет-акысына келгенде өлөрчө битир» деп ылайкеши да туйлап ого бетер айныды.

— Ишинди билем, билгенден кийин баалайм, Өзгөнбай уста.— Бий учураша электе көңүлдөгүсүн ортого жылдырды. Маңдайындагы өгүздөй болгон жигиттер колго тийгеништин майын чыгарарына көзү жетсе да анысын билгизбей салкын:

— Устадан уста тандатып, бычакка сап болорун таппадым. Угушума караганда, коргон көтөргөнгө эбиңер кыйын имиш. Коргонду баалап алгыла.

— Уккан кулакта жазык жок, бий.— Өзгөнбай боз үйдүн улагасында баятан бери туруп турганына арына келип кебин кээр чыгарды,— биздин колдон чыккан коргонго «балиден» бөлөк сөз уга элекпиз. А сиздин коргонуңуз бизге чак эмес. Чаркар, аткана болсо башка кеп...

— Оо, биздин коргонду тоотпойбуз дегилечи. Мына, кеп каякта жатат! «Томаяк тойсо, иш тандайт» деген сөз илгертен калыптыр.— Бий чыканагын жаздыктан алып тикеленди. Көздөрүнө кан тээп, калың мойлоосун сыдырып түнөрдү. Жанында теспе тарткан эшендин кулагы да чалдыбы, шуу үшкүрдү. Теспе ташын шыгыратып, Кутбидин менен Өзгөнбайга үңүрөйгөн көзүн жыртайтты.

— Кебетесине караганда булар чөнтөгүн дүйнө тепкен немелер, болбосо колунан түзүк иш келбеген ашкебилер, бийим. Кырмычык издеген мындайларга айткан эсил сөзүңүз. Келишер дагы... — Айтарын айтып теспесинин кырмызы таштарын сыдырып, баш оорутмай эсебине кирди.

Босогодо тургандарга көзүндө огу болсо атчудай тигилген Алибай бий жамандыктан башка эмне издесин. Өзгөнбайлар «айтар сөзүбүз ушу» деп чыга берсе, кылбаган санаты жок неме кызыл камчыга алары бышык эле. Уста муну илгиртпей туйду. Сиркеси суу көтөрбөгөн бийдин чеңгелинен амалга салып кутула албасына көзү жеткен Өзгөнбай шалдайды.

— Майли, айтканыңызды эки кылбайлы, бий,— Өзгөнбай тобокелге салды. Оозун таптап келаткан ылайкешин быкынга түрттү.— Коргонду көздү жумуп, баалап алалы. Бирок, бир шарт менен. Баа биз айткандай бычылсын. Кийин бир теңгесин кемитип, а-бу дешип бири-бирибиздин көңүлүбүзгө азар берген болсок, коргондун берекеси кемийт. Үстүбүзгө дагы бир ылайкеш кошосуз. Коргон чоң, эки адам каягына жетишет.

— Бул жигиттин сөзү,— бий кара күчкө жайдарыланды. Каны ичине тартылган ирени ошол бойдон кубарат.— Кудайдын көзү түз, эки сүйлөбөйм. Коргонду чаласы жок бүтсөңөр чөнтөгүңөрдү пулга шыкайм. А дүйнө деген менде бар. Ылайкешти болсо өзүңөр издегиле. Көңүлүңөргө толгонун көрсөткүлө. Эртеси эле шымаланып ылайга түшөт.

Бий маасынын кончун чапкылап, өзүнүн бүтүмүнө өзү ыраазы. «Бая эле оозу шоктук кылбай, ынай берсеңер боло турган. Кайсы алыңарга куу чирендик кыласыңар...» деген какшык карашын сезип турду беркилер...

* * *

Жатакчылардын айылын кыдырып, күсөгөн адамын учурата албагандан кийин Өзгөнбай дайранын аркы өйүзүндөгү Бочой айылына жол алды. Дайранын жалгыз аяк солкулдама көпүрөсүнө жете келгенде көпүрөнүн аркы учуна бирөө бут коюп калган. Өткөрүп жиберейин деп күтүп калды. Ийининде таар куржуну бар, шадылуу жигит күрпүлдөп аккан тоо суусунан өтүп келатып берки өйүздөгү Өзгөнбайга салам айтты.

— Каякка жол алдың, уулум?!— деди, алик алгандан кийин уста. Дайранын күү-шаасында катуу сүйлөшүп жатышты. Жигиттин колдору узун, сөөктүү болчу. Жылаңач этине салган таар чепкени он жамак. Шыйрагы кызандап, жаргылчак шымынын багелеги тизесинде жүрөт. Төбөсүндө жүнү түлөгөн малакан.

— Талкан тарттырганы тегирменге чыккам.— Жигиттин үнү коңур экен, дайранын шоокумун басып кетип жатты.

— Кимдин уулусуң?!

— Сагырмын*, ака. Атамды элес-булас билем. Апам эс тартып калганымда, селге агып өлдү. Өзүм шу бочойлукмун.

* Сагыр — жетим.

Жонундагы куржунун өйдө серпкен сайын жыртыктарынан сапсары буудай сайдын акактай таза таштарына бадырайт. Дарыянын күү-шаасына көнө түшүштү.

— Ылай ишине кандайсың? Иштеп көрдүң беле?

— Анча-мынча. Ыраматылык атам саман шыбактан башы чыкпай жүрүп, көк жөтөл алып тынды. Жокчулук бир жактан...

Өзгөнбай сөз көбөйтпөдү. Жигит жагып калган. Атын билди. Мадимар экен. Ошо жерден эле өзү жөнүндө, Алибай бийдин зордугу менен ылайкеши Кутбидин экөө анын коргонун баалап алышканын, минтип өзү ылайкеш издеп чыкканын төкпөй-чачпай айтты.

— Мага ылайкеш бол. Баш эсен, боор бүтүн турса, ата ордуна ата болом. Өз баламдан кем көрбөйм,— деди уста.

Бою-башына жыйнак, орундуу кеп урган устаны көргөндө эле бирөөнүн тузуна кара санабаган жан экенин сезген. Жокчулуктан жону жукарган бочойлук жигит устага имерчиктеп, анын сөзүн таштабай макулдугун берди.

— Аркы жумадан коргондун такпайын коюп, ишти баштайбыз. Жатакчыларга аккан өзөндү билесиң да. Бизди ошол жерден табасың. Кайыр эмесе...— Көпүрө үстүнөн жолуккан экөө көпүрө жанынан коштошту.

Мадимар сөзүндө турду. Айтылган күнү шашкеге жетпей өзөн бойлоп жетип келди. Өзгөнбайлар бака теректин түбүндө, чалдыбары чыккан кийиз үйдө экен. Ал күнү коргон ордун өлчөп, төрт чарчы казык кагып, улуу селде агып келген таштарды терип чыгышты. Узун-туурасы жүз кулач жерге таш тизип такпай коюу бир аптага созулду. Өзгөнбай менен Кутбидинге калганда мындай ишти үч күндөн ашырчу эмес. Иштин көзүн билген уста эмнегедир шашпады. Ат тезегин кургатпай өзү, өзү болбосо кезек-кезек жигиттерин чаптырган бий иштен дембе-дем кабар алдырат. Такпай ташы басылып, коргон нугу жерден боорун көтөргөндө Өзгөнбай ишти токтотуп койду. Маалынан өткөрбөй коргон баасын бычып, ажытын ачыш керек болчу. Далай байдөөлат адамдардын дубал-коргонун бүтүргөн соң, баягы ооз учунда бычылган баа арык аттап, суу кечпей устаны «атаңа бар, энеңе бар» кылып, келекелешкени көкөйдөн кеткис болгон.

— Коош, Өзгөнбай уста, ишти баштай элек, алаканың кычышыптыр... Пул кармагың келген го, билишимче...— Алибай бий устанын оюн билсе да куу такымданат,— көөнүңдөгү бааны айта бер. Качпайбыз...

Ылай ишин баалаганга келгенде алдына адам салчу эмес уста. Төбөсүнө балта кармап турса да нак баасын



айткандан тартынбайт. Ылайкештери менен асиреттешип чечкен орток бааны айтты.

— Ох-хо, устам! Бу сен ичиме кирип чыккандай сүйлөдүң го. Оюмда жүргөн бааны таптың. Коргон акысына он жандык, үч мүйүздүү мал берсемби деп өзүм да чоттоп жүргөм. Кандай бүтсөңөр, ошол күнү малды алдыңарга салам. Каалаган жагыңарга айдап кеткиле...

Капкан бузуп, тузак үзгөн бий жойпостон, кудайы момун уста менен берки жер чукуган ылайкештерди сыдыра карап, ичине ит өлөт. «Али куурай башын сындыра элек, пул кармагыңар келет ээ, күлтүгү жок, кысталактар. Шашпагыла, коргон бүтсүн, анан көрүшөм силер менен...»

Бий оозунан жакшылык күтпөй, жылдызы түшүп отурган Өзгөнбай сөзгө жанданды.

— Ниетибиздин тазалыгын караң, сөзүбүз бир жерден чыкпадыбы! Биз иштин аягына чейин күтө албайбыз. Колубуз ашка жетпей жүргөн маал. Колду караган катынбалабыз ач-жылаңач. Акыбыздын теңин төлөп, азаматтык кылыңыз.

Сөздү жактырбай бий дароо тетирленди.

— Коргондун бир паксасы көтөрүлө элек жатып, пулдун жарымын кармата берген сөйрүктөрдөн эмесмин, билип койгула. Эртең быякка семиз кой жеткиртем, шорпошиленинерге. Катырмаңарга ун болот. Ишиңерди көрөйүн. Тилиңерден чаң чыгат... — деп корс-корс этти.

— Бирөөнүн акысын жеп кеткен бейторсундардан* эмеспиз! — Көксөөсү сууган Кутбидин ылайкеш бийдин атын жылоолочудай ордунан атып турду. Ийне саяр жери жок куу чепкенинин этек-жеңин күүп, Алибай бийди көзүнүн төбөсү менен карады,— бала-чакабыздын күнүн көрөр бекенбиз деп жүрөбүз. Ошолордун карды ток, үстү жылуу болсо ишиңиздин майын чыгарбасак кудайга коюңуз!

Сыгып алса кан чыкпаган, жалаң жүз бий ыргыштай, ары кетип, бери кетип, миң түрдөнсө да колго зорго киргизген мандикерлерин айнытып, арабөк калганда чочудубу, орток пулдун жарымын чыгарганга аргасы жок көндү.

* * *

Мадимар таң атпай турган. Бүгүн анын новаты**. Ылай жаткызат. Үй ордундай жердин топурагын үйдү да

* Б е й т о р с у н — сөзүнүн купу жок адам.
** Н о в а т ы — кезеги.

орто жерин кемегелей суу жыгып келмекке басты. Күн көтөрүлүп, табы өзөнгө кетчү жалгыз аяк жолдун тамасын жылытып калган.

Билектей суу жетелеген Мадимар арык бойлоп түпсүз санаага чөгөт. «Байга, жакыр-жалчыга, баарына тең адал суу. Жутсаң өзөргөн курсагыңды ток тутат. Чычканга кебек алдырбаган зыкым байлар ушу сууну да бизге ыраа көрбөй, колдон келсе булак башына таш бастырып, мөңгүдөн кулаган сууну бөгөп, пулга алмаштыргандан кайра тартпайт го... Билектей суу уурдайм деп кутулбас чырга калгандарды да көрүп жүрөбүз... Ээ, бир кем дүйнө экен бу...» Мадимар сууну кетмен мизине салып жетелеп, коргон түшүп жаткан жерге жакындайт.

Нанүштөгө жетпей ылай уютту да кечээ жаткызган ылайына кетмен салып четинен кертип көрдү.

— Оо, Мадимар, суу кайнады! Таң атпай ылай шапшып, өзөгүң карарды. Ого шашпа, тебелеп ийебиз экөөлөп, — деп боз үйдүн ыптасында күйпөлөңдөгөн Кутбидин буу аткан казандагы сууга талкан салып, атала чайды.

— Кечээги сууну калтырбай шимириптир. Арасында ным жебеген кесектер жүрөт. Кичине суу жайпатсак кантет? — деди Мадимар.

— Суудан жылжытып кой анда. Биз тургуча табына келип калат. Дасторконду күттүргөн болбойт, ашына. Дасторкондон улук нерсе барбы... — Тонун желбегей жамынган Өзгөнбай уста көлчүккө малынган кетмен-күрөктөрдү кармалап.

Аталага нан малып, курсак кампайтышкандан кийин Кутбидин менен Мадимар ылай тебелеп, ташка көчүк баскан уста найза-бел күрөгүнүн мизин терип кирди. Асман ала булут. Шамалдай түшкөнгө, салкындын барында иш-ти арбытып алсак деп, үчөө тең ошого шашат.

— Ылайды куп ийледиңер. Жетет. Абат ишибиз үчүн бий бешенебизден сылабас. — Өзгөнбай ылайкештерин токтотту да, коргондун пайдубалы түшчү жерди саржан жип менен өлчөдү.

— Өзгөнбай ака, бий мынча чоң коргонду башына урабы? Же тоомо-тоо конуп-көчүп ташыркаган ач көздүн этекке түшкөндө көзү тойбой калганбы... — Мадимар бутундагы чокмороктошкон ылайды тараша менен кырып, устасы жакты жал-жал карайт.

Өзгөнбай кеп төркүнүн илгертпей түйган, жөндөн-жөн бирөөгө колтук ачпаган неме. Көөнү чыргоолоп турса, улууну-улуу, кичүүнү-кичүү дебей тарс бетке айтат. Азыр көмүрдөй мойлоосун эки жакка жанып, бүткүл кунтун



ишке койгон. Адатынча бейкасам чапанынын сол жак этеги белиндеги куруна кыстарылуу.

— Сары ооз балапансың, Мадимар. Канча айтам, силерге бийдин ойлогонун акыл азуум чыккан мына, мен билбейм! — Өзгөнбай жипти күрмө байлап, адатынча алаканына түкүрдү,— Жакында кызык кеп эшиттим. Чынбы-жалганбы, бийдин төшөк жаңыртсамбы деген ниети бар имиш. Алтымыш эмес, жетимиштен ашсын, дүйнө көптүргөндө көз деген тойбой калат. Айыл ичин мага караганда жакшы билесиң Мадимар, ти өйүздө Сарык деген куу этек барбы? Таанырсың? Ошонун бойго жеткен, чырай десе чырайдан, бой десе бойдон айткан кызы бар имиш. Ошол бешенеси катуу бир күнү суу көтөрүп, ууга бараткан бийдин алдынан чыгат...

Мадимар ордунан бүргөдөй секирди. Жүрөгү жамандыктын жышаанын сезди, оюп ооруду.

— Ким дедиңиз, уста ака?! Кайта айтсаңыз?! — Алеки саатта будуң-чаң түшүргөн кандай кеп айтып жибердим дегендей уста Мадимарды көзүнүн төбөсү менен таң калып карады. Ылайкеши тикесинен турган боюнча устанын сөзүнө кулак төшөгөн менен ойдолоктоп, сабыры түгөнүп барат.

— Аты-жөнүн кулагым чалбады. Болгонун-болгондой айтып атам. Сукулдаган бий ошо жерде жака-белиндегилерден кыздын жек-жаатын сураштырат. Жанындагылар жөн турабы. «Өйүздүк Сарык чаракердин кызы» дешет. Бийдин жүрөгүнө чок түшкөндөй, ал күнкү сейили эсинен чыгат дагы аттын башын кыштоону көздөй бурат. Бий бешинчи аялынын үстүнө баягы кууш пешене чаракердин кызын токолдукка алмак болуп уштапта сазданып жаткан имиш, «Коргонду тез бүтүрөсүңөр!» деп шаштырганы ошондон... «Коргонум бүтсө чоң той өткөрөм» деген сөзү элге жайылып кетиптир. Ушундай экен...

Устанын айткандары кулагына бирде илинсе, бирде илинбей Мадимар ойго чөгөт. «Бул кабарды Паша өзү эшитти бекен, олдо көр турмуш! Өткөндө мени жадырап-жайнап узатпады беле! Айранмын. Мүмкүн, анда кулагы чалган эместир. Укса да ушак-айың сөз деп зирек неме менден жашырып койду бекен. Бүгүндөн калбай кабар албасам болбос».

Бейубак кабардан кийин Мадимардын жилкини куруп, мойнунан байлагандай ишке кол учун тийгизимиш болот. Бир жактан күн өтпөйт. Бир күн бир кылымга татыды. Аскиясына ооп жыгылып каткырчу Мадимардын бүркөө кабагына карап Кутбидин да ооз ачпайт. Ылай түбүнө

чейин алынып, паксанын он беш кулачтай дубалы тикеленип, күн уясына аркан бою калганда ишти токтотушту.

Мадимар устасынан кечкурункуга кантип суранарын чечкен менен айтканга батынбайт. «Ачык айтсамбы? Чочучуп алып жүрбөйүн. «Алыңа жараша иш кылсаңчы. Жыландын куйругун баскың барбы? Кесириң кийин бизге тийип жүрбөсүн, бала-чакабыз алыста, ач-жылаңач. Аларды тентитесиңби? Ушуга чейинки мээнетибизди көккө сапырып, куру жалак калтыргың келеби, эсиң менен бол, балам» десечи. Түрмөк ойдун аягына чыга албай, кечки нанүштөдө өзүнөн-өзү чекеленип, тамагынан аш өтпөдү.

Уста болсо төрдө. Бел курун чечип салып, үйлөп-үйлөп атала ууртайт. Чыныны билинер-билинбес чайпап, муздатымыш болгон менен «коргонду эртерээк бүтсөк, бала-чанын маңдайында олтурсак» деген көңүл кыжаалаты тынчтык бербегенсийт. Мадимар чыдабады. Болгонду көрөйүн деди окшойт. Кур шылтоону бетке тутту.

— Өзгөнбай аке, кечки ылайды Кутбидин жаткызат. Эртеңкиге чейин мени бошотпосоңуз болбойт. Бүтүрчү зарыл иштерим бар. Бүгүндөн калса, кетенчиктеп кетет...— Устасын тик багып карай албайт. Өзгөнбай пиаласынан чымын көргөндөй тык токтоду. Алаканына жөтөлдү кара күчкө.

— Паксаны баштай электе чыккан ал кандай зарыл иш экен Мадимар?..— деди. «Сен билерсиң» дегендей Кутбидинге көз кыйыгы менен карап коёт.— Мындан кийин уурулукка барсаң да ак сүйлөп жүр, балам. Жашсың. Саардан бери үндөбөй асирге зыктап жарылганың кандай бу?..

«Болору болду» дедиби, жүзү кызарса да Мадимар сөзүнөн мүдүрүлгөн жок.

— Өзгөнбай ака, өткөн күздө бүрөө карызга мака алган. Берер маалы өтүп кетсе, колго тийеби-тийбейби... Берсе, алып келейин. Тегирменге тарттырып алсак, загра атала ылай ишине табылгыс оокат болот эле.

— Жөнү бар ондо, жөнү бар экен. Бирөөдө акың болсо күнүн өткөрбө. Эртерээк козголсоң го, жарык-жаанда кайтып калат элең. Караңгыда, ууру-кески мынан көп...— Өзгөнбай пиала түбүндөгү аталасын шыпкап ууртады да, дасторконго бата кылды.

* * *

Буту-бутуна тийбей дикилдеген Мадимардын жолун дайра бөгөдү. Уу-Төрдүн мөңгүсү көөлбүй эрип, суу ташып жаткан. Ташы бадырайып, кеберсип жатчу сайдын



жээгин бербей аккан кара кочкул топон суу жыгач көпүрөнү эбак шыпырган экен. Таш үйүп, бийиктеген эки дөбөчө суу алдында калыптыр. Мындайда эки айылдын, бочойлуктар менен жатакчылардын катышы кыйлага тыйылып, зарыл жумуш шаштырса гана аркы өйүзгө өтүү үчүн туягы күчтүү азоо издешчү.

Күүгүмдө дайра ого бетерден сүрдүү. Күлдүрөтө таш агызган жээктен кечүү издеп, убара болбой жээктин туш келген жерине кырк жамак таар чепкенин таштады. Пайчасын* түрүп барып, кайра айныды. Сайдын урчуктуу таштары балтыр этин тытып кетиши этимал. Муздак суу ичиркентип, дароо төбөгө чыкты. Агымды бойлоп, илгерилеген сайын суу денесин копшоп, теңселтип, аяк шилтөөсү оордошот. Суу белине чыкканда сол буту сыйгылчаак таштан жылмышты да, калтылдаган боюн токтотууга шайы келбей түнөргөн иримге аралашты. Аптыгып суу жутту. Чабак урганды каяктан билет. Кубаттуу толкун аны чамындыдан бетер ала салдырды. Жанталашкан Мадимар колдору менен туш келди чапкылап, буттары элдир-селдир бирде ташка, бирде жерге тийип, албуут агымдын бийлигинде калды. Бирок, эс-акылын жоготподу. Деми жетпей баратканда суу аралаш аба жутуп, делдектеткен агымдан четтөөнүн аракетинде тарбаландай бергени жакшы болуптур. Ташкын жээкти көздөй сүрдү. Урунду болгон денесинде тырп этерге дарман калбай, эсеңгиреген бойдон жээкти кучактай кыйлага чейин жатты.

Көзгө сайса көрүнгүс караңгыда баш көтөрдү. Саалдап дайранын шоокуму сол тарабынан чыгып жатканын билди. «Кариет, жолум оң экен,— Мадимардын тиши шакылдап, денеси калтырайт. — Пашалардын өйүзүндө экемин...»

Таштарга жанчылган булчуң эттери жанын көзүнө көрсөтөт. Ээрдин кесе тиштеп, өйдө турду. Дайраны жээктей сүйрөлүп, агымга каршы басты. Жанараакта ажал оозуна кармаган күү-шаа эми аны жакшылыкка ээрчиткендей... Шымынан сарыккан суу такымына тамат. Эсиңдөнүн бийлеген ой: «устанын сөзү ушак болгой эле. Чекеме бүткөн Пашамды суук көздөн сактасын. Андан бөлөк кимим бар...» Табияттын албуут күчүн Пашага болгон тунук махабаты жеңип чыккандай чыйралды, аяктарын кенен таштайт.

Көп жүрбөй иттин абалаганын укту.

---

* Пайчасы — багалеги.



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 384638

* * *

Пашанын атасы Сарык кары таманы түлөгөн чаракер. Тогуз томолонуп, бар тапканын жалгыз кызы Паша менен эки уулунун оозуна кармайт. Уулдары көк жашык. Бойго жеткен кызынын көзгө түшкөн маалы. Тал чыбыктай бу-ралып, карагаттай көздөрү көргөндүн кумарын козгойт. Чабалекейдин канатындай каштары өзүнөн өзү кагылып, чырайы жайнай түшөт.

Кары кызынын өңү-түсүнөн, баскан-турганынан ыра-матылык кемпиринин тааныш кыял-жоругун туюп, ичинен теңирге миң ирет жалынат. Чачы өрүмгө кирип, колуна шыпыргы кармап калган чагында энесин шишик басат да, дарт дабасы табылбай о дүйнөгө жүрүп берет. Паша эне мээримине жылынбаса да, зээндүү өстү. Инилеринин кир-пигине кир жугузбайт. Түйшүк, түбү жок санаа кемирчээк ийнинин капшыра баскан менен зоо бооруна чыккан четин-дей күндөн-күнгө жайнап, көкүрөгү толуп, чачы узарып келет. Алтын күл дөбөдө жатса да, жарк этип, көз тай-гылткан мисал табият зыяпат кылган чырай жокчулуктан көөнөрбөдү.

Атасы ар иштин эбин тапкан уста. Үй жаап, жыгач иштерине да мококтук кылчу эмес. Саман шыбакка, пак-са көтөргөнгө шымаланып, бу өзүмдүкү эле, аркы бирөө-нүкү эле деген көңүл коштукка алдырбай колго кирген иштин үзөңгүсүн тең тээп жүргөнгө көнгөн. Мадимар экөөнү жок турмуш табыштырды. Өйүздүк Атабек бай-дын атканасын бирге баалап алышканда, Сарык кары му-руңку кайратынан кайта түшкөн маалы эле. Бирок, же-цил жерин жан адамга билгизбей паксага нык минип, керели-кечке ылай басат. Анысы аз келгенсип, кез-кезде ылай ыргыткан Мадимарды күүлөп, шаштырганычы...

Пашаны көргөн күнү эсинен түк чыкпас Мадимардын... Намашамда паксаны бир тегеретип бүтүштү. Дубал күн жеп катыса, бүрсүгүнү сардубалын көтөрүшмөк. Ошондо жарым айга жеткизбей атканaны колдон чыга-рышмак эле. Кары эшегин токуганча ичир коюуланып, көз байланды.

— Бүгүн биздикине жүр. Ылайга түшкөндөн бери эшик-төрдү көрө элексиң,— деди Сарык кары. Аны кол-тугунан сөйөп, эшегине мингизгени жаткан Мадимар кыйыктанды.

— Үйгө эле барайын, аба! Төрүмдө жатпасам, бирөө-нүкүндө уктагандай болбойм. Бүржөлү көнүп алыпмын ошого.



— Кантет бу, биздин үйдөн жылан чыгыппы? Жалгыз эмесмин, балдар бар. Өз баламдай көрүп жүрсөм, меникин бүрөөнүкү дегениң жол болсун, баатыр... Жатаар жай, жетишерлик оокат табылат. — Тизгин тартып калган ка-рынын кебинен өтө албай бууналган Мадимар аргасы жок алдыга түштү.

Сарык карынын үйү капчыгайдын чатында, дайранын жайылып аккан жээгинде экен. Жанындагы эски тегирмен кулдүрөсө, жапыс, көлөкөдөй болгон там калтырайт. Үй-дөн чырактын бүлбүл жарыгы чыгат. Мадимар босогодо туруп калды.

— Мадимар, жатыркаганды кой, биздин үйдү өз үйүң-дөй көр, — деди кары аркасынан келип.

Бөлмө тар. Ным жыттанат. Чырактын жарыгы төр жакка жетпей очоктогу от улуу куйгөндө үйдүн ичи чоң үңкүргө окшоп кетет. Ичкериге көзү саал үйүр алгандан кийин кепкир менен казан аралаштырган бойго жеткен кызды, очок боюнда тизелерин кучактаган эки баланы аң-дады. Балдар Мадимарды байкаган жок. Эки көзү казан-да. Оттун жарыгы кыздын кыжым кемзелинде, анардай албырган жүзүндө ойноп калат.

— Үй ушу, бу балдарым. Энесин жеп алышты, кем ырыстар. Бешенеме бүткөн Паша деген жалгыз кызым ушу. Бассам-турсам айтып калам го. — Карынын сөзүн бөлбөй Мадимар башын ийкейт.

Кыз меймандын ызааты кылып: «жогору өткүлө» деп колуна кирген төшөгүн жая салды. Кайсалап бирде оро-молун ондосо, бирде этек-жеңин ылдый тартып өзүнөн-өзү кымырыла берди. Көз курчун отко алдырган балдар төр жактагы меймандын ким экенин ажырата албай кылчак-ташып коёт.

— Ээ-э Мадимар, кыз бала үйдүн куту, жабылуу сан-дык экен. Пашам жанымда турса бу дүйнөм түгөл кө-рүнөт... — деп Сарык кары казандын жанында кичине тур-ду дагы, «сен беймарал дам ала бер» деп өзү сыртка чыкты.

Мадимар «үй ичин ыш каптап калыптыр» деп ойлоду. Балдардын ийининен соймондогон жалын шыпка басыл-ган сары камышты, туура жаткызылган майда пакана жыгачтарды элес-булас чалат.

— Кана, кийин болгула, ушук ургандар десе, буларды очок боюна кадап койгон. Майга куурулуп өлбөгүлө, — деп кары бир кучак отун көтөрүп кирди.

Балдар пештегенге былк этип да коюшпайт.

— Катырма жеп отуруңуз, — кыз казандан жаңы ал-

ган катырмадан жыгач табакка үйүп, салып келди. Ооз тийген Мадимар:

— Катырма ширин бышыптыр, — деди.

— Караңгыда жакшы көрүнбөй көбүн күйгүзүп алдым окшойт, — деди мактоо сөзгө ийменген кыз.

— Күйүк-мүйүгү жок,— деп кайра аны актап койду Мадимар.

Кыздын көздөрүнөн от көрдү Мадимар. Балдар катырманы чылпылдатып чайнашып, бири-бирин нукуша кетет. Аларга эне мээрими күйгөн оттон келип аткандай туюлду Мадимарга.

— Келиңиз, ысыгынан дагы салып келейин,— Паша очоктон бери басты. Колдору, өзгөчө манжалары келишимдүү эле. «Үнү дирилдеп, ырдап аткандай эшитилет экен» деп ойлоп койду Мадимар.

— Бар, бар. Убара болбонуз. Жетет ушуягы,— Ылайкеш шашып кетти,— катырмаңыздын даамы таңдайымда калды...

Ал кыздын кичи пейилдүүлүгүнө, төгүл-чачыл ачыктыгына ылайык сөз айта албаганына ариетине келет. «Көрчү, «жарды да болсоң, ордуу бол» деп бекеринен айтылбаптыр да...»

Кыз башын көтөрбөй, бут учу менен басат. Сыртка чыкса, оттун табын ала кеткенсип үйдүн ичи салкындай түшөт. Өрүктүн бутагы «чырт» эттире чок ыргытса, балдар бири-бирине ыктай калышат.

Дасторкон жайылды. Малдаш курган Сарык кары Пашага карап:

— Бу жак биздин ылайкеш, кызым. Мадимар дейбиз. Ылайдын адебин берет. Желимдей ийлеген ылайын ура бер, чарчабайсың. Уста боло турган шыгы бар.

— Коюңуз аба, мактай бербеңиз көөнү менен,— деп ойдолоктоп жиберди Мадимар.

— Болгон кепти айтып атам... — деди кары.

Дасторконго анда-санда кол созгону болбосо, Паша көбүнчө инилерине боор төшөп, кепке аралашпайт.

— Насиптин бүйруганын, жакшы даамдын үстүнөн чыктың, Мадимар. Мынан быякка чакыртпай-эттирбей эле кирип тур.— Жыгач табактын майын бармагы менен жалаган кары сызылгандай,— балдарды болсо көрдүң. Кабыргасы ката элек. Ырыскысы түгөнбөсө, эптеп күнүн көрүшөр...

Паша өйдө туруп, казан жакка басты. Жүккө жөлөнгөн бойдон балдар уктап калды.

— Шүгүрчүлүк келтириңиз, аба. Мөгдөгүдөй эмне...



Бу мончоктой балдарыңыздын бешенесине имне жазганын билесиз. Чынардай болуп бойго жетсе, сизди алаканга салып багышат. Болор-болбоско көңүл чөгөрө берсеңиз, жаныңыздан жан калабы...

Мадимар карынын көңүлүн ачар сөз издеди. Баягы адатына салып, тооруй «кана аба, «жигит маалымда жамбашчыл элем» деп каласыз, бир бел алышалычы. «Бөрү карыса, бир койлук алы бар» дейт, деп ар жагына, бер жагына чыгып сүрөмөлөсө, Сарык карыянын чытылган кабагы жайнап, карпаң-күрпөң билек силкише кетчү. Азыр ошол азил-тамашаны эстеди.

— Катырмадан алып отур, Мадимар.

— Алып отурсаңыз,— дейт Паша да атасына кошулуп.

— Алып атабыз, алып атабыз, өзүңөр...— Мадимар «өзүң да жесең, Паша» деп айтып жибере жаздады.

— Күн өтө берет экен. Кылбаган ишим калбады, Мадимар,— деди кары.— Жокчулуктун айынан мандикер жүрдүм, кербенге кошулуп төө жетеледим, базар аралап далдалчылык кылдым. Жукпайт экен. Оштун мал базарында жүрсөм, ноопас кармаган бирөө кол булгайт. Тааныбайм. Кардар таап, малын соодалап берсем, колума ширинкене карматыштын ордуна: «Үка, түрүнө карасам, ар ишке жөндөмүң бар неме окшойсуң. Керели-кечке кол силкип, чай пулдук чака тапкандан көрө, ынасаң, мага кошул. Пакса көтөргөн устамын. Элдин үйү, малканасы болобу дубалын экөөлөп баалап алабыз. Усулумду үйрөтөм» дейт. Болсо болор, болбосо жок дедим да, Пашанын энеси менен акыл курдум. Жок дебеди бечара. Ошентип, тажик устанын аркасы менен дуңган, өзбек байлардын эшигинде, ишин кылып жүрө бердим. Акыны түзүк төлөшөт. Жеген оокатыбыз бекер. Чөнтөк курук эмес. Апта сайын устамдын уруксаты менен үйгө барып келем. Булардын апасы кош бойлуу.— Кары бошогон пиаласын бербей, алаканында тегеретип, маркум аялынын элесин көз алдына келтире албай тургансыйт. Кыйлага чейин сөз үзүлдү.

— Дейди иштен ылай иши төөчөлүк өйдө экен, балам. Паксага колум көнүп, чөнтөкө кичине дүйнө топтолгондо устама кеп салдым. «Аялым ай-күнүнө жетип турат. Сиз менен айлап жүрүп, кемтигим бүтөлдү, оозум ашка жетти. Ыраазымын. Эми үйгө кайтайын» десем, мээнеттен башканы билбеген тажик устам бөгөт болбоду. Кайтарымда «колуң жумшарды, пакса басканга көндү. Бул ишти асти таштаба» деп безилдеп калды. Үйгө баса бердим. Иш чыга берди. Шерик албай жалгыз иштейм. Уста атыгып кет-

тим. Ага чейин бу Пашам туулуп калды. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген ырас экен...

Мадимар сыртка чыкты. Муздак сыдырым денесин чыйрыктырып, сүттөй жарык түндүн кереметн азгырып турду. Жапыс тамдын үстүнө толгон ай илинип, байтеректердин учуна тийип-тийбейт. «Паша чыгып калбасын» деп Мадимар эшик тарапка кылчактайт. «Кокус чыгып калса, шок кыялым кармап, жолун тоссом, үндөбөй өтүп кетсе абийирим ошондо төгүлөт го...» Бир кыйладан кийин ичкери кирди. Төр жакка жууркан төшөлүп, башына карынын чепкени жаздалып калыптыр. Паша очок боюнда жаткан инилеринин четине кырк жамак чапанга оронуп, бүк түшүптүр. Уктаганы же ойгоо жатканы билинбейт. Пашанын көзүндөгү отту элестетип, очокто чок жылтылдайт.

Мадимар түш көрдү. Коюу түн экен. Тоонун чокусунда жалгыз отурат. Айдын чыгышын зарыгып күтөт. Үркөр жылдыздардын шооласында аркы боордон кимдир-бирөө эле кол булгайт. Элес-булас... Өңү таанылбайт. «Сен кимсиң?!» дейт. Мадимар. «Мени чакырган сен кимсиң?!» деп кыйкыргансыйт. Доошу чыкпай жатканын билгенде, жүрөгү ого бетер тыбырап, талпынат. Баскысы келет. Аягы шилтенбейт. Айды күтсө ай чыкпайт же... Аркы боордо кимдир-бирөө элес-булас кол булгайт...

* * *

Ошондон кийин Мадимар иши болсо, болбосо да карыныкына көп келчү болду. Балдар да көнүп калды ага. Жол карашат. Эки-үч күн көрүнбөй калса, «акам качан келет?» дешип, Пашанын жанын койбойт, а кечинде Сарык карынын шаштысын алат. «Зарыл иши чыгып калгандыр, бүгүн келбесе эртең келет» деп балдарынын сүйүүсүнө арзыган ылайкешине жетине албайт. Мадимар куру кол келбейт. Митал менен Өсөргө деп жанына шире, алмаөрүк сала келет. Таппай турган балдар талап кетишет. «Меники көп, сеники аз» деп чукчуңдашкан инилерин тынчыта албай Паша «жөн эле койбойсузбу. Саартан-кечке ооздору тынбайт. Жегендери эле ошо» деп коёт бирдей.

Бир жолу Мадимар кары жокто келиптир. Атайлап келгендей уялды.

— Абам үйдө жокпу?— деп карынын эшиги байланчу казык бош турганын көрсө да жортеки сурады.

— Келип калар, кирип отура турунуз.— Пашанын төбөсүндө көркүнө-көрк кошкон майда көчөт гүлү бар ак жоолук. Кашы-көзү капкара. Мадимар саамга кадалып калганын туя койгон кыз очок боюнда тегеренди.



— Паша, чайга убара болбо. Ичтик. Кантип жатасыңар?— Мадимар босого аттады.

— Бизде имне кеп болот, өзүңүз сүйлөп отуруңуз. Байдын атканасы жакындадыбы?

— Үстүн жапсак, кутулат элек. Жыгачы даяр болбой, колду кармап турат. Иштин оору кетип, жеңили калды.

— Атамдын уйкусу бөлүнүп жүрөт. Сизге айтпаганда, кимге айтам. Сыркоолоп жүргөнүн бизден жашырат. Оокатка да ичтейи жок. Чыйрактыгынан эле билгизбейт...

— Жакшы айттың аны. Өзүм да сезип жүргөм, Паша. Силерди ойлонбосун дегени да жарыктык...

Экөө тең жер чукуп, кыйлага тунжураштьı. Паша кош өрүм чачын ийин ылдый таштап, дасторкон жайды да сырттан кумган менен жыгач кесе кармай кирди.

— Колуңузду чайкап алыңыз.— Паша эңкейе бергенде билектей кош өрүмүнүн бири табак кармаган колунан артылып келип Мадимардын билегине тийди. Сууну сызылтып куйду. Кареги билектерине кадалганын сезген Мадимар кумгандагы суу түгөнбөй ага беришин самап турду.

— Ко-ош, ыкыбалдуу бол, Паша!— Мадимар колдорун колтугуна кысты.

* * *

Байдын атканасына бир айдан бери кол тийбей, дубалы урулганы менен үстү жабылбай турат. Кыйылган теректер какшып кургаганча, кокустан эле Сарык кары ооруп, жатып калды. Кирип-чыгып, чала бүттү атканасын көргөн сайын Атабектин куйкасы курушат. Мадимарды көргөн жерде жакадан алчудай демитип кирет. Өткөндө оропара чыгып, аты менен өмкөктөтө камчы кезейт.

— Жайлоодон мал түшсө, каякка батырам. Колунан иш келбеген, ашкебилер. «Көрөсүз, бир айга жеткирбей дубалын тикелеп, үстүн жабабыз» деп касам ичпедиңер беле! Алыңар жетпегенден кийин бок жегени алдыңарбы? Бириң келсең, бириң жок. Мындай «өнөрүңөрдү» мурда билсем, иш эмес тамаркамдын тушуна жакын жолотпойт элем, куу этектер,— деп оозуна ак ит кирип, көк ит чыгат. Байдын заар тилине чыдабай Мадимар каяша кылган.

— Алкына бербеңиз, бай. Кудайдын күнү көп. Абам аягына турса, ишиңиз бир күндүк. Ынабайт экенсиз башка мандикер таап алыңыз. Ишиңизди атайлап кетенчиктеткен адам жок.

— Шашпагыла арамзалар, мурдуңардан чүчө куртуңарды түшүрбөсөм элеби... Менин ким экенимди биле элексиңер...

— Аркы дүйнөгө өтүп кетпейбиз, бай. Арчылган жыгачтар как жесин, керекпи, атканаңыздын төбөсүн өзүм эле көтөрүп коём. Кекене бербеңиз...— дегенде бай алынып кетип моюн толгогон ылайкештин төбөсүнө камчы басты. Мадимардын малакайы чаңга тоголонду. Баш кийимине эңкейгенде аттын башын кайрыган бай эңиле калып камчысын экинчи жолу шилтеди. Мадимар шамдагай секирип, жолдун четине чыга качты. Дагы бир качырса эле Атабекти «колун кайрып, жерге сүйрөп түшүп, өлөрчө токмоктоюн да, колунан келгенин көрөйүн» деп калган. Жамандыкты сезген кексе неме ызырынып, бастырып кеткен. Ошондон бери байдын эшигине басып барганды токтотту Мадимар.

Иш чатагына айланды. Сарык кары оңолмок турсун күндөн-күнгө каруу-күчүнөн тайып, чырактай эле көздөрү жылтырайт. Баш көтөргөнгө шайы жок. Бирок акылы тунук, тили буудай кууруйт. Үйдөгүлөр ошонусуна да шүгүр дешет. Эки бала менен Пашанын ишенген, арка-бел туткан аскар тоосу кары эмеспи...

* * *

Мадимар токол тамында ойгонгондо күндүн көзү көрүнүп калат. Аңырыган тамы муз менен таш. Жайдын күнү да ушу. Пахтасы сүзүлгөн жука төшөгүнөн туруп, үстүнө ным тиштеген кийим-кечесин илип-илбей эшикке чыкканча шашат.

Тамга кулпу илбей (колго илинчи буюм-суюму болсо экен) аңырайтып таштап, өйүзгө, Сарык карыныкына жөнөйт же майда-чүйдө иш чыгып калабы деген үмүткө жетеленип, саар-кеч байлардын эшигин күзөтөт. Кетип баратып, токол тамына кылчактап, жыртык ободону жамынып түн өткөргөнүн ойлойт дагы көздөрү каканактайт.

Мадимар келгенде Сарык кары башын бийик койдуруп төрдө жаткан. Паша да, балдар да көрүнбөйт. Босого аттаган Мадимарды көрүп кары баш ийкей, «убагында келдиң» дегендей жылмайымыш болуп, жанынан орун көрсөттү. Терезе өңдөнтүп оюлган тамдын боорундагы кетмендин пешиндей тешиктен төгүлгөн күндүн нуру чалдын жаздыгынан чокчойгон сакалын көздөй билинбей жылып келатты.

— Табыңыз кандай?— деди Мадимар чалдын жанына малдаш куруп,— өйдө-ылдый басыш да керек, жата бербей...

— Ээ балам, бу биринчи жыгылышым эмес. Мурда да башымды кесел чырмап, оңолгонума жарым жылча болгон. Минтип дагы тооруду... Ылайдан башым чыкпай жүрүп, тапкан пайдам ушу. Нечен табыптарга түштүм. Аларың да колду карайт экен. Куру кол барсаң, «бээ десең төө деп» көңүлү жок, ооз учун эптеп кыбыратышат...

— Түзүк элесиз, жаман ойго алагды болбоңуз, аба,— деп карынын билегинен алып, тамырын кармады.

— Суугуң ашкан, ылык жүр дешет. Антип кол учунан иш кылсам, балдарымды ким багат. Саргайып дагы кимдин оозун карашат. Буягына да башым маң.

— «Сабырдын түбү сары алтын» дептир го, аба. Күндүн жаманы кетет... Уштапта каржалган бир силерсиңерби? Биздин колубузга да карга чычаар...— Мадимар өйдө туруп, эшикти ачып койду. Тоо тараптан жорткон жел үйгө удургуду.

— Пашалар бир жакка чыгыштыбы?— Мадимар сурарын-сурап алып, өзүн коёрго жер таппай, жүзү дуулдап чыкты.

— Саарлап отунга барабыз деп, Котчандын капчыгайын өрдөп кетишкен. Тандырга да, очокко да тамызгыга тараша жок калыптыр,— дегенде Мадимар отура албады. «Канча марта келдим, бир ирет отун-сууңар кантип атат дегенге жарабаптырмын» деп өзүн-өзү жекирди.

— Мен ошо тарапка барайынчы,— деп шашкалактаган ылайкеш кайра карыны жалгыз таштаганды ыраа көрбөй босогодо буйдалды.

— Жалгыз болуп имне... Өзүмдүн үйүмдө да жалгыз боло белем. Чөөгүнгө суу толтуруп, жакыныраак коюп кет. Жата турармын.— Тырбаландап, караган-тикенге аймаланып, отун чогулткан балдарын шыптан көрүп жаткандай кары созултуп үшкүрдү.

— Жетерим менен Пашаны быякка жөнөтүп ийем!— Ал босогодон карынын карегиндеги жылтылдаган жашты көрүп калды. Жүрөгү мыкчылды. «Бу кембагалдын кимге залалы тийди, куу турмуш, мынча неге тооруйсуң, жамандарынын ырыскысын үзө көрбө...»

* * *

Мадимар капчыгай менен көп жүрбөй жылаңач боордо арчанын куураган бутактарын чаап-чогултуп жүргөн Пашаларга учурады. Үч-төрт өпөйгөн отун үймөктү айланып, тике маңдайдан чыкканда Митал менен Өсөр так секирди.

— Мадимар ака, Мадимар ака, бизди кантип таап келдиңиз?— Балдар эки жагынан чыгып кучактап калды.

Паша жүзүн көтөрө албай четте. Бала болгондо беркп экөөнөн калышпай Мадимарга биринчи жетип, бой таштайт беле... Эки баланын бешенесинен сылаган Мадимар:

— Паша, сен үйгө кайта бер. Абам жалгыз экен. Калган ишти өзүбүз бүтүрөбүз, кандай дейсиңер баатырлар?!— Митал менен Өсөр жарыша баш ийкешти.

— Отун чогултам деп убара болбоңуз. Ушуягын экиүч ай тандырга жаксам болот,— Паша колундагы кызыл табылгыны жанындагы үймөккө ыргытты.

— Пашажан,— Мадимар «жан» деп аны биринчи аташы. Боюн алоо каптап чымырады,— мени бөлөк-бөтөн дебе. Бир төө таман сагырмын, абамды атамдай көрөм... Колунда бар адамдан артык жардам берди...— Доошу каргылданып, үндөбөй калды. Капчыгай ичи ала көлөкө. Анда-санда сагызган шакылыктайт. Балдар шагылдан «уюм туудуга» сакадай тоголок таштарды издеп кириштп.

— Мадимар ака,— Паша да «Мадимар» деп бүгүн биринчи аташы,— чынын айтсам, сизге көнүп калдык. Атам күндөн-күнгө ылдыйлап... Имне болот, имне жок... — деп өңү өчкөн кемселине жүзүн катып жашыды. Майда өрүм чачтары солкулдайт. Мадимар алапайын таппай, кыздын ар жак, бер жагына чыгып, жубата албайт.

— Паша дейм, Паша, кой көзүңдү жаштаба! Этекке жетсе, жеңге жетпеген бу турмуш ушинтип эле турбас... — Кыз токтоно албай өпкө кагат.

— Жарык-жааңда кайткыла үйгө!— деп Паша энтигип, керкисин үймөккө сайды да кичине отун колтуктап ылдый жүгүрдү. Мадимар токтоно албай кыздын соңунан кыйлага чейин ээрчий басты.

Өйдөдөн Миталга жолугуп, орогун алды колунан.

— Дам ал. Мен булардын чоң атасын үч коргондон көрсөтөйүн,— деп орок мизине бармагын жанып көрдү. Мурду учун тердетип, жашыл чым баскан ташка көчүк баскан Митал:

— Отундун кени ушул жерде экен, Мадимар ака! — деди.

Чачын үрпөйтүп, бир кучак отун көтөргөн Өсөр чоң таштын далдаасынан чыкты. Чарчаңкы. Агасына бурулду:

— Табылгыга орогум өтпөй койду. Мокоп бүтүптүр, өгөөнү берчи.

Митал өтүк кончунан өгөө сууруду. Өсөрдүн көзү Пашаныкы. Капкара. Мурду кайкалап, ошол эле айырмасы болбосо аны «Миталды тартыптыр, жоош экен» деп айтканга ооз барбайт. Кыялы чорт. Болор-болбоско түсүн үйрүп, жинине тийсең колундагысы менен атып урат. Бала да. Ага караганда Митал киши болуп калды. Балакатка жетти, токтолот деп коюшат турбайбы...

— Кыркылбаган отунду көрөлүчү,— Мадимар кош табылгыны бир шилтеп, үзө чапты да үймөккө ыргытты.

— Өзүңүзчө чогултуңуз, биздикине кошпоң!— деп Өсөр тура калды тыздаңдап. Мадимар үндөбөй топ караганды чаап үймөккө дагы кошту.

— Өсөртай,— деди кыйладан кийин ал ороктун сабына оролгон курмушунун самсаалаган учтарын үзүп жатып,— меники менен сеникинин айрымасы кайсы. Бүгүн силерге чапсак, эртең мага чогултабыз.

Балдар бири-бирин карап күлүп коюшту. Бирөөнүн чапкан отуну өздөрүнүн үймөгүнө кошулса, иштин кызыгы кайтып мурдагыдай болбой каларын өзүмчүл бала сезбей коёбу... Таштын коңулундагы айран куюлган чанач менен оромолго түйүлгөн катырманы балдар ортого коюшту.

— Мадимар ака, келиң, шам-шум этебиз, — деди Митал.

— Жаңы келбедимби, кардым ток. Мага карабай иче бергиле.

Мадимар келгенден кийин иш арбыды. Капчыгайды көлөкө басып, аба муздап, доош жаңырыктай баштаганда ишти токтотушту.

— Кеч кирди. Үймөктөрдү таңалы, эшекти каякка аркандагансыңар?— деди Мадимар.

— Отунду таңып, боор ылдый кулатабыз. Жолунан чыкканын күм-жам кылып, этекке барып түшөт.— Өсөр азыр кызык көрө тургансып көздөрү жайнап, кайкы мурдун кагадык жеңи менен сүрүп коёт.

— Эшек этекте, тушап койгонбуз,— деди Митал.

Аргамжыга чирене таңылган адам көтөрө алгыс эки таңгакты биринен кийин экинчисин боор ылдый кулатышты. Бири дайранын жээгине барып түштү. А Өсөр менен Митал түрткөн таңгак капталдап кулап, аз жерден боз эшекти жалпайта коюп кете жаздады. Бечара жамандыкты сезгендей таңгак бута атым калганда секиреңдеп, четке чыга качты.

Таңгактарды эшекке артып, калган-катканын Мадимар жонуна көтөрүп, бешим кеч жолго чыгышты. Балдардын бири эшекти жетелеп, бири айдап алган. Капчыгай менен муздак сыдырым жүрүп турат. Аркы чокунун кылда учуна кызыл эт илип койгонсуп күндүн акыркы нуруна боёлуп, үстүндө бүркүт каалгыйт. Сулкуйган таштарга таңгак тийсе жорголоогон эшек очорулуп оңолот. Акырегин жип кыйып Мадимар эңкее калып жонундагы таңгакты жогору сер-

пет. Жылгадан чыга берище эшек жетелеп кетпарткан Өсөр бакырып жиберди.

— Шорубуз куруду, Абдыкаардын жигиттери!

Эшек тык токтоду. «Кы!», «кы!» деп келаткан Митал да үндөбөй калды. Мадимар алдыга өттү.

— Отунду дагы алдырат турбайбызбы,— деп Митал чыркырап жиберди,— булардан кутулбас болдук. Пайлап турушкандай!..

Зилзила болгон Өсөр эшектин жибин таштап кетенчиктеди.

— Баса бергиле, баса бергиле, коркконго кош көрүнөт.— Мадимар балдардын эси чыкпасын деп жубатымыш болгону менен жүрөгү жамандыкты сезди. Байыштык Абдыкаар байдын эрке талтаң баласынын зөөкүрдүгүн билчү. Бирок, азыр көпкүлөң жигиттери менен минтип ээн капчыгайда беймаал жүргөнүнө акылы жетпеди. Жыт алыштыбы?..

— Камчы менен чапса, оо күнкүдөй бирөө-жарымын сөгүп жүрбө! Бу жоон билектер жакшылык кылган эмес бирөөгө.— Митал инисине эс үйрөтөт. Мадимар жонундагы отунду таштап, ага жөлөнүп олтурду. «Улактан келаткан тоолуктар бейм, көп кайгайга түшпөгүлөчү» деп айткыча болбой, эки-үчөө ээрден оолжуй бери чаап жөнөдү. Өсөр агасын быкынга түрттү.

— Качтык! Баягыда «биздин кыштоодон дагы отун алганыңарды көрсөм, шыйрагыңды чагам!» деп ат менен кууганы эсинден чыгып кеттиби? Кеттик!— деп запкыдан жүрөгү өлгөн бала тыбырчылап ордунда туралбайт.

— Коркпогула, айланайындар! Жер-суудан бери коруй берсе, кантип күн көрөбүз!— Мадимар өзүн сабырдуу тутайын десе болбой жүлүнүндө кан дүүлүгөт. Ордунан тура калып, чаап келаткандардын алдына мынабы сулкуйган таштарды туура тартып койгусу келет. Кайдан...

— Мага камчы көтөрсө, туш-тушка качкыла!— деп балдарга эскертти. Алар Мадимарга корголошту. Чекесинде жаңгактай томугу бар, кундуз тебетейин чекесине койгон жигит камчы менен боз эшекти башка чаап өткөндө,бели ийилип, алы куруп зорго турган жаныбар айланбаш болуп, ордунда тегеренип-тегеренип кетти. Денеси үрккөн балдар бири-бирине ыктайт. Камчы сабы менен кашкар өтүгүн чапкылап, патек бой, челек курсак Абдыкаар байдын уулу Сатимбай жетип келди. Салаңдаган эки бети бозого тамылжыйт. Ыржаңдап, Мадимарды тегерене бастырып, бөжүрөгөн балдарга эңиле ызырынды.

— Сарык этексиздин жетимдери, кысталак. Колу тут-



кактыгын калтыра албай койдум. «Кулдун жаны, иттин жаны». Ийлегиле, бирөөнүн дүйнөсүнө көз арткан кандай болот экен!

— Чекесине чертип көргүлөчү!— Мадимар балдарга ыктылган эки жигитке оропара тура калды.

— Мынаны кара, ылайкеш, жонуң кычышкан экен. Ылай иштен уурулукка өткөн турбайсыңбы!— Азуусун айга жанган неме камчы жазгап, бирок чапкан жок.

— Ууру болуп кимдин жыйган-тергенине кол салыппыз?! Сарык карыны кесел чырмап, төшөгүнөн тура албайт. Өлбөгөн жанга отун-суу керек.

— Мендей куу этекке болсо онун чырайлуу кызы керек де. Биз жыландын кепшегенинен өйдө билебиз.— Сатимбайдын сөзүнө тегереги кыраан-каткы түштү.

— Отунду түшүргүлө!— дегенде жигиттери шапа-шуп эшектин жүгүн оодара тартышты. Бири Мадимар көтөргөн таңгакты тоголото берерде анын колуна жармашты.

— Мында акыңар жок! Мээнетибизге ич күйдүлүк кылбагыла!

— О сенин мээнет-акыбетиңдин!.. Өмүрү жалчыган эмессиң, баскан-турганың уурулук! Дагы каяша кылып коёт.

Өгүздөй жигиттер Мадимарды жарга такап, бирөөсү байкатпай камчынын сабы менен төбөгө чапканда чагылган жарк-журк эткендей көздөрү алачакмактап кетти.

**— Качкыла, айланайындар!** — дегенге жарады Мадимар. О тушта балдардын изи сууп калган. Торпок тартышкан алибеттүү немелер кол кайрытпай Мадимарды башка келеби, ичке келеби тепкилеп, отунду болсо жардын кырынан дайрага тоголотуп кете беришти.

...Жүгүнөн жеңилденген боз эшек тааныш жолго салып, үйдү көздөй жортот. Ээри бир капталына шыпырылган, чубалжыган жибин тепсеп мүдүрүлөт...

* * *

Мадимар Сатимбайдын жигиттери менен кагылыша түшкөндө Митал капчыгай өрдөп, иниси дайранын жээги ылдый бой урган. Жардын түбүндө жаткан Мадимарга биринчи Митал жетти.

— Ака, катуу урուштубу?!— деп тишин кычыратып Мадимардын башын жөлөдү. Анын жүзү кан, көк-ала. Кийими дал-дал айрылган. Таштын далдаасынан үрпөйүп, баш баккан инисине кол булгады Митал. Келери менен суугa жумшады. Өсөр калдастап, эмнеге суу сузуп келерин бил-

бесе да дайрага жүгүрдү. Акылыңдан айланайын десе, үстүндөгү кырк жамак, таар көйнөгүн чечип, суугa матырды. Бутуна кирген чоңоргө, ташка карабай көйнөгүнүн суусун чуурутуп, өйдөгө тызылдады.

Бети-башын жуугандан кийин Мадимар кичине эсин жыйды. Ирецине кан жүгүрүп, оозданганы балдар.

— Силерге катылган жокпу?— деп сурады. Сатимбайдын жигиттери тамагын кыл жип менен бууп кетишкендей үнү кышылдап зорго эле чыгат.

— Сизге ынтылышканда эле качканбыз,— деди Митал жер тиктеп.

— Эшегиңер кана!— Мадимар турам деп жер таянып тура албады. Ээрдин тиштеди.

— А дагы качыптыр...— деди Өсөр.

— Бизден мурда качыптыр,— деп койду жер тиктеген агасы.

— Отунду дайрага тоголотуп ийишти. Биз карап турдук.— Өсөрдүн көздөрү каканактайт. Таштан-ташка ала салып агып бараткан отундар көзүнө элестеп, Мадимардын ичи туз куйгандай ачышты.

— Эсен кулга мал бүтөр... — деп тиштенди Мадимар,— кана, жөлөп койгулачы, турайын.

Мадимар балдардын ийинине таянып өйдө турду. Сөөктөрү какшайт. Чечекейи карегинен агып түшчүдөй лукулдатат. Ишир коюланып, бута атымды көрсөтпөй чүмкөдү. Жөлөшүп-таяшкан караандар басып калчудай салаңдаган таштардын алдындагы жол менен кыбырашат. Асман жылдыздарга толуп чыкты...

* * *

Ээр-токуму шыпырылып, бирөө-жарым куугандай текирең-таскак менен кирген эшек Пашанын жүрөгүн түшүрдү. Капсаландын эпкини отургузбады. Бардык ишин жыйыштырды да, тоону этектеп жүрүп берди. Күйүгүп, оромолу желкесине шыпырылган. «Мына-ана» көрөм деп жүрөгү алып учат, көздөрү алачакмак. «Абдыкаардын журт куруткан жигиттерине учурап калыштыбы?..»

Бозого тойгон Сатимбайдын жигиттери эки инисин желкеден алып, бири-бирине сүзүштүрүп, ар жакта киленделген үчөө-төртөө Мадимарды келтектеп жаткансып кетти көзүнө. «Тийбегиле, колуңарга шал тийсин!» деп кыйкырып жиберди да караңгыда өзүнүн үнүнөн өзү чочуду. Ошо маалда өйдөдөгү кыядан: «Паша эже, биз быяктабыз!» деп Митал доош кылып калды. Аларды утурлап, Паша өпкөлөп коё берди.



— Аман-эсенсиңерби?.. Жүрөгүм түшүп калды,— Паша эки инисин кучактап өпкүлөйт.

— Абдыкардын баласына тутулуп, отунду баягындай дайрага агызып ийди,— деди Митал.

— Мадимар акамды ортого алып, көптөп кетишти,— Өсөрдүн сөзүнө Мадимар күлдү.

— Отун башы-көзүңөргө садага, аман-эсен болсоңор табылат.

— Мындай болот деп кимдин оюна келет. Айдай болуп келаткaнбыз, балдардын жүрөгү түшпөсө болду...— Мадимар боюн түзөдү.

— Сиздин кол кайрыбаганыңыз жакшы болуптур, көпкөн немелер...— деп үшкүрдү Паша.

— Урушарга жоо таппаган кычаштардын алдынан чыгыппыз. Отун көтөргөнүбүздү көргөндө ичине таруу айланбаган немениn колу кычышты го... Бу ишти абам билсе сыркоосуна сыркоо кошобуз... — Мадимар Миталдын ийинин таянып, оң буту сылтыйт. Пашанын аяганы, боор тарткан камтамалуу кеби боюндагы ооруксунган жерлерине дарыдай жагып, чыйралды. Өзү баскысы келди. Эки-үч кадам шилтебей башы айланып, жыгылып бараткaнда Паша жөлөп калды...

Мадимар тегерегинен бир боорлорунун демин туюп, бу дүйнөдө өзүнөн артык бактылуу пенде жоктой, махабаттын кубаттуу толкуну жүрөгүн булкуп өткөнүн колтугунда бараткан Паша билди бекен...

— Карагыла, ай чыкты!— Өсөрдүн үнүн ээрчий, тоо тарапты тиктеп калышты. Бийик асканын сол жамбашынан суурулган топудай ай сүттөй жарыгын дайра шоокумуна үргүлөгөн капчыгай үстүнө төгүп жиберди...

* * *

...Капсаландын күүсүн карынын кулагы чалган жок...

Бирине жетсе, бирине жетпеген термелеме тиричиликтин аркасынан кетишти. Мадимар эки күндүн биринде карыныкында. Дарт чалдын канат-бутагын кайрып, шайын оодарганда Мадимар көзүн жумуп, Атабек байдын босогосун аттады. Акы доолаштын өзү тобокелчилик эле. Арга калбагандагы үмүт да... «Көңүлү жибип кетсе, ажеп эмес... Ыйыгыбыз чыккыча ылай шапшып, мүрүбүзгө чейин баткак шыбалган күндөрүбүз эсиндедир. Бекер акы сурап атканым жок...»

Бай жүзүм шактары чүргөгөн сөрүдө пар жаздыкка өбөктөп, кичи токолуна чай сундуруп жаткан. Сөрү алдынан билектей көк кашка суу шылдыр агып, корoо четин-

деги балыр баскан үй ордундай көлмөгө куят. Байдын кичи токолу наманганддык мартабалуу соодагердин кызы эле. Кебездей аппак жүзү карек азгырат. Мадимарды кижи ордуна көрбөй «ит келдиби», «куш келдиби» деп койбойт. Байдын бошогон пиаласына сары набаттан салып, кыпкызыл кылып чай куят. Ак жибек жоолугунун бир учу кемзелин чытырата тепкен төшүндө жатат, пиаланын агындай жумуру билегинде кат-кат билерик. Мадимар амандык сурап, сөрүнүн этек жагына, жерден бели чыккан ташка барып көчүк басты. Бай Мадимарды кемсинтип сүйлөдү.

— Коош таксыр, босогомду аттапсың? Иш бер дейсиңби? Жо-ок, силерди иштетип, болдум. Кылганыңар анабы, чаркарбы? Үстүн алаң-ачык таштап, басып кеттиңер!

— Сизге бөлөк иш менен келдим, бай. Бүтүргөн ишибиздин болушунча акысын бериңиз.

— Анандайсыңар да!.. Силер салган чаркар, ана! Төбөсү өзүнөн-өзү эле жабылып калат дедиңер беле? Сизлерге мурдум бүткөнсүп, мен чала бүттү чаркарымды кайтарып отура беремби! Бөлөктөргө баалап бердим эле бир күндө бүтүрүп, акысын алды да кете берди. Анандай. Пул деген жылаанды ийинден чыгарат... — Бай токолуна бурулуп, семиз богокторун бүлкүлдөтүп күлдү.

— Өзүбүз эле жабат элек. Сарык абам кеселдеп, кептин ырасы, чолобуз түзүк тийбеди.

— Ошондой болот, тумшугуңар ташка тийгенде, чөнтөгүңөр калбыр болгондо, көлөкөмө окшоп босогомду аңдыйсыңар!

— Оозуңузга карап сүйлөңүз,— Мадимар тура калды,— келсек, маңдай терибиздин акысын доолап келдик!

Бай кусаматтыгына салбагай эле деп кабатырланып турса да, дене-боюна тикенек болуп чабылган какшыкка Мадимар жарылып берди. Айтып салды ичиндегисин. Бийлик тизгини билегинде оролуу турганда менменсиген Атабек кимге жакшылык кылат. Ылайкеш анын бутуна чыккан жараны байкоостон басып алгандай айкырса болобу.

— Эй, эшектин мээсин жеген, «акы доолап келдик» деп түшүмө окшоп сүйлөйсүң да. Берген ишти түзүктөп бүтүрө албагандан кийин айланганы келдиңби алдыма. Акыдан айланып кеткиле!

Мадимардын жаны мындай күйгөн эмес. Мынабы шайы төшөктө оонаган көркоону баса калып, оозунан канын кыйы төшөктө оонаган көркоону баса калып, оозунан канын келтире муунткусу келди. Ага кудурети жетет. Бирок эртеңкисин ойлоду. Бул зулум Сарык карыны жөн коёбу. Мадимар го изин суутуп, оокатын өзү таап кетет. Мунун жугундукор жигиттери Паша менен балдарды тозутуп, күн көрсөтпөйт... «Сабырдын түбү сары алтын» деди ичинен.

— Дубалды урган биз эмей ким?! Көргөн эл бар. Колубуз тийбесе бекерден бекер акы сурап, жаныбыздан тоюппузбу?!.

Атабектин токолу үлбүрөгөн жоолугунун бир учун тиштеп, байы менен тирешип турган эркекке астыртан карады да, узун кирпиктерин ирмегилеп, көздөрүн байдын колундагы пиалага буруп кетти.

— Айттым го, билгениңди кылып ал, кембагал! Күбөгө өтөр адамың болсо, эргештирип кел! Жанынан тойгон эле неме келбесе!— Атабек жибип болуптур. Жаздыктан сыйгаланган күпчөк денесин копшоп, көзүндө огу болсо атып ийчүдөй Мадимарга кадалат.

— Эшегиң ылайдан өткөн да! Менин акымды бербесең, ажал тооруп жаткан карынын мээнет-акыбетине аксымдык кылба, Атабек!— деп кыйкырды Мадимар.

— Көзүмө көрүнбөй чыгып кет.— Бай жаткан жеринен тура калды,— жонуңдан кайыш тилдирем, куу этек. Эсептешкиң барбы, мени менен. Оо, каяктасыңар!— деп жигиттерине доош кылганда үмүтү быт-чыт болгон Мадимар турабы. «Ошо көрбөгөн көзүңө көр топурак толсун, кимдин кыраалыгын кудай көрүп тургандыр. Акыбыз көмөкөйүңдөн тешип чыксын, ылайым!» деди да шарт бурулуп, артынан топурап жүгүргөн байдын эшигинде жүргөндөргө жеткизбей жапыс авлиден ыргыды да, бийик өскөн жүгөрүнү аралап кетти.

* * *

Мадимардын колуна түзүк иш илинбей колунда барлардын эшигин күзөтүп калды. Майда-барат иш чыгат, чыккан менен чеке жылытсачы. Бир-эки кочуш талкан түшөт. Чарчысына түйөт да Пашанын колуна жеткирет. А каягына жетет. Ошого да топук кылышат.

Бир жолу карыныкына намаздигер эрте келди. Сарык карыда жылыш жок. Ылайкешин көрүп, денесин копшоду. Өңү керсары. Көздөрүнүн алды, ээриндери көгүш тартып жаны жоктой. Көк жөтөлү арык денесин силкилдетип жатты. Карынын тунарып бараткан көздөрүнө түтпөй кетти.

— Оокатка ичтейи кандай? — деп сурады таш кесеге ысык суу көтөрүп кирген Пашадан.

— Жүрөгүнө оокат барбайт, жегенин окшуйт. Түнү уйкусу жок. Ой келди сүйлөйт. Имне кыларды билбей калдык...

Кары шыбырады. Аркасында аңдыган жөтөлгө угузбоонун алакатын кылып, доошун аста чыгаргандай туюлду Мадимарга. «Эшке чыгаргылачы, дыкат болдум. Демим кыстыгат...»

Кезинде бел кайкалатып, ыргыткан бир күрөк ылайды бир колдоп тутуп, пакса баскан бакыбат устанын кесел мүлжүгөн, камгактай денесин Мадимар туура көтөрүп чыгып, сөрүгө чалкасынан жаткызды. Өзү маңдайына чыгып отурду. Күндүн кечки кызылы конгон Сарык карынын бешенеси тордомо коон.

— Карнет, күн бата элек экен...

Эки жагына оролгон көрпө-төшөк чалды билгизбей сорул бараткандай, учурунда уста атыктырган шадылуу билектери жээкте жаткан эки балык...

— Тагдырым тайкы экен. Өмүр бою топурак уучтап, ылай кечтим. Кара баткактан башым чыкпады. Ылай жеди мени...

— Күндөгүдөн түзүксүз, аба. Кейибең. Сырт шамалдай баштады, ичкери кирели. — Ордунан туруп келаткан Мадимарга кары кол жаңсады.

— Демим оңолуп келатат. Шамалкөй жерде бирпас... Күн батып баратат... ээ балам, таңга чейин ким бар да, ким жок...

— Сарык аба, айтымда дайранын боюнда жашагандардын өмүрү узун болот имиш. Узак жашайсыз, — деди Мадимар карынын көңүлүн улап. Чал укпагандай түр кылып, эңкейген калыбында сакал учуна конгон күндүн нуру качан качар экен деп аңдыган тейде несейди.

— Насипти айтып болбойт,— угуп кой,— Чын эле таза аба карынын көңүлүн ачты, үнү оңолду,— анын сыңары, ажал да айтып келбейт. Бир арманым, кыска өмүрдө көңүл кушубак тартып, жок дегенде бир-ар жыл кененчилик турмушту көрө албадым, жокчулукка жоор болуп кете бердик...

Мадимар Сарык карыны көтөрүп үйгө киргенде үлпүлдөп күйгөн майпиликтин тегерегинде шайтан көпөлөктөр учуп жүргөн. Паша казан асып, очок менен алек. Кез-кез Мадимарлар тарапты кыйгач тиктеп коёт.

— Ош тараптан Өзгөнбай деген паксачы ар кимдин дубалын баалап, уруп жүрүптүр. Өгүнү мага оро-пара чыгып калды. «Мага ылайкеш бол» дейт. Көңүлүндө кири жок, өйдө-ылдыйды куп көргөн неме, чагымда. «Сени өзүмдөн кем көрбөйм» дейт. Ойлонуп туруп «көрөйүнчү» деп койдум эле. — Мадимардын кебин Паша да укту. Очок боюнда кыймылдабай ойлонуп калды.



— Курагы канчаларда бар?

— Чагымда, кыркка барып калган. Чачы агала. Нооча адам экен. Балбанга түшүп жүргөнбү деп ойлойм, — Мадимардын көз алдына Өзгөнбайдын көмүрдөй мойлоосу, тунук көздөрү тартылды.

— Пастан келгендердин көбү убадакөй, баракасы жок эле... Этият бол, күйүп кетип жүрбө. Ширин сүйлөп туруп эле аягында ачуу данек жедиргендерди да көрдүк го.

— Андай неме көрүнбөйт. «Ушул жума ылай жаткызабыз» деген. Айтмакчы, Алибай бийдин коргонун баалап алышыптыр. Мага баары бир да...

— Кимдин дейсиң? — Карынын уюп, талыган кежигеси түздөлө түштү, көздөрүнүн агы чоңойду.

— Алибай бийдин. Күзгө чейин бүтүрөсүңөр дептир.

— Устаң адашыптыр анда. Алибайдын зулумдугун билген эмес бекен?! Онун пейилин бу тегеректин эли беш колундай билчү эле, бирөө-жарымы айтып койгонго жарабаптыр да...

— Жоок, аба, чоң коргонду баалап берип аткан бий айныбас. Бакандай болгон төрт кишиге тил эмизсе...

— Элди зыгырдай кууруп, кактабай канын алган зулумга силер имне болуп калыпсыңар.

— Ким билет, үстү-башына, кеби-сөзүнө караганда уста оңойлук менен алданып кетчилөрдөн эмес,— деп Мадимар үшкүрдү.

— Этият иш, коргон баасын сурап, билип кой. Баа башын ачып алганыңар түзүк. Атабекке окшоп тетири оонаса, куру жалак каласыңар.

Көп сүйлөгөнгө күч келдиби, кары ыкшыды. Жөтөл демин коё бербей көгөрүп калганда ылайкеши башын жөлөп, жөтөлү кайткыча ичи эзилип, Паша апкелген сууну ууртатты.

* * *

«Түндүн бир оокумунда келгенимди имне деп ойлошот?» Мадимар Пашалардын эшигине жетпей токтоду. Жепирейген жалпак тамда кымбат адамдары уктап жатканын ойлогондо жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй согот. «Түн оодарып келгендей кандай зарыл иш? Тынччылыкпы?» десе карыга эмне жооп айтарын ойлоп, башы шылкыйды. Бетим кызарбай «Паша, сен тууралуу кеп угуп, түн жарымында келип калдым дегенге кантип оозум барат. Үндөбөйүн десем бүткөн тулкум күйүп-жанып баратпайбы. Мүмкүн, уккан кулакта жазык жок дегендей сөз чын болуп чыксачы... Дүйнөсүнө чиренген бийге сөз кай-

рый турган ушу мичедей карыбы же кызыл шыйрак балдарбы?.. Шорго туулган пенде экенбиз. Мынча келдим, кетенчиктебей болгонду-болгондой угуп кетейин».

Балдарды чочутпайын дедиби, тамдын жепирейген каалгасын аста түрттү. Тирөөч коюлуптур. «Жатаарда Паша бирдей бакан менен тиреп койчу эле» деп, эшикти билинер-билинбес чертти да тыңшап калды. Добуш жок. Жымжырт. Кайра какты. Катуураак. «Ким бу?» Пашанын доошу. Ойгоо жаткандай үнү сергек. Ылайкеш калтыраган үнү менен «Мадимармын» деди. Үй ичинен кийим-кечени шуудуру чыгып, тирөөч алынды да, каалга кыйчылдап ачылды. Мадимарга жагымдуу жыттын жылуу илеби урунду.

— Арыба, Паша. Тынчсыңарбы? Сарык абам түзүкпү? Уйкуңарды буздум окшойт...

— Жо-ок, жаңы эле жатканбыз, — Паша ичиркенип алды, — жатарда абам сизди эстеген. «Имне келбей калды экен. Коргонго катуу киришип калышкан го» деп отурган. Оозуна сала берген экен. Оокат ичип калды. Тузу жок атала чайсам кичине ичет. Кириңиз ичкери. — Кыз босогодо турбай кетенчиктеп, эшикти чоң ачты.

— Ушерден эле кайтам. Абам жаңы уктаса... Өзүң бери чыкчы, азмаз сөзүм бар,— деп жалындуу шыбырап ылайкеш кыздын жумуру, ысык билегинен сүйөдү.

— Кечкурун оокат кылдым эле. Ысык бойдон, жейсизби? Сөз болсо айтылар. — Паша төр жакка өтүп, түйшөлдү.

— Убара болбо, Паша. Кардым ток, — деп коюп Мадимар алыс барбай сөрүнүн кырына сүйөндү. Кары жаштардын шыбышын эшитип, тамагын тырмаган жөтөлүн жутуп турганбы, эшкелик тынчый түшкөндө ыкшып жөтөлдү. Мадимар турган жеринде катты. «Келгенимди билсе, эмнеге жооруйт кары...» Паша караңгыда кесе кагыштырып, карыга суу жуткузуп, о бир топтон кийин кычыратып эшик ачып, босогодон көрүндү. Тамды айланып, өрүкзарга кире бергенде аяк алдынан кара мышык мант берип, бут учунда келаткан Паша «эне!» деп Мадимардын кучагына бүрүштү. Кыздын толукшуган мүчөсүнөн келген жыт жигитти мас кылып эликтирди. «Айланайын, багыма жаралган жылдызым! Көзүмдүн тирүүсүндө сага эч кимди катылтпайм!» Өзүнө-өзү ээ боло албай кыздын үлбүрөгөн айжамалынан өпкөн сайын бою балкыган Паша: «Имне келбей кеттиңиз! Жол карап, эки көзүбүз төрт болду! Сагындык, карааныңызга зар болдук!» деп ичине шыкалган эңсөөсү сыртка оргуйт.



— Пашажан, мендиксиң! Эч кимге ыраа көрбөйм сени. Колума азмаз дүйнө кирсе абамдын ак батасын сурайм.

— Тилегиңиз кандай ак! — Мадимардын төшүнө жөлөнгөн кыз бактысына жетине албайт.

— Жаштын тилегин берет! — Мадимар ээлигип жүрөк сүйүнүчүн сыйдыра турган кеп таба албаганда Пашанын ээк алдынан утуру жыттайт.

— Паша, коргонду баштаганбыз. Уккандырсың. Бир тыным жок. Устабыз ар бир күндү эсепке алып, карыш жылдырбайт. Силерди ойлойм, силер жак учат көзүмөн! Ошентип жүрүп күтпөгөн кеп уктум. Алибай бийдин көзү сага түшкөн имиш... Угуп ишенген жокмун!

— Кимден уктуңуз?! — Паша баягы кара мышыкты экинчи жолу көргөндөй чочуду.

— Өзгөнбай устадан. А болсо бийдин жакын адамынан эшитиптир. О тойбостун колунан баары жок келет,— Мадимардын тиши кычырап, азыр келип калчуудай Пашаны кучагына кысты.

— «Багы жокко, дагы жок...» Туруп-туруп бу дүйнядан кечип кетким келет! Бийге токол болуп барганча өлгөнүм артык! — Паша ыйлады.

— Сен жалгыз эмессиң, Паша. Мен бармын! Сенин да сурап аларың бар!..

— Аке, сизге ишенем!..

— Менин Пашам, асманымдагы жылдызым!

— Кайталы, Мадимар ака! Атам ойгонсо кыжыл болот.

— Кайтабыз! Паша, сени бир кылым көрбөгөнсүп сагыныпмын...— Мадимар Пашанын ичке белинен имерди. Кыз толгонбой Мадимардын кучагына боюн кошту...

Таштан-ташка чабылып, көбүк аткан дайра шоокуму теребелди, дүпүйгөн өрүкзарды, ага артыла суналган бөксө тоо, жиги билинбеген сүрдүү капчыгайды күүсүнө термейт...

* * *

...Мадимар күндүн көзү көрүнө электе келди. Өзгөнбай жеңин чыканагына түрүп, арык боюнда даарат алып отурган. Маасынын тумшугун суу салаасы менен бир сыдырып, мурду учунда күбүрөндү да, Мадимарга бурулуп кол берди.

— Ишиңди бүтүрдүңбү? — Шакирти үндөбөй баш ийкеди. Уста бир карап эле анын шишимектенген көздөрү уйкудан калганын туйду. Үстүндөгү Сарык карынын жегдеси экенин эстей коюп, Мадимар кызарды. Өзгөнбай чар-

чысы менен бети-колун аарчып, ободосу чыккан боз үйдүн түндүгүн тартты.

— Кутпидин тургуча абдесте асып чайга урунайын,— Мадимар очокко чаткал калап, суу сузуп келмекке арык жакка басты. Эки бети дагы эле дуулдайт. Оюу да бир жерде эмес. Көкүрөгү түпөйүл. Кыялы чабыттайт. Кыялында Пашаны ала качат. Көз алдына жарым-жан кары, очок боюнда казан пайлаган балдардын азгын ыраңы тартылса, кең дүйнөсү бир жактан тарып...

Кечээ кеч жаткызган ылайдын суусу тартылып, бетинде самандары сербейет. Күн чыкканга билинер-билинбес буу көтөрүлгөнсүйт. Таңкы аба жылып, арык боюндагы жалбыздар жылтылдайт.

Мадимар Кутпидин экөө ылай тебелеп, Өзгөнбай дубал кырын ченеп, кайтып иш кызыды. А ылай бышырыш чекене ишпи. Мындайга амалкөйлүк кетпейт. Жеңилге какене ишпи. Мындайга амалкөйлүк кетпейт. Жеңилге качырсаң өзүңдү-өзүң алдаганың. «Ар ким кылса, өзү үчүн» деп коёт Өзгөнбай. Кол үчүн тийгизип, ылай жаткызса деле болот. Бирок, андай ылай менен эки пакса, ашып барса үч пакса урасың, анан кылганыңдын артыгы чыкты дей бер. Тактай пакса чарт-чарт жарылып, үстүңкү кабаттарын көтөрө албай бой таштайт. Эптемей иштин ойрону чыкканда мандикерлердин биринин кеби бирине жакпай, кер-мур айтышмак мындай турсун, кызыл-чеке жакапай, кер-мур айтышмак мындай турсун, кызыл-чеке жакалашканга чейин баргандарга Өзгөнбай өзү күбө. Көрбөгөнү калдыбы. Агала болгон башынан канча калба өттү... «Аз кылсаң да, саз кыл» деп безилдегенинче бар. Бийдин жүзүн көргөндө эле анын колунан жакшылык келбей турганын, коргонунан, саалчалык кемтик тапты, ортодогу түйүндүү кепти аттап кеткенден кайра тартпаганын билген үчүн жанындагыларды «кылганыбыз саз болсун» деп жатпайбы.

Мадимар менен Кутпидин камырдай ийленип, ыраңына чыккан ылайды алмак-салмак Өзгөнбайга ыргытып, пакса учу узарат. Күн төбөдө куйкалап, устанын жегдесинен өйдө чечтирип, көлөкөдө турган ылайкештердин чекесинен салаа-салаа тер кетти. Кол талып, бел уюганда көлөкө качырып, муздак чай жутушат да, «тер катыса муун бошойт» дешип кайра ишти токтотушпайт. Пакса жарымынан оогондо ат ойнотуп, эки-үч жигити менен Алибай бий келди. Алыстан эле заңкылдап, устаны жактырбаган түрү бар.

— Өзгөнбай, сен жөнүндө түзүк кеп угуп, убадага катуу дегенден ишенсем, ныксырагандай иш кыласың! Тогуз паксалуу коргонду бир айга жеткирбей колдон чыгарат



дегенди да эшиткемин. Таш баканын кыбырына салып, дубал урганың кандай?! Айтып коёюн, коргон канча тез бүтсө, акыңарга үстөк кошом...

— Биздин оюбузга койсо, коргонуңузду бир аптадан чыгарбайбыз, бий. Дубалды урса, усулду урсун деген кеп бар. Мынабы мен минип отурган пакса какшып кургамайын, үстүнө ылай койгон тобокелчилик. Дубал эртеси боюн таштайт. Сиздики мындай турсун, көргөн-уккан элдин наалатынан коркобуз.

Бий өкүмдүгүнө салып, кыр көрсөтө албады. Устанын айтканынча бар да. Өз ишин билген немеден сөзгө жыгылып, сынып каларын ойлоп, бий кеп жаңыртпады. Өзгөнбай да маңдайында ит турабы, куш турабы, иши болбой бир калыбында төмөндөн ыргыган ылайды барбайган манжалары көз ачып-жумганча паксага умачтайт. Мадимар ылай сайган күрөгүн күүлөбөй, кез-кез көзүнүн төбөсү менен бий тарапты карап коёт.

Санаасы уйгу-туйгу. Нускалуу кебине муюткан Сарык карынын сырдана, үмүттүү элеси Паша менен өрүкзарда айкалышып турган учуру менен алмашат. «Сизди күтүп, эки көзүбүз төрт болду» деген сагынычтуу доош угулат кулагына. «Тилегиңиз ак!» деген Пашанын арман сөзү, жан сыры жүрөгүн эзип турбайбы!

Маңдайындагы күпчөктөй дүйнө делөөрткөн көк ала сакалга кадалып тура бериптир.

— Ыы! — Бул Өзгөнбайдын «келе» дегени. Мадимар күттүрүп койгон. Бел күрөк менен ылай кесип, устага ыргытты. «Ыы!» устанын «ылай» дегени. Ничке күрөк ылай кесет... Устанын тери паксага кулайт, ылайкештики чуңкурга тып, тып... Пакса билинбей узарып келет.

Устанын шамдагай колуна сугу түшкөн бий ээрге кыйшая сөз эрмектейт.

— Бу акжолтой коргон болот. Той өткөрөм мында, Өзгөнбай! Элдин көзүнчө үстүңө тон жаап, алдыңа ат тартам. Ондой сыйды эч кимге көрсөтө элекмин.

«Ыы!» Өзгөнбай тиштенип, ылай сурайт. Чеңгелиндеги чоң үзүм ылай менен бийди атып ургусу келгендей күүлөнүп, болгон күчү менен алдына чаап, мыжыгып жиберет.

— Имне үндөбөйсүң, кебим жакпадыбы?.. Катыныңды куп сагынган бейимсиң?! — Тегереги үзөңгү тээп каткырды. Бий наша тартчу. Ошонун кумарыбы, өзүнө-өзү ээ боло албай, атынан ооп көкүрөгү токтобойт. Өзгөнбай чыдабады. Ылайлуу колу менен чекесиндеги мончоктогон терди шыпырып:

— Ылай иши бекерчиликти сүйбөйт, бий. Бизди алак-

сытпаңыз! Коргонду айткан мөөнөтүндө тургузсак болобу,— деди жини менен.

— А бу кандай, колунан бир иш келгидейби? — Бий бөлөк сөзгө көчүп, керилип өйдөгө ылай ыргыткан Мадимарга камчысын сайды.

— Мадимарда өнөр бар экен. Бу ийлеген ылайды ура бер! Накта уста экен бу бочойлук.

— Көп мактаба, «мактаган кыз тойдо осурат». Бочойлук болгондо, кимдин уулу экен?

— Жангара деген шыбакчы өткөн имиш. Дайранын өйүз-бүйүзүнө таанымал киши экен.

— А эстедим, бу баягы келгин Жангаранын жетими турбайбы. «Өлбөгөн кулга мал бүтөт» болуп, минтип, өзү нанын таап жеп калган турбайбы. Атасы силер тараптан ооп келген тентиме эле. Оозуна чөп албаган кудайдын бир момуну эле. Ылай шыбактын имне экенин биле элек чагы болсо керек. Отун терчү. Канар кабын колтугуна кысып, адырма-адыр малдын жалпайган тезегин чогултуп, ар кимдин эшигине келип таштайт. Колунда барлар ун-талкан, кээси дан, нанын карматышчу бечарага. Ошого кайыл жүрдү. Бир сапар базар аралап жүрсөм, ошо кургур бир өзбек соодагердин мушун жеп, сөгүшүн эшитип, көзүн жалдыратып турат. «Имне иш кылганына казаптап атышат экен?» деп бирөөнү жиберсем, «уурулук кылыптыр, бир бышык тукумду көрсөтпөй кымырып алган имиш» деп келди. Ошондо бастырып келип, соодагердин алдына бир теңге таштадым да «аларыңды алдың, бу мусапырды коё бер» дедим. Кийин дагы бир жолу канар кабын көтөрүп, адыр этегинде жолукту. Башын жерден көтөрө албайт. «Үйлөнсөмбү дедим эле» дейт,— Бий чалкалай калып каткырганда тегереги сүрөп кетти.— «Оо кимге, жетимчем, кимге, айт!» десем, «Ким болсо, ошо болсун, мага катын болсо болду» дейт. Көзү бозоруп, бойдок кумар бечаранын бүржөлү шайын оодарган экен.— Мадимардын алдынан жер көчүп, ылай эмес коко тикен тебелеп аткандай бийдин сөзү мээсин зыркыратты. Тиштенет. Үндөбөйт. Бий шилекейин чачыратып, тантык кептин кулагын чоёт.

— Тегеректе чарекер-кембагалдар көп эле. Биринин бойго жеткен кызын бир токту, бир кап унга баалаштым да жетимдин койнуна салдым. Этегинен жалгаганга даба жок экен. Жыл айланбай мынабы ылайкешти тууп салды...

Элеси эсинде калбаган менен көкүрөк сүтүн берип, итче тиштеп чоңойтуп, анысынын убайын көрбөй көзү өткөн ата-энесине айтылган акаарат Мадимарды шибегедей сайып, бийге кеп кайрыды.



— Ата-энемдин арбагын тынч коюңуз. Айтпасаңыз да билебиз. Атам босогоңузда ит көрбөгөн күндү көрүп өлгөнүн неге айтпайсыз. Аяздын кырк жамак алачыгында эки өпкөсүнөн кагынып, кеселинен оңоло албай көз жумганынан да кабарыбыз бар. Ошо «жакшылыгыңызды» имнеге айтпайсыз! — Ызаага муунган Мадимар айтчусун айтып салды. «Кара булуттай түнөргөн Алибайдын жини кайнамактан кайнасын» — деди ичинен.

— Ошондой де, койнумда котур ташым, сүйрү башымда сасыткы ойлорум бар дебейсиңби, келгиндин тукуму. Муну кайсыл көңүлдөшүңдөн эшитип жүрөсүң?!

— Кудай берген кулак бар, эшиттик эшитчү адамдан. Эл бар экен...

Бий кутурган букадай, атынан өбөктөй чуңкур ичинде ылай сайган Мадимарга ынтылат.

— Эл болгондо ким?! Көргөн көзүн оюп, уккан кулагын шылыйым! Ким экенин азыр айткын же арам оюңдан чыгардыңбы?

Мадимар чакчаңдаган неменин каарына кулак салбай күрөктү Кутпидин менен алмашты да, өзү кетмен алып, топурак уратып кирди. Анын ордуна Өзгөнбай унчукту.

— Бий, «баланын иши чала». Кебинин баш-аягын билбеген бирөө-жарым калп-чынды койгулаштырып, айтса айтып койгондур, өксүк жүргөн неме көкүрөгүнө жакын алган турбайбы.— Бий устанын сөзүнө такаат кылгысы жок. Көк-ала сакалы бириндеп, түктүйөт.

— Жалчыбаган келгин, унчукпайт экенсиң жонуңан кайыш тилдирем, ошондо сагызгандай сайрайсың!

Өзгөнбай Мадимардын минтип айтарын билген эмес. Сагалап турган жигиттер ал десе эле ылайкешти басып жыгылганга даяр турушат. Ала топусун кежигесине түртүп тыным алган уста ылайкешине көз ымдады. Бирок, кексе немени жаңсоосун ылайкеш байкабай «жылан куйругун тепсесе, жамандык кесири бизге тийип жүрбөсүн» деген кыжыл ой устаны тыбырчылатып жиберди. Мадимар болсо айтканын бербейт. Тайманбайт.

— Мени аркы дүйнөгө өткөрүп жиберсеңиз да, айтканым айткан,— деп турбайбы. Өчүгүп алыптыр. Таноосу кыпчылган бийдин аты ооздугун кемирип, тегеренет.

— Жигиттер! — деп кыйкырды. Үзөңгүдө бут саздап, баятан даяр турган лөкүйгөн жигиттер шапа-шуп жерге ыргышты. Өзгөнбай карап турбады, минип отурган дубалдан секирип, үчөөнө аралаша түштү.

— Бейбаштарыңды токтот бий! — Өзгөнбайдын үнү өкүм,— муну өлөрчө сабатканың менен мага ылайкеш ке-

рек. Паксага күч берген ушу Мадимар. Коргон тез бүтсүн десеңиз, камчы көтөрбөңүз!

Бий Өзгөнбайды болушат экен деп күткөн эмес. Камчысын түшүрдү. Кан-сөөлү качкан жүзүн мылжыйтып устага бурул, камчы кезеди.

— Өзүңдү, өнөрүңдү сыйладым, болбособу!.. Бу шиши толгонду кийин көрөм, тилин кайрап турсун!..

Алибай бий жигиттери менен кыйла жерге чейин желдирип, анан ылдый түзгө кирип, көрүнбөй калышты.

Уста паксага минди. «Ыы!» бул ылай дегени. Көкөлөй ылай ыргыйт. «Ыы!» дейт уста. Ылайга тер тамат...

* * *

Күн-күнгө тогошту, ай-айга оошту. Мезгил күзгө таяды. Коргондун эки паксасы калды. Дубал бою бийиктеген сайын бир кулач пакса уруу тозокко айланды. Белден кубат качып, уста өзү баш болуп, ылайкештер да мурдагыдай эмес. Ылайдын «леп», «леп» ыргытылышы кыйындап, бел күрөк утуру колдон-колго өтөт. Топурагы алына берип, коргон түбүндөгү чуңкур адам боюн көмөт. Кутпидин Мадимар экөө саар-кеч замбил колдошуп, аңга топурак төгүп, ылай чылашат. Коргон шаңкая көккө умтулуп, аң болсо тереңге кетип, ылайкеш менен паксачынын ортосу алыстайт. Дубал минген, аптапка күйгөн Өзгөнбай саргайган топусун желкесине түртүп, «ыы» дейт. Ылайкештерин шаштырат. Устаны убакыт шаштырат. Үйүнө кемде-кем каттап калган. Бир ай болду чыгынып барганга, ай-күнүнө жетип турган аялынан, жол караган балачакасынан кабар алганга чолосу тийбейт.

Күн ысык, үлп эткен жел жок. Алы куруган Кутпидиндин ыргыткан ылайы устасына жетпей төбөсүнө кулайт. Кээсин Өзгөнбай абадан эңет. Эмне кылат анан. Көрүп турат, ылай бакыбат жигиттердин кубатын соруп атканын. Же оокат-аштын мааниси жок. Эки-үч апта аттатып, бийдин жигиттери бир кап кара катырма, куржун көзү күрүч, койдун жарты этин таштап кетет. Кээде, чаланка сүзмө жеткиришет. Күндө бир маал күрүч шүлдө же палоо басышат, болбосо катырма туурап, ичиишкени кайнатма шорпо.

— Ыйыгыңар чыкты. Бир пас дам алгыла! — деп Өзгөнбай курун чечип, жүзүн аарчыды. «Коргону башынан калсын!» деп Кутпидин турган жерине чөктү.

— Бүтөр... Бешимге чейин мынабы муунга жеткирип койсок. Чалаптан жутуп алгыла. Жаныбар күн дагы саратан маалындай куйкалайт да...



Сыз жерден келген салкындык талыкшыган денелерди чыйралтты.

— Муздакка жөлөнбөгүлө, алдыңар сыз,— Өзгөнбай бийик шаты менен ылдый түштү. Муздак дубал минип отурганга бүткөн бою уюп, тарамышы тырышкан буттарын жазып, ары-бери басат. «Бирөө келаткан жокпу?» дегендей колун чекесине алып, те закым көтөрүлгөн адыр этегине кадалат. Жол караган устасынын көңүлүн улап Кутпидин:

— Ишке жаңы түшкөнүбүздө ат тезегин кургатпай кабар алчу бий коргону бүтөөрдө карaанын көрсөтпөй, көздөн далдаа жүрүп калды. Бу имнеси, уста аке?..— деди.

— Жигиттерин болсо да жиберет эле. Бу имнеси?..— Мадимар да аң-таң.

— Бир адиса болгон го,— деп Өзгөнбай да өзүнчө күмөндөр.

— Мээнетибиз күйүп кетпегей эле, акыбызды өндүрө албай бий тарап менен жылоолошор бекенбиз,— деп Кутпидин да камтама. Уста баягысындай эле сабырдуу. Шатыга бут койду.

— Онтип оозуңарды куу чөп менен аарчыбагыла. Али эч нерседен дарек жок. Тургула, күн эңкейди. А-бу дегенде колду суутуп, бүтүп калган ишти кетенчиктетип алабыз.

— Акыбыз күймөктөн, ачкарын талаада калсак да сасыган бий үчүн чымын чакканчалык болбос.

— Кызыксыңар, бешенеге имне жазганын билесиңер! Анчалык асан кайгы болбогулачы, коргон бүтүп бараткан-да бошошконуңарга айраңмын,— деп дубалга минип, эки аягын салаңдаткан уста күлдү,— кана, ылайыңар катый электе, ыы!

Мадимардын көңүлү чөгүңкү, күндөн-күнгө ишке илеңсалаң. Эси-дарты коргон бүтсө көздөн учкан Пашасына жетүү. Күн эсептеп, сагыныч ээликтирет. Устанын сөзүнө бир ишенсе, бир туруп ишенбей кетет. Бир ою «чарыгын сүйрөгөн кембагалдын кызына бийдин мурду бүтүппү? Жок жерден чыккан ушак-айың» десе, бир ою ага каршы— «сулууга кимдер арбалбайт. Алибай Пашанын ыраң-сымбатына азгырылбайт, көзүн кызартпайт деп ким айта алат...»

Такымына түшкөн кош өрүмүнүн бирин кармалап, кирпик кайкалатып жоодураган Паша элестеп, Мадимар кетменди жерге матыра чаап, болгон жинин ошого чыгарат.

* * *

Алибай бий ошол тапта эки кат шайы балышка жамбаштап, колун чекесине сөйөп ойго термелет. «Атандын көрү, бу жарыкчылыктын ырааты — чүйгүн оокатка ооз көрү, бу жарыкчылыктын ырааты — чүйгүн оокатка ооз майлап, дүйнө тиреп, шапар тээп-куунаганда деп жүрүппүз да. Жашчылыкты кара. Бешенесин сылар туягын болбосо жыйып-терип кураганың кимге? Кайран өмүр көз ирмемге чак келбей, зымырадың го. Насип экен алтымыштын ырыскысын таттык. Ушинтип эле турар белек, өмүргө күүгүм кирип, камчыбыз төргө илинсе кудай көрсөтпөсүн, мал-мүлкүм жамбашымдагы токолдордун таламайына түшөөрүн ойлосом ичимден кан өтөт. Камчымды сүйрөп, артымда мураскер калса, бу дүйнөдөн өзүм өтсөм да көзүм өтпөй байлыгымды күүжүм басат эле, «башта бир арман болот» деген ушу турбайбы...»

Ылайкештин кызын эстеди. Козголду. Бирөө-жарым оюн билип койчудай жан-жагына алактап, көк ала сакалын уучтайт. «Ырaц деп ошонукун айт, бел деп буралган ошонун белин айт, тобба. Кем ырыс чаракердин төрүндө туулган айперинин чырайына, теңирдин жоомарттыгына жаканды кармайсың».

Бий Пашаны көрүшүн көргөн. Кумардуу тиктеши, коңгуроодой доошу көкүрөгүнө чок ыргытып, көрпөң денесин чымыратканы, нур жүзүнө, тал чыбыктай келбетине сугу түшкөнү ырас. Ууга чыгуу кумары сууп, жарым жолдон тизгин тартканын кошо бастырышкандар билбей койду дейсиңби.

Жол боюндагы бакандап суу көтөргөн кыздын кара тору жамалы жанын тынч алдырбай бaратканда алаканын чапты. Босогодон жигит көрүндү.

— Кимсанды баш кылып, жеңеңдерди быякка чакырчы, чогуу киришсин,— деди. Жигит жыландай сойлоп, бут учунда чыкты. Бир аздан соң, куру жөтөлүп, улуу байбичеси Кимсан эки токолду ээрчитип, боз үйгө кирди.

— Арбаңыз,— деди байбичеси. Көлөчүн улага тушка чечип төргө, бийдин жанына чыгып олтурду. Токолдору анан ылдый жай алды. Бий бир тиктеген жерин теше тиктеп, козголбоду. Экинчи зайыбы — Толгонай. Ээк алдын бырыш басып, жаагы шылынган менен үнүндөгү жалын өчө элек. Алибайдын босогосуна он сегизинде келип, тоо өтөрдү. Акылы өткүр, өнөрдөн да айткан экен. Ооз комуз какчу болсо боз үйдү бойлоп Толгонайдын кумардуу көзүн бир көргөнгө зар болгон бозойлор мынан көп. Эшик алдындагы жалчыларга каралашып, зарыкта колунда болгонун кармата берет. Бийдин токолу дегени эле болбосо, айкөлдөгү, тил билгилиги жанда жок. Анын марттыгын байбичесинен угуп, бий ооз ачкан эмес. Ооз ачканда эмне дейт. Толгонайы көзүнүн агы менен тең айланып, айткан сөзүн кулагына сөйкө кылып, нускалуу жүрсө бий анын мышыгын «пыш» дейби. Этек жакта майда өрүм чачын эрмектеп, болор кеп менен иши жок тыныйган жаш токолу Айбаладан коркот бий. Көп ишенбейт. Төрт гүлүнүн бир гүлү жаңы ачылган токолдун кирпиктери кайкалап, карагаттай көздөрү жалжылдай тиктесе, ичине таруу айланбаган бийдин кызганычтан күйбөгөн жери күл болот. Чокусун тиктесе калпагы кулаган чынардын жанында өзүн тамырына суу жетпей, куураган теректей сезип, «аттиң карылык, бадан табын сууттуң, сулуу көрсө, шумкардай шаңшыган жанымдын эми бел түзөөргө дарманы жок, өзүмдү-өзүм ташка ургум келет» деп күйүгөт. Күйүкпөгөндөчү... Көзү көр бекен, билип-сезип турат. Айбаланын мөлтүрөгөн ээриндери сууланып, мүчөсү жайылып, кумардуу карашынан селкилик эңсөө төгүлүп, тегерегине кылактай караганын кантип көрмөксөн болот. Азыр да Айбаланын кара кемзелин чытырата тиреген көкүрөгүнөн, жумуру билегинен көзү өтүп кызганычтан айтар кеби оозунан түшүп олтурат.

— Силерди чакыртканым, масилеттешчү иш чыкты, байбиче. — Бий тамагын түзөп, сабырдуу боло калды. — Тил учунда жүргөн кебимди көкүрөккө беките аламбы? Көздү көрүп, тил билги туюп жүрсө. Бу дүйнөдө жайдакмын, жалгызмын... Силерден туяк айтпаптыр...— Бий көз кычыгын сүртүп, сакал түбүн кашынган болду,— «төшөк жаңыртсаңыз кандай болот» — дешет кээ бир көңүл жакындар. Буга кандай дейсиң, байбиче? — Ой термеп отурган Кимсан байбиче оозун таптап келатканда бий аны сүйлөтпөдү.

— Ынасаңар, эмкиси жалчы-кедейдин, бечералуу нерсенин кызы болсо... Бешенеме жазып, бой-союна бүтүп каган болсо ушу жыйып-тергеним түгөл силердики. Не дедиңер буга?.. — Алибай бий кытмыр көзүн кыбындата кийиз бетин чукуп, дардисаар отурган эки токолун чолуй карайт.

— А өз ишиңиз, бийим. Шуга чейин сөзүңүзгө туура чыктык беле? Оюңузда болсо, ону жасай бериңиз. Этегинен жалгаса, жардыдан мураскер тапсаңыз, ырыскы тапканыбыз ошо. Ыктыяр өзүңүздө, оюңузда болсо... — Байбиче баарына кайыл. Эмне кылат анан. Кезинде андан

сурабай-этпей эле Толгонай менен Айбаланы үстүнө кийиргенде туйлап, тетирленип бийди жылаандай көрүп, ичинен кан өткөн бечара жаш токолдорду кайра-кайра өгөйлөтүп көргөн. Эмне тапты? «Пейил-куюнду оңо, о кем ырыстыгынды калтыр, кесириң тиет» деп ак өргөөсүндө бийдин колунан камчы жеген. Ошондо ал койнундагы бий жан шерик эр болуп жарытпасына көзү жеткен. Муздаган дененин айтканы ошо да: «ыктыяр өзүңүздө...»

Ал эми эки токолдун оюн ким билсин, тиштерин-тишке басып, «пыңк» этkенге жарабай тизелерин кууштура ээк жөлөп, мүргүшөт. Айла канча. Айбала түшүнөт. Мукурап жүрүп, акыры көндү го. Бий аны менен анда-санда түнөгөнү болбосо байбичесиникинен чыкпайт. Келсе да, эркелетиш мындай турсун, кебинин жылуусу жок, копол каруута салып, кумарын кандырат да, делебеси жаңы козголгон, денеси от болуп жанган келинди келекелегенсип, чалкасынан кетип, коңурук атканга зор. Жаздыкты аткый кучактаган жаш токолдун боюндагы кумары суубай жуурнандан суурулуп, дардайган күйөө сөрөйдү аттап, кулакмээни көзөгөн коңуруктан безип, ти короо четинде түн күзөткөн бозойлорго карап жүгүргүсү келип, намысынын күчүнөн гана карманып жатып көзү илинет.

Ошондойбу, Айбалага кеп төркүнү бейтаасир. «Өз арбагын өзү согуп отура бербейби, ары жок» деп ичинен күндөшүнүн макул кебин ичтен жактырбай көздөрүн ага жебе кылып кадап коёт.

— Кепти уккан жерге, сууну сиңген жерге сеп дептир. Сөзүм сага жетти окшойт, байбичем. Эсен болсоң, сен мага ашык атасың. Тилегиң ак. Кыз кезиңде өңөрө качып, кыз абийириң менен алдыма келгенсиң. «Эски дос эстен кетпейт...» Калыс кебиң түйшөлгөн көңүлдү жазды, ыраазымын. — Бий жамбашын жерден алып, малдаш курду. Көөнү ачылды. Кимсан элечегин түзөп, Толгонай соорусуна түшкөн чачмончогун кармалап үндөбөйт. Айбала сумсайыңкы.

— Айтмакчы,— бий топусун желкесине түртө, сакалын тутумдады. Жүзүндө болору-болду кепти ачыкка таштайын, оюмду туура түшүнүшсө экен деген сабыркоо бар.— Кыздын төркүнү эзели этеги бүтөлбөгөн чор тамандар. Бийдин токолу болуп, төрүмө чыкпайт, босогомдо отунум менен кирип, күлүм менен чыгат. Менменсинсе, чокунун таяк кетпейт. Такымы канап, перзент көрсөткөн күндө да көргүлүгү ошо. Үйүмдүн куту мына, силерсиңер!

Нечен кептин ажаатын ачкан, нечен жердин кыйырын баскан, нечен көкүрөктүн сырын ачкан митаам бий зайыптардын үчөөнүн тең көңүлүн алдым деген үмүткө жетелениш, чекеси нымшыды. Айбала терең улутунду. Жаш жүрөктүн толгоосун картаң журөк кайдан туйсун...

* * *

Түн ооп кеткен. Коргон ат чабым ыраактан калдайып, сары топурак дубалы боз кеметей желбегейленген баатырдын төшүндөй кайкалайт. Өзөн боюнда тигилген боз үй дымып, түнкү сыдырым очок түбүн желпий, жылт-жулт учкун кыпындайт. Төө чепкенин айкарасынан жамынып, Өзгөнбай уста төрдө. Жаздыкка башы тийди коңуругу коштой, көзү умачталат. Чечинбей төшөгүнө бүкүлү кыйшайган Мадимардын көздөрү ай нуруна жуурулушкан тоо кыркаларына тепчилет. Кийинки күндөрү Кутпидинден да уйку качты. Аргөйгөлүү жандын уйкусу болобу. Зааркана ой чегет. «Эртең бүрсүгүнү коргондун акыркы паксасын койсок, үч айдын акыбети напма-нак колго тийсе, бу ээн талааны желкемдин чуңкуру көрсүн».

— Акыбызды күүжүм бербейт экен, мынабы колум менен энегин жулуп алам, — деп кыжынган Кутпидин ылайдан сууктап, шишик алган колдору менен жер муштады. Мадимар курдашынын кекенгенине үшкүрүп койду да, пахтасы чубалган эски ободону үстүнө тартты. Ага үзүл-кесил жетип жаткан дайранын буркан-шарканы сыйкырлап, ти өйүзгө азгырып, Пашасына шарт туруп жөнөп бергиси келет. Ал күн каякта... Убакыт зыктап, миңтип шаштыны алган маалда ким аны коё берет.

Устага кыйын болду. Аягын эптеп эле шилтеп калды. Кечкурун алдындагы оокатын түгөтө ичпей, аяк серппей жыгылат. Таң ата элек ылайкештеринин төшөгүн сыйрыйт. «Уйкудан атаңар өлдү беле?! Баласыңар... Таң атар-атканча балдарым тегеректеп «аталап» этегиме жармашып чыгат. «Бизди кошо ала кетиңиз, жок дегенде суу кайнатып же колуңузга суу куюп бергенге жарарбыз» дешип бура бастырышпайт. Ойгонсом экен деп жандалбастайм... Ушу коргонду колдон чыгарсам дегенде эки көзүм төрт» деп какшап-какшап алат.

* * *

Бийдин «бөрк ал десе, баш алган» жигиттери кылгылыкты кылды. Түн катып келип уйкуда жаткан Пашаны пырпыратып басышты. Кой дээр кожосу жок ээнбаштар өнбөй жүргөн аласасы бардай кызды төшөгү менен бурдай көтөрүп, томолонуп жол тоскон жарым-жан чалды

...ал, чырылдаган балдарга карабай эжесин атка өңөргөн бойдон түнду жарып, дүбүрөп жүрүп берди.

Көзү шишип, өң-алеттен кеткен Пашаны ак кымкап көшөгө ичине бурдай сүйрөп киргизишти. Өңгөчүн созуп, солкулдаган Пашанын тегерегинде келин-кесек карышкан манжаларын жаза албайт. Солуп, төрдө тоголонуп калган атасын, уясы бузулган балапандардай чырылдап, дооштору сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткен инилерин эстеп: «Өзүмдүн багымдан көрөйүн, бакандап ошолкеч суУга барбай өлөйүн, шайтан азгырган мени ошондо, суУга барбай өлөйүн...» деп заманасы куурулат.

Жан адамга билгизбей нике кыйдырып, эл көзүнө токолу эмес, үй кызматында жүргөн адамындай кармап жүрөрүн күн мурунтан чечкен бий арыдан-бери башына эки карыш дура орогон молдону алдырды.

Пашанын көктүгүн көрүп ал. «Бээ десе, төө деп» молдонун эсин эки кылды. Никеге бой салбады. Бу кордуктун капасынан кутулган күндө да, жакын адамдарынын жүзүн көрөбү, жокпу ким билет. Теспеси менен көшөгө этегин чаап, нике ыраазычылыгын сураган молдо менен алымсабак айтышканда не пайда... Паша молдонун кезектеги суроосуна болгонун-болгондой айтып салды. «Эртеби-кечпи белгилүү боло турган иш, мен кимдики экенимди билип алышсын».

— Курсагында никесиз бүткөн бала бар имиш, бу канакка?!.— Молдо өңгөчүн тартты.

Баятан бугу ичине толуп-ташып, молдонун этегин басып отурган бий жылан чаккандай чочуду...

— Имне дейт, бу бетпак! Имне дейт, бу оозу-мурдунан каны келгир! — Бий көшөгөнү бир серпип, жылаңачтады. Паша тилин тартпайт. Бийди көзгө чапты.

— Көңүл каалаган адамым бар. Менин пайым сен эмес! Бошот. Таң атса, элге-журтка шермендең чыгат.

— Кыздын каны качкан иреңинен, оттуу көздөрүнөн түңүлгөн бий:

— Эс үйрөтпө мага, каапыр! Төрүмө чыгарып, туурума кондурам деп тилек кылган мен акмакмын! — деди. Безгек баскандай калчылдап, колдору Пашаны муунтчудай арбаңдап жатты.

— Астапыралла, башыма жүн чыгып, жылаандай ышкырган мындай ургаачыны эми көрүшүм. Сабыр кылыңыз, кудайдан жөө качкан мындай немеге кол көтөрүп, мартабаңызга шек жугузганыңыз болбойт. Мындайлардын жазасын кудай табат. — Селдесине чок түшкөн молдо бийдин алдын тосту.



Алибайдын чакчырылганын көргөн адам «муну жин уруп кетти го» демек. Кундуз ичигин өйдө серпип, Пашанын тал-тал өрүлгөн кундуздай чачынан, кызгылт-мала бөйтөйгөн эрининен көзү өтүп, көөнүн арам ой көзөп бир отура албайт. Ата көрү, алдырарда жаздырар деген ушубу, төшөк жаңыртам деп өпкөм көөп, аягы суюк шермендеге туш болдумбу? Алтын уучтайм деп, күлдөбөнү чапчып калдымбы? Эл укса, имне дейт. Достон көп душман бар. Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болот деген ушубу. «Бөрү баласы ит болбойт» деген ырас экен» деп түтөгөн бий Пашаны баш көтөртпөй тебелеп жибергиси келет.

— Ошо, көңүлүңө куп жарашкан адамың ким? Мынча болду, ачык айт. Жаныңды жесең, бу дүйнөдөн эр албай, кара далы болуп өтөсүң, жүзү кара!

— Көңүлүм каалаган адамым — Мадимар! Ортобузда иш болгон...

— Тобба, имне дейт, бу оозуна кан толгур! Жытташканың ошо томоякпы?!

Молдо жакасын кармады. «Астапыраллаа!»

Алибай бий калашин унутуп, сыртка маасычан атып чыкты. Локуйган сөөк-саактуу, долу жүз жигити көлөкөдөй жылып жанында.

— Бу кара бетти атка өңөрүп, жаңы түшкөн коргонго алып жөнөй бергиле. Элден мурун, молдону аттанткыла, караанын өчүрсүн. Бул жерде болгонун көргөн-уккан жан болбосун. Өзүнөн кеп чыгарбайм дедирип, касам ичирип, акреттик сөзүн алгыла. Шашылгыла, таңга жакын калды...— Колун бооруна алып кетенчиктеген жигит жер жуткандай жок болду. Бий басар жагын билбей калды. Көзүнө кара чаар жылан чабылгандай селейген боюнча койнуна котур ташын катып турду. Мындан бир аз мурда эле дүйнөсү түгөл, шайы көрпөчөдө дене-баданин чымыратып, көңүл кушун өрөпкүткөн учурду күтүнгөн бий азыр шыргалаңга жылаңач түшкөндөй ык тутат. «Карап тур, ошо кучагыңда оонаган куу этегиң казган орго тирүүлөй көмдүрбөсөм, чыйрыктырган кегим эки дүйнөдө тең канбас. Карегиңе турпак толтуруп, үстүңдү тебелеттирбесем, Алибай атым өчсүн...»

* * *

Үзөңгү кагыштырган үч атчандын жүрүшү шагдам. Туяк алдынан, уясынан чочуган торгойлор пыр-пыр учат. Ээрге арта салынган Пашанын анда-санда кыңкысы угулат. Чачы жазылып, түнкү сыдырымга кара желек. Дармансыз колдору аттын буттарына чабылып, сүйрөлөт.

Жугундукорлор ага карайбы, кызды көмкөрөсүнөн жаткызып, эси оогончо тепкиге алышат да, жарым-жан немени куржун кылып атка артышкан.

Кашка күлүгүн желдирген бий коргонго бута атым калганда жигиттерине жете келди. Пашаны өңөргөн аттуучанды жандай бир нерсе дегендей болду эле калгандары тизгин тартты.

Коргонго бий өзү баштап кирди. Аттар ооздуругун кемирип, жээлигип кошкурунса коргон ичи жаңырат. Алибай күлүгүнөн түшүп, коргондун түпкүрүнө басты. Терең аңга жакындап, бут учуна урунган ташты тээп жиберди. Адам бою ылдый түпкүргө көз курчу жетпей бий далысын сүзүп токтогондорго кайрылды.

— Ушундай түшүргүлө!— Намерикан өтүгү баскан сайын кырчылдап, кулак-мээни көзөйт. Келтекке уугуп, кыймылдарга алы келбеген Пашаны бийдин алдына сүйрөштү. Бий камчы менен Пашанын ээгин көтөрдү.

— Бетпак, калган жаның мынабу чуңкурда чыксын. Сенин көрүндү ошо «ашыгың», этегинин пеши жок, бармак басым эси жок томаягың казганын, буерден коргонума ылай алганын билерсиң. Билбесең билип кой! Абийирин сактай албай курсагына никесиз бала байлаган шермендениң өлүмү ушундай болот!

Сөздү элдир-селдир эшиткен Пашанын кулагы чыңырды. Көзүнө бозоруп эч нерсе көрүнбөйт. «Мадимар салган коргондо турабызбы... Өздөрү каякта? Мадимарды көзүмө бир сүртүп, эки ооз сөзүмдү угуп калгандачы, атаганат...» Бою сыйгаланып, жумшак топуракка тийди. Бетине муздак тамчылар чачырады. Ичиркенди. Дагы чачырады... Кыздар менен сууга барганда, шыйрактары какшаганча дайра кечип, топташка сакадай ак таштарды теришчү. Таш издеген кыздар азилдешип, ара-чолодо суу чачыша кетишчү. Муздак суу денеге чачыраганда бел кайкалай, качарга жер таппай каткырышчу. Паша эс-учунан таныл баратып, дайра жээгинде жүргөнсүдү. Дайранын шоокуму угулбады. Өзүн селде калып ала салып, тумчугуп жаткандай жандалбаска түшүп боюн көтөрүүгө ынтылып жатты...

...Алибай бий колго турбай теңселген Пашаны аңга түртүп жиберген да, берки үчөөнө күркүрөгөн.

— Шалдаакы этексиздин топурагын үйүп салгыла!

Жанкечти бийдин карамүртөздүгү жигиттердин муунун калтыратып, Пашанын кыңкысы мээлерине сүмбө сайылат. Кайсалактап шашкандардын колдоруна таш, кесек урунат...



* * *

Ылайга деп үйгөн топуракта кара чаар жылан токоч болуп жыйрылып жатат. Баш көтөрүп, тилинен заар чачып, адамга тап бергеничи. Мадимар кетменин төбөсүнө көтөрүп, бөлө чапмакчы болгондо жылан ышкырып, куйругуна тура калып айбат кылды. Кызык иш болду, курч миздүү кетмен төбөдөн түшпөй, соймоңдогон кара чаар жыландын тостойгон көзү чоңойгондон-чоңоюп, Мадимардын алы куруп барат. Жыландын муштумдай башы бут учуна жетип калганда чочуп ойгонду. Көрсө, эки колун башына жаздап жаткангабы, колдорунун жаны кетип, өзүнүкү эмес. Жерге муштагылап жатып жазды. Жыланды эстесе, бүткөн бою ичиркенет. Жүрөгү лакылдап, кийинип сыртка чыкты. Таң сүрүлүп, жер жээктери агыштанып, түндү узаткан торгойлор төбөдө чулдурайт. Саалдан кийин күндүн өрмөк жиби жер бетине созулуп, табын төгөт, тиричилик уланат... Ак кардуу тоо чокуларын боорлоп жылган үлбүрөңкү булуттар жатагынан козголгон. Мадимар көктү карады. Эки бүркүт канаттарын болор-болбос кагып, жай каалгыйт.

Сууга жүзүн чайып, уйкусун качырган менен көкүрөк тушу өйүп туруп алды. Жез абдестеге суу толтуруп, очокко асып, от тамызганда ылдыйдан улуп-уңшуган бирөө мандикерлердин турагын көздөй салды. Таңкы абада ый аралаш мурдун шор-шор тартканы угулат. Жүрөгү «шуу» дей түшкөн ылайкеш очок, отту аттап утурлай жүгүрдү. Жете электе тааныды. Митал. Кучактап калды.

— Кагылайын, имне мынча боздойсуң?!.

Миталдын мууну кетип, өпкөсү көөп сүйлөй албайт. Үстү-башы баткак. Көздөрү жылтырайт.

— Сүйлөчү, абам начарбы? Паша бир нерсе болдубу? Кудай жалгагыр, ыйыңды коюп үндөсөң?— Миталдын муз менен таш денесин бекем кучактап кыйкырат. Жүрөк тушу уюп баратты.

— Мадимар ака, шорубуз кайнады. Түндө бирөөлөр Паша эжеми зордук менен атка өңөрүп, уурдап кетишти.— Мадимар селт этти. Бет булчуңу диртилдеди. Жүрөгү жамандыкты сезген экен.

— Кимдер экен? Көзүм кашайыптыр го! Силер каякта элеңер?! Тааный алдыңарбы?!

— Түнү бою жүрүп, эжемди Алибай бийдин жигиттери алып кетишкенин билдим...

— Алибайдынбы?! Оо жакшылык бетин көрбөгүр, ниети кара экенин билгемин,— өң-алеттен кеткен Мадимар

баланы жетеледи,— Пашам меники, чекесине черттирбейм!

Митал ордунан жылбады.

— Азимбай атбагардан эшитип, ишенгеним жок, бейкүнөө эжемди кантип эле... — деп бала сүйлөй албай солкулдап коё берди.

— Имне дейт, атбагар?! Имнени угуптур?

— «Өлсөм дагы сага токолдукка барбайм» деп чыгыптыр эжем. «Көңүлүм жактырган адамым бар» десе, шиши толгон бай «айт эле, айт» деп, эжеми оттон алып, көргө салат. Кыйналганда сизди айтыптыр. Кек түйгөн бий эжемди өлөрчө токмоктоп, мынабы силер курган коргонго түндөсү апкелип, көмдүрүп таштаптыр. Оо, шордуу эжем ой, шордуу эжем ой!— Митал жер тепкилеп буркурады. Мадимар нес болуп катып калды. Жашын жутуп, талааны башына кийип бакырган Миталды көкүрөгүнө кысты. Көз алдында дүйнө астын-үстүн...

— Шоруң каткан Пашам ий! Жок, жалган бу, ишенбейм, атбагарың жалган айтыптыр, ишенбейм!

Мадимар коргонду көздөй жүгүрдү. Буту үзүлгүчө, элик болуп түйүлүп, коргон оозуна жетти. «Кантип эле, коргондо Пашам жатсын. Кантип эле, бир түндө көз көрүп, кулак укпаган иш болуп кетсин. Жалган, бул түшүм болгой эле ылайым...» Топурагы алынган жарчаны бойлой басып баратып чети көчүп, жер менен жер болуп тегизделген үч-төрт кулач жерди көргөндө жыгылды...

Жегдесин мүрүсүнө илип-илбей, дамбалчан жетип келген Өзгөнбай жырткычтай ооналактап, жер тытмалаган Мадимарды көрдү...

Көктө эки бүркүт каалгый учуп жүргөн...

* * *

— Эсиң менен бол Мадимар, бу түрүң менен бийдин эшигинен көрүнсөң, камандай жигиттерине талатып, майып кылат,— Өзгөнбай күйүтүнөн түтөп, башы маң болгон Мадимарга эс үйрөтүп жүрдү,— ушу жашка келип, өлгөндүн аркасынан кошо кеткенди көрө элекмин. Сабыр кыл, тишиңди тишке басып, мезгилин күт, кегиңди аласың...

— Ата-бабабыздан бери өчтү кууп алышкан,— деп Кутпидин очок боюнда көсөө менен жер чабат.— Көксө канбай, көк тарабайт. Бийдин көк желкесин шылкыйта чабыш колдон жуда келет, жолду тоспоңуз! Башын алма үзгөндөй үзөм.

— Аппанди болбо!— Уста ылайкешин жилкип берди,— Мадимарды тукургуң барбы. Ажыдаардын куйругун баскың келет. Ал Мадимардын Паша менен болгон ымаласын билет. Тишин кайрап, шылтоо таппай жүрөт. Орто жолдо бала майып болот. Кези келет, келбей койбойт...

— Уста аке, кызык адам экенсиз. Бийдин тепкисинде жоонубуз жоор, уу сөздөрүнө кумкулак болуп ушерге келдик. Кулакты жапырып жүрсөк жүрө бергидейбиз. Сиздин оюңузга койсо, чекеден өлтүрүп кирсе да сизге баары-бир окшойт,— Кутпидиндин каңырыгы түтөдү. Ал Мадимардын эки кулач ийини салаңдап, мойну коржоюп бир аптанын ичинде арыктаганын көрүп турат...

— Сени түзүк деп жүрсөм, муун бошоткондон башкага жарабайт окшойсуң. Мадимарды чыйралтыштын, аркабел болуштун ордуна кайра башка-баш деп ону кайрап отурганың болбойт.

Өзгөнбай уста тажик топусун тизесине кийгизип, таарынган тариздe.

— Шашпай тургула дегенимдин жөнү бар. Өткөндө паска түшпөдүм беле. Ии деп тургула, катын-балага көрүнүп, сагынычты жазгандан кийин палоо басып, бала-чаканы бир жашаңдатайын деп каражат алмакка базарга түшсөм, тааныш-туунуш адамдар учурап, жакшы кабар эшиттим. Оозум ачылып калды. «Ак падыша тагынан түшүптүр. Аны түшүргөндөр биздей ашка-нанга жетпеген кедей-кембагалдар имиш. Бай-бийиндин ооматы кетип, айла-аргасын таппай турган чагы» дешет. Ошто уу-дуу кеп. Эсен болсок, теңчилик заманды да көрөт окшойбуз, мусапырларым.

Кутпидиндин кабагы жарк этти.

— Оозуңузга май, ошол күндү көрсөк гана. Урсаң ур деп үндөбөй башыбызды келтекке тосуп берип жүрө берсек, ого ыраазы болбогон Алибай көркоо бир күнү балтасын көтөрөт. Сурар-коёру жок деп, айдай кыздын өмүрүн кыйды, убалы кимге?!

Өзгөнбай айтарын айтып алып, өз сөзүнөн өзү чочуп калды. Ким билет, сөз дегениң жерде жатабы... Камгактай ала салып, чөп-чар, шилендиси менен бийге жетсе, азуусун айга бүлөгөн неме эки чайнап бир жутпайбы.

— О иштин башы каяктан башталыптыр? Көтөрүлгөн колду баштаган баатырын билдиңизби, ака?— Мадимар киртейген көздөрүн ирмегилеп, кепке аралашты.

— Өзүм чала-чарпыт угуп калдым. Бу иш Орусиядан чыгыптыр. Жалчы жүргөн жумушчулардын башын бириктирип, пашаны тактан шыпырган адамдын атын айтышты эле, тилимдин эле учунда турат. Ким деди эле, иш кылып башында тоодой акылы бар, жанда жок акылман адам

имиш. Оштун базарында кашык сатып, оокат кылган соодагер ашынам бар. Ошонун шериктери алыс жактарга соода кылып барат дагы ошояктан угуп келишет. Уштапта Ошто бири-бирин эле аңдыган адам. Кимдин оозунан ушундай кеп чыкты, турмага сүйрөйт. Элдин эси чыгып калыптыр. Түзүк сүйлөшкөнгө болбоду...

— «Жел болбосо, чөптүн башы кыймылдайбы» Жамы журт оозданып калыптыр, зарыгып күткөн жакшылык жакын экен, кудай берет экен!— Кутпидиндин жүзү ажарланып, кыялы чабыттайт.

Мадимар кепке кулак төшөп, несейет. Устасы айтып отурган жалчы-кембагалдарды курап, эркиндикке баштап чыккан даанышман Ленин экендигин билди дейсиңби... Тек гана шорго бүткөндөрдүн танабын талашкан күйүмчүл адамга ичинен өмүр тилеп, «кем болбосун, колунда жок кедейдин пешенесин сыласа, бу дүйнөдө кем болбой турган адам турбайбы» деп ой термейт. Бу кабар эртеңки күнгө ишенимин жандырды.

* * *

Өңүнөн азган Мадимар көп чечилбей жалгыздады. Үндөбөй ишин кылат, үндөбөй ашын ичет. Адеп дайранын аркы өйүзүнө каттайт. Тапкан-ташканын төшөктө жаткан карынын оозуна тутуп, кемирчээк балдарга каран-көз болобу, кээ күнү олордукуна жатып, таң ата элек, Өзгөнбайлар козголо электе жетип келет.

Төбөдө күн сызгырат. Мадимар менен Кутпидин ылайга саман бүлөп, кубалак тоголоктоп туш-тарап тарып, басарга жер жок. Коргонду бүтүшкөн. Дагы эле илешип жүрүшөт. Алибай бий коргон бүтөрү менен Өзгөнбайды кыштоосуна чакырат. Айткан бааны айткандай чыгарган менен устанын мойнуна жаңы иш илди. «Мынча болду, коргондун дарбазасын коюп, баш пааналай турган мейманкана, идарасын да салып берип кеткиле. Үч айга чымаган жаныңар дагы үч күнгө чыдар, Өзгөнбай. А иш акыдаган сын өзүмө койгула» дегенде дүйнө колуна кирип, бошошкон устадан «жок» деген сөз чыкпады. Ылайкештери минтип миндеп кубалак тоголоктогон себеби ошол. Кубалак кургаса, бийдин идара, сүкөн, атканасын көтөрүү чындап келсе, үч адамга кыйын ишпи. Көп болсо бир апта кетер. Кармалып калышты...

Мадимар эки бүктөлүп, ылай чеңгелдеген менен көңүлү бир жерде эмес. «Өлгөн өлдү, кеткен-кетти, өлгөндүн өзүнүн шору...» деген Өзгөнбайдын күйүт сууткан сөзүн эстесе жүрөгү мыкчылат. Ардемени ойлоп, ою чаташат, Пашанын айжамалы, жаадай ийилген кара кашы, жоодур көзү элестесе алтымыш тамыры зыркырайт. «Тагдыр, мага өчөшкөнүңбү?! Мынча кастарыңды тиктиң? Бир тиштем нанымды токсон тоголонуп таап жеген айыбымбы... Бешенеме бүткөн таалайымдын тамырын жулдуруп, тим калбайм. Бейкүнөө мерттенген периштемдин кунун кууп, көркоо бийдин түбүнө жетпей жалынсыз күйө берет окшойм...»

Иш ана-мына бүтөт деп калганда Мадимар бир кеткен боюнча келбей калды. Келип калар деп эки күн күтүшүп, уста чыдай албай Кутпидинди өйүзгө жиберди. «Ызаа-күйүткө чыланган неме бир кырсыкка кириптер болдубу? Же өчүгүп калган неме түн катып, бийдин түбүнө жетем деп, ошо тегеректе жүрүп, пашарттан торго чалындыбы... Анын бетин ары кылсын, кесири тийип жүрбөгөй эле...» деп быякта уста бушайман.

Кутпидин таап келген кабар устаны чындап селейтти. Шеригин издеген ылайкеш түз Сарык карыныкына келет. Мадимар жеткирген талкан-ун, май-сай, этке кеңелишип, кары да ысык сорпо уурттаганга кыйла түзөлгөндөй. Мадимарды сураса, буларды айтыптыр. «Мурдагы күнү күүгүм талаш келген. Көп отурбады. Пашага куран окутуп, аркытеркиден кеп салып, оокатты күткөн жок. Баягы Мадимар жок. «Иш көбөйдү. Чолом тийсе келем. Болбосо, көп жол карай бербегиле. Бий тараптан келип бирөө-жарым сурап калса каякта жүргөнүн билбейбиз, башпакпай калганына көп болду дегиле» деп коюп кеткен. Аркасынан балдар дүрбүп кошо чыккан. Бир маалда Митал кирди, көздөрүн алайтып. «Ата, Мадимар аканын мылтыгы бар экен. Авлидан чыгып, чаркардын аркы башынан сууруп, чапанына бекитип алды», десе эсим ооп калды. «Мылтык эмес, жанына бычак алып жүрчү эмес. Ким берди, кандай ой менен берди?» деп ону жаман ойго кыя албай арасатмын. Алдыаркасы жакшы болгой эле. Кабар уксаңар, биз дагы эшиткендей бололу» деп кары кан-какшап калыптыр.

Өзгөнбайдын ойлогону чындыкка жакын чыкты. «Өзү баш бала бийдин изин аңдып калыптыр. Бир кооганы баштаганы жүрөт. Шойкому тийбесе эле. Азмаз иш калганда, жакшылыкча тарап кеткенибизде, атта...» деп сакаганда, жакшылыкча тарап кеткенибизде, атта...» деп сакалын ууртаганда Кутпидин күүлөндү го, баатыр. «Зап[1] кылат. Эсен болсок угаарбыз, Мадимар бийдин башын кан-

[1] Зап — ырас.

жыгасына байлап, кеги канбаса... Айтчы эмес белем ишке көңүлү келбей калган. Бирөөнүн кайгысын бирөө билеби, уста ака. Сиз айткандай болсо, зап гана кылат Мадимар!»

Кызык, Өзгөнбай Мадимардын ыраң-өңүн эстей албады. Табышмактуу сыр каткан оттуу көздөрү гана эсинде калыптыр. Ыргыткан ылайын тосо берип, анын нык күчкубатын, чарчоону билбеген өжөрлүгүн туюп, өзү кылдап жүрүп тапкан ылайкешине курсант болчу. «Ошо бакыбат сом билектериң жерге таштабайт сени. Колуна өнөр жукту. Өнөрүң өлтүрбөйт сени...» деди өзүнчө. Мадимар ыргыткан ылайдын салмагын сезгендей сом билектери уюп чыкты...

* * *

Мадимар кетеринде уста менен Кутпидинге чечилүүнү туура көрбөдү. Өзгөнбай дагы алдына алып, насаатын айтып, мезгил создуга бererин билген. Коргондон кеткен күнү эле Шаңхолдогу досунукуна түштү. Бала кезден чогуу ашык атып, эшекчен улак тартышта атаандаш, ары ынак жүрүшкөн Жээналы ашынасы үйүндө ок куюп отуруптур. Шаңхол дарасына мерген атыгып, Кыргыз-Атанын буту баспаган жылга-жыбыты, өрдөбөгөн кокту-колоту калган эмес. Бала-чакалуу. Барбаландап, бир боорун көргөндөй ылайкешти көңүлү ачык тосту.

— Куш кепсиң, досум. Эшик-төрүмөн алыстап кеттиң эле, кайсы шамал айдап келди. Төбөңө чырпык сындырып койсокпу...

— А айтканың ырас, ырас... Катташпасаң, тууган жат болот. Ар кимге мандикермин, оокаттын аркасынан жүгүрмөй, дос. Дагы минтип, аман-эсенчилик сурашканга шүгүрчүлүк келтирели.

Жээналынын аялы чуурутуп биринин аркасынан экинчисин тууп, сегиз баланын түйшүгү бир жактан, жокчулук экинчи жактан чеңгелдесе да пейили кең, тил билги бечара. Мадимардын алдына колунда болгонун төктү. Көбүрүп ачыган арпа бозодон кесеге куюп сунду. Эки дос бири-бирине кууланбай, амалкөйлөнбөй, акылдуусунбай сүйлөшүп отурду.

— Коош, бу мүйүз шыйрак бараңды сураганыңа таңмын. Уга кызыксаң, ээрчитип алайын, кошо жүр. Бир кумардан чык,— деди Жээналы.

— Иши бар, досум. Өзүңдүкүн бере албайсың, бу тегеректе дагы кимден чыгар эле мылтык?..— Мадимар үмүтү өчкөндөй, аргасы түгөнгөндөй сурады.

— Мадимар, ушундай зарылда бербесем качан берем.



Тиричилик өтүп турар. Мындан дагы жаман күндөрдө жүргөнбүз, өлбөйбүз.— Менмин деген мергендер менен алака түзүп, жаман-жакшылыгын тең бөлүшүп жүргөн аңчы мылтык эмес, анан кыйынын деле таап бермек. Бирок, билсе болот эле, эмнеге керек? Мергенчилер кызыкка шундай кумар келишет эмеспи.

— Өзүң жактан аюу көрдүңбү? Ошо тарапта көп деп угам. Дарылыкка майы табылбайт. Каякка барсаң эле аюунун майын сураган адам...

Мадимар досуна ак деген да, көк деген да жок. Айтарга сөзү жоксунуп: «керек эле», «зарыл эле», «иши бар эле» дейт. Жээналы бирдегиде жок сурап келбеген досуна ак шыйрак бараңын бир ууч коргошун огу менен карматты.

«Баш эсен, боор бүтүн турса, досуң мындай түтөтмөнүн дагы нечени жасайт».

Ак бараңы адамга сунулаарын билсе, Жээналы берет беле, ким билет...

Мадимар карыныкына кирип-чыкканда ошо Шаңхол тараптан келаткан...

Ошол чыккан бойдон Котчан капчыгайын өрдөп, Уу-Төргө жүрүп берди. Ар кайсыл коктудан булак боюн этектеп конгон экиден, үчтөн боз үй учурайт. Капчыгай ылдый жел согуп, Мадимарды ээрчип, арчадан-арчага учуп-конуп, сагызган шакылыктайт. Кара-Булактын башын чытырман арча, жапайы талдар чүмкөп, Уу-Төрдүн мунарактаган чокусу кол сунса жетчүдөй шаңкаят. Көпкө жүрдү. Булактардан куралган, көк кашка суу шылдыр агып, Мадимардын жолун тосту. Кочуштап суу жутуп, жапыс арчанын көлөкөсүнө бурулду. Малга жайлуу бетеге, тулаңы аралаш шиберге оонап, бел курун чечип, загра нандан өзөк жалгады. Таманы ысып бою талыкшып, көзү сүзүлдү. Ойгонсо каш карайып, көбүктөнгөн суу супурадай агарат. Жол улады.

Ай тоо кырларынан шыкаалаганда Уу-Төрдүн белине жетти. Ай бийиктеген сайын жарыгын төгөт. Үргүлөгөн капчыгай, көшөгөлүү жайык ойгонду. Журттун өчкөн коломтосу, уйдун калдайган тезектери, кой кыктаган короолор... Мадимар кулунчак кезинде койдун кыгы каланган таптуу очок боюнда, талпакта үргүлөчү. Очок боюнда комуз чертип, обон созолонтчу. Мына эми балалыктын үзүмү калган тоо боорунда туруп, ышкын, караган терип, кымыздык сындырып, көк бетте эдирендей оюн салган учурун эстеп, бошошуп турду.

Уу-Төрдө эки апта ашык жүрдү. Кашкулак, суур атты. Колун мылтыкка көндүрдү. Ичеги кылдан тузак тартып,

эки-үчтөн кекилик алды. Керели-кечке кырма-кыр басып кылганы уучулук. Шамаралаш тапканын көтөрүп, суу бою-на конгон койчулардын алачыктарына түшөт. Тааныганы Бегалы. Байдын койчусу. Мадимардын айылдашы. Келип жармасын ичет. Жармасы жок болсо, айраны турат. Чочун көзгө чалдыкпайын деп, сыртка түндөсү чыгат, чыкпаса Бегалынын балдарына эрмек болуп, жатар-жаткыча алачыктын төрүндө. Мадимардын айылдан безип, тоо арасында далдаа жүргөн себебин бир ушул Бегалы билет.

Кечээ күүгүм талаш кыя жол менен түшүп келаткан Мадимарды утурлап чыккан. Жанында шыйпаңдаган көк дөбөтү бар. «Биз таанышпыз» дегенчилик Мадимарды көргөндө куйругун булгалай, алды-аркасынан тегеренет. Бегалы саар менен уккан, кечке чейин жанын жай алдырбаган сырын айтты.

— Саарлап, сууну бойлоп, жогору адамдар өттү. Чочулаба, өзүбүздүкүлөр. Айтымдарына караганда, ак пашанын «куюшканы» бош имиш. Аскерге көп адам алыныптыр. Дагы алышат имиш. Биздин мааладан сени баш кылып, көбүбүздүн атыбызды каттап кетишиптир. Аскерге жөнөтүүнүн төбөсүндө Алибай бий бар имиш. Онун күнү туруптур. Тишин кайрап жүргөндөрдү биринчи каттатып жөнөткөнү жатыптыр. Кимде-ким мийзамдын буйругун эки кылса абакка айдалат деп коркутуп атышыптыр. Заман имне болор экен.

— Мунуң анык-бышыгына жеткен сөзбү же?..— деди Мадимар.

— Өзүбүздүн жатакчылар жалган сүйлөбөйт, Мадимар. Олор дагы «каякка барсаң мамайдын көрү» деген пешенеси кууш пенделер.— Бегалы сокудай ташка көчүк басып, малакайын алып, желкесин кашыды.

— Айтканың ырас болсо, түнү менен жакага түшөйүн. Бу кабардын чын-төгүнүн билем. Агарда оңкелип калса, журт атасы болумуш болгон бийдин пешенесине коргошун окту кадайм да жүрө берем. Адинен ашты, элдин калысы эмес, кызыл түлкүсү миң кубулган!..

— Дагы бир кеп бар, Мадимар.

— Ии, суратпай эле айта бербейсиңби.

— Жанына эки жигит алып, бий Ошко кетиптир. Аскерге алынуучулардын каттоо кагазын өткөргөнү кетти десе, бүрөөлөр ошояк өзү чакырткан имиш дешет. Иши кылып бий азыр Ошто...

Мадимардын көзү жалындап кетти. Ак бараңдын кундагын колтугуна кысып ордунда тыбырчылап, тура албайт. «Күйүп күл болсом да, тагдырыма таш артсаң да, «кудай бирөө, кезек экөө» деген ушул болот. Эсептешчү күн жакын экен, бийим».

Мадимардын биринчи жолу көздөрү күлүңдөдү. Караакы кичирейип ойлуу жүргөн Мадимардын савлатин[1] Бегалы бүгүн көргөндөй аңкайды. Ал азыр куду коноргосунда канатын күүлөп, томогоосун шыпырды дегиче жемин көздөй качырып салчу бүркүттөй шаңшып турган.

А Бегалынын билбегени жок. Өткөндө Мадимар экөөнүн ортосундагы кызык ишти аялы менен балдарына айтып, боорун эзген. Күн бешим кеч эле. Жандык короого эңкейип калган. Бегалы табылгы таягын белине тура такап, кыялай басып кырга чыкты да, ылдый жакты карап селейип калды. Жайыкта көмкөрөсүнөн түшүп Мадимар жаткан. Кырга жуп чыга берген дүмбөсү бир кучак, күрөң кочкорду көздөй бараңды мээлеп алыптыр. Кочкор жаныбар кез-кез баш көтөрүп, мекиренгенсийт. Кочкор жылса, Мадимар да оңдонгонсуйт. Бегалы кыйкырбаса, дүрмөттөлүү бараң атылса, байдын өгүзгө алмаштыргыс кочкору аяк серппей жондон ылдый кулай турган болуп калыптыр. Эптеп бала-чакасын баккан, тамандан чору, маңдайдан шору арылбаган немени көргөн күнү не болот? Доого жыгылат. Кочкор шугдуңдаган бойдон ажалы жеткенин билбей кырдын туу белине чыкты. Мадимар мылтыктын үңүрөйгөн оозун өйдөрөөк кармай бергенде Бегалы кыйкырды.

— О Мадимар! О имне кылганың. Кочкорду ыргыта атып, менин шорумду кайнатайын деп калдыңбы? Мылтыгыңды түшүр дейм! О падариңе наалат, мен сени жанажан ашынам десем, койнуңда котур ташың жаткан турбайбы. Сага имне жамандык кылдым?!

Бегалы шагыл таштарды кулатып, боор ылдый жүгүрүп келатат, сүйлөп келатат. Мадимар бараңды коомай жыгып, өйдө турган да жок, Бегалыга кылчайган да жок.

— Аюу ата тургансып, шыкаалайсың, тобба. Жүрөктөн жүрөк калсачы, бу үчүн бай мени эки чайнап, бир жутпайбы. Сага жамандык кыган босом, мына мени менен сүйлөш. Бейкүнөө макулукка мылтык көтөрбөй...— Койчунун башынан тебетейи ыргып, тегеренген бойдон өзүнөн озуп, этекке кетти. Чакчаңдайт. А-бу десе эле, Мадимарга таяк көтөргөнү турат.

— Кичине ойлонуп кейичи, Бегалы. Тузунду татып, төрүңдө жатсам, сага карасанаттык иш жасаймынбы? Муну кармап көрбөгөндөн кийин ага-буга көз өлчөп,

[1] Савлатин — бой-келбетин.

көнүш керек экен. Кочкорду мелжегеним ошо. Мал да каароолго туруп берет. А беркн көркоо бу макулуктай кайкайып турса, күн тетири жагынан чыгат го...

— О ким? Ким сенин мылтыгыңа төшүн тосуп берчү?— Бегалы бечара ордунда делдейип калыптыр. Ошол неме артынан чыгып баса калчудай таягын оңдуу кармап. Мадимар этек-жеңин кагынып өйдө турду. Жүзү кубарат. Мадимардын көзүнөн шойкомдуу кабарды, бул төрдө эмнеге кезерип жүргөнүн азыр эшитерин сезип сестейет.

— Алибай бийдин ажалы жетер күндү ушу жерде күтүп жүрөм. Ит аткандай атып, маңдайына коргошун кадаганда көкүрөктө түтөгөн көксөөм өчөт. Канбаган өчүм бар, Бегалы!..— Ошентип тишин кычыраткан Мадимар ашынасына болгон ишти айтат...

* * *

Мадимардын көктөн издегени жерден табылды. «Ажал айдаган экен, бийди Кара Таштан тосом. Жүрөктөгү аласаны алчу маал келди...» деген Мадимар кечке жанын коёрго жер таппады. Эки пакыр сууну бакандап көтөргөн Пашасы көз алдына тартылып, этек-жеңи желбиреп, көздөрү сырдуу жалжылдайт. «Жалгыз тирегибиз өзүңсүң, Мадимар. Өзүңдөн ынтымаз[1], балдарды бой жеткиз, катарга кош. Ошолор жер карабасын, абамдын акиреттик батасын ал!» «Айтканың айткандай болот, Пашажан. Ал мойнумдагы карыз. Көңүлүң жай болсун, бу байлык өтөр, кедейлик кетер. «Атты аркан байлайт, эрди ант байлайт». Сенден ажыраган күнү өзүмө-өзүм ант бергемин. Бий колу менен кылганын мойну менен тартат...»

Бегалынын «кой, күн кечтеп кетти, жатып ал. Үрүл-баранда турсаң да канча жол арбытасың. Караңгыда, не бар, не жок... Көп делгирген болбойт дечү эле...» дегенине ынабады досу. Бир айтып, эки айтып койдура албагандан кийин Бегалынын аялы жолго деп эки катырманын ортосуна сары майдын чөбөгөсүн шыбап оромолго түйүп, колуна сүзмө чалап куюлган чаначты берди. Күйөөсү Мадимарды Кара-Булакка чейин узатты.

— Пашарттан ишиң орундалбай калса, тобокелчиликке барба, Мадимар. Эсен турсаң дагы бир учуру келээр. Кайра кел, сага калганда алачыгымдын оозу ачык, досум,— деп койчу ашынасы калды.

Күн кечтеп, асман бетинде саргыч шоолага бөлөнгөн

[1] Ынтымаз — өтүнүч.



булут түрмөктөрү көзгө сулуу көрүнөт. Чубалып аягы мөңгүлүү тоонун далдасында. Жол эңкейиштеп, арсак-терсек таштардын арасында ичегидей чубалат. Күүгүм коюуланып, төбөдөн жылдыз көрүндү. Жалгыз жылдыз. Ээн жолдо, жөө келаткан Мадимардай ал да асманда жап-жалгыз. Өзүн дүйнөсү түгөл, жолдуу адамдай сезди. Басыгына канаат албай, эңкейиштен күйүгүп түшөт. Капчыгайдын эки өңүрү жиксиз биригип, жылдыздуу асман дайранын мелмилдеген ириминдей агынжыл тартып жатат. Ак баранын кундагы териден шырылган шымын жанып, ничке боосу үстүндөгү чолок, төө чепкенден өтүп, мүрүсү ачышат. Ай кеч чыкты. Буулуктуруп жиберген түн тоону ашып кеткендей кокту-колот ай нуруна жуурулуп, көз жоосун алган арчалуу бет үркүп келип токтоп калган жылкылардын үйүрүндөй карарат. Ак-Чабууга таңда жетсе, ар жагы аш бышым жол. Анан далдайып, тогуз жолдун тоомунда аскадан үзүлгөн кара таш көрүнөт. Наржагында ат чабымдык кең түздүк. Оштон чыккан жөө-жалаң, атын алчаңдаткан мансаптуулар, эшек, качырларга көр-жерин арткан соодагерлер ушул Кара Таштын түбүнөн өтчү жолго салат. Ыштап койгондой таш Мадимардын көз алдынан кетпей, жол арбытып алайын дегениби, ээндетип келаткан ылайкеш токтоп, чалап жутуп, өзөк жалгаганга кыңырылат. Көзүнөн учкан Кара Ташка жетсе, анын бодур-ала бооруна жармашып эптеп төбөсүнө чыкса, а жерден түздүк алаканга салгандай томук ташынан өйдө көрүнөт эле. Ошондо барып, белиндеги курун чечип, чаначын чайкап кара курсактын камын жеши керек. Таштын тектирине токтогон жамгырдын чөөтүнөн кочуштап, суусун кандырмак.

Ноокаттын даванын ашканда таң агарды. Жолдон бурулуп, адырма-адыр кесип салды. Шыбакка конгон шүүдүрүм шыйрактарын какшатып, пайчасын чылкылдатып жиберди.

Күн көтөрүлдү. Табы Мадимардын жонун жылытып, теребел бут серппей көөлгүйт. Таңдайы кургады. Тамагы кызыды. Таштын тулкусу көрүнгөндө жакынын көргөндөй делдектеп жүгүрдү. Бар үмүтү ошого байлангандай карарган сом тулкусуна жетип эле жармашты. Эки-үч курдай бутуна таканч урунбай сүрдүгүп, көөдөнү муздап, муздай ташка желим болуп жабышып, өйдө тырбаландайт. Ылайкеш өлгөн-талганда таштын үй ордундай төбөсүнө чыгып барды. Таштын чоңдугун эми сезди. Оттуу көздөрүн закымга кадап, бир кыйлаган несейди да, ак баранды ташка жөлөп, жонунан чаначын чечти.

Мадимар шам-шум этип, сүзмө чалаптан жутуп, артындагы ташка далысын сөйөп кыйлага жатты. Кара Ташты бир кезде ичкиликтен чыккан Маматемин деген ууру паалап, жол тосуп, өйдө-төмөн каттаган соодагерлердин мал-мүлкүн талап, өздөрүн жөө-жалаң Ошту көздөй кубалоочу экен. Бул кечээги эле иш. Эми ошо элдин сесин алган таштын төбөсүндө минтип курал кезеп, Мадимар өзү отурат. Ошону ойлосо, жонунан жөргөмүш жүгүргөндөй болот. «Бүгүн өтпөсөң, эртең өтөсүң...» деп бийге кекенет.

Жолдон анда-санда куюн көтөрүлөт да шамалдын багытына салып жоголот. Кеберсиген эриндери чарт-чарт жарылып жана жеген туздуу катырма таңдайын какшытты. Чаначта бир жутум чалап турат. Ал жумуруна жук болобу. Көп күндөн бери жамгыр жаабаптыр бу жерге. Таш күндүн ысык табына какталып, ого бетер үп. Төмөн түшпөсө боло турган эмес. Бирок, түшсө эле бийдин караасы ти тумшуктан көрүнүп кала тургансып, өзүнчө коопто- но берди.

Барандын шыйрактарын жаракага сайып, дүрмөттөдү да сыңар тизелей тумшукчаны шашпай кароолго алды. Барандын кундагы эски. Көп кармалганга жешилип, сыпсыйда. Билинер-билинбес жаракасы бар. Ээси жаза басып, аска башынан учуп кетерде жандалбаска салып, таянгандабы же өзүнө асылган жырткычты тумшукка чаап жыккандабы айтор, жараканын сырын башкага жоорүй албайсың. Боосунун ийинге туш келген жери сүрүлүп ип-ичке. Короздун таажысындай чаптырмасын артка кайрыды. Ал ти сыйданын учундагы сөөлдөй белгиге далма-дал келгенде ок чыңырат да, ажал издеп учат...

Күн коноргосуна ылдыйлап калганда жолдон чаң көтөрүлдү.

— О, жолумдан адаштырган эмес экен! Көргөн азап, төгүлгөн көз жаш жеткен экен акыры! Бегалы көз ачыктан өткөрө айтыптыр...— Тумшуктан ийреленден түшкөн жолдогу үч атчанды имерген Мадимар койнунан ок түйгөн түйүнчөктү сууруду. «Ошолорбу же,.. бөлөкпү? Олор болсо кимиси Алибай? Көз курчум жетпей... Келип-келип, өзүмдүн көзүм өзүмдү алдайбы? «Шашкан шайтандын иши», жакын келтирейин. Жаза-тайып, ок кайып өмүр бою калтыраган бармагымды тиштеп өтпөйүн...»

Үчөө ат күүсүн токтотпой шыр бастырат. Бийди тааныды Мадимар. Мингени камчы салдырбаган боз жорго. Зил таштай нык денеси чайпалып, чепкен этегин жел кайрыйт. Мүргүп кетип, оңолот да камчы көтөрүмүш болсо, ылдамдаган жаныбар жанындагы тору аттан өтө чыгат.



Мадимар бийди кароолго алды. Караан дааналанбай күтүүгө туура келди. Жүрөгү аптыгат. «Сабырдын түбү сары алтын». Мына, эми Алибай бий маа демектен адамдын куусу, элдин туусу болсун, бели омкорулат, чымындай жаны чыркырайт. Жакынырак келе түш, ии, каякка шашат экенсиң шугдундап... Дүңкүйгөн кебетеңе караганда журтка жетсең, мени баш кылып нечендердин муң-зары менен эсептешпей аскерге айдасаң, ошондо табаң көк чай ичкендей канат го. Жоок, а мудааңа жеткизбейм, ажалың жетти...»

Сагызгандай сак бий бул жолу бейкапар. Оң жагында тебетейин көзүнө түшүрө кийген, чунак куйрук, чаар ат минген пардай жигит тынбай теминет. Үч жаныбар кандай күнгө туш болорун билгендей бири коюп бири бышкырып, баш чулгайт. Ар биринде артылган куржун. Жогжойгон узун моюн, жоон жигит маалы-маалы менен атын «чу» деп коюп, кеп-сөзгө тартылбаган берки экөөнөн тажагандай оозун чоң ачып, эстеп коёт. Болбосо, камчы салдырбай төрт аягы тыбыраган торусуна курсант. Эриккенде тунук көктө үн безеген торгойду издейт.

Үзөңгү кагышкан аттар бута атымдай келгенде Мадимар түйүнчөктөгү курмушудан дүрмөт алып, «ак жолтой боло көр!» деп сайга урду. Сол мүрдөн ылдый имерген барандын оозунан түтүн булап, тегерек кыйсыпыр түштү. Мылтык үнүнөн чочуган парандалар таштын коңулунан көккө атып, жаңырыктан кулак тунду. Алибай бий атынан ооп, төбөсү менен сайылды. Үрккөн аттарынын тизгинин жыя албай абдыраган жигиттер андан өтө чабышты да, бийдин туяк алдында калганын көрүп кайра тартты. Мадимар өз көзүнө ишенип-ишенбейт. Ат чочуп, жалт бергенде бий ээрден ооп түштүбү? Ок жаза тийдиби? Көңдөйгө жана кайтып коргошун окту шыкай таштын далдаасынан баш көтөрдү. Бут серппей жаткан бийдин башын жөлөгөн жогжойгон узун ай-талааны башына кийип, өкүрдү. «Түбүнө жетиптир!..»

Мадимар ошондо жүгү жеңилдей, бадан-боюнун түйүлгөн тарамышы жазылгандай колунан бараны жылмышып, чалкасынан жатты. Тунарган карегине түбү жок көк чагылып, анын бетинде кайкып учкан парандалар үн салат. Ал өзүн эркин каалгыган куштардын бирине окшотуп, өрөпкүдү, ээликти. Бир аз күн эле мурда башына конгон бактысын учурганын, ал экинчи кармалбасын, тууруна кайтып конбосун жана бир ирет түйдубу же санаадан толгонгон, кусалык өйгөн жүрөгүнүн көксөөсү кандыбы, Мадимардын карегинен бир тоголок, туптунук жаш кулады...

...Ошо жылдын күзү Бочойлуктар бийлик бүржөлү элдин колуна өтүптүр деген сүйүнүч кабарды эшитти.

* * *

Мадимар чал кыбырап жүрүп бир күнү жаңылык укту. Угарын-угуп алып, анан эки-үч күнгө чейин ишенип-ишенбей арсар жүрдү. «Шу күнгө жеткен коргон эми бузулуп кетеби, урандыга айланабы? Коргондун менден бөлөк сурап-көрөрү калбадыбы?..» Санаа жөө тумандай баскан-турган жагына кошо ээрчип алды.

Эшекчен совхоздун кеңсесине түштү. Директор өзүндө экен. Тура калып учурашып, төрдөн орундук жылдырды. Карынын отургусу келбеди. Аны көрүп директор да тикесинен-тик турат. Ал-жай сурашкандан кийин:

— Келбейт элеңиз, бу жакка?..— деп калды директор.

— Келген жөнүм бар, балам. Төштөгү ак коргонду түбү менен сүрдүрүп, ордуна тамеки эктирем деген имиш сиз, жыйналышта. Ошонун жалган-бышыгына жетсемби деп түшүп келдим эле,— деди чал.

— Ээ-ээ, таза убара болупсуз да. Өткөн чогулушта сөздөн-сөз чыгып, звено башчыларынын бири «болгон бир эски коргон экен, бир гектар жерди ээлеп жатат. Айдоого кошпойлубу?» дегенинен кепти узартпай «көрөлү» деп койгом. Кийин ойлосом, коргондун үстүндө мектеп, спорт аянтчасы турса, андай жерге тамеки эгип болобу. «Топ кууган балдарды дагы тамекиге ууланталыбы» деп, атказ кылдым,— деди. Эңкейип календарына бир нерсе чиймеледи да «бейгам болуңуз, коргонуңузга тийбейбиз» деди көздөрүн күлүндөтүп.

— Оозуңа сары май!— Мадимар чал чакан бөлмөнү башына кийип кыйкырып жиберди. Сүйүнчү суурун чыкчуудай жан-жагын сыйпалап, маңдайында бала эмес бакандай жетекчи отурганын биле коюп тим болду.

— Өзүңүз ойлосоңуз, эски коргон болсо, бирөө-жарымга залалы тийбесе...

— Туура айтас, туура айтас, таза убара болупсуз да.— Директор чалды ээрчий чыгып , эшегин чечип колтуктап мингизди.

— Бирдекиде алдыңызга келбедим эле. Кебиме кулак салып, «али-пали» деп койдуңуз, кем болбоңуз.— деп Мадимар кары этек-жеңин кымтыланып, белинен камчысын сууруду. Эмнегедир чалды атказып жатып, директордун көкүрөгү туз куйгандай ачышты. «Пусурман ий, атам замандагы бир чалдыбары чыккан эски коргонго камтама болуп, атайы түшүп келгенин...»



— Камчыңыз өрүктөн беймʼ?..— Кары адамдын көңүлү деп эле болжоп сүйлөп койду.

— Ээ балам, өрүктүкү болгондо эмдигиче тарашасы да калбайт эле. Буга көп болду. Кошо жүрүп, мен көргөндүн көбүн көрдү... Табылгы. Жоон, кып-кызыл болгон табылгылар өсөт эле илгери. Көрбөй калдыңар. Азыр ондой табылгы жок, болсо да ничке-ничке. Чатырап чыкканы менен берекеси жок. Тоо-түзүң деле пендесинен боюн ала качып калды...

— Кем-карчыңыз болсо, түшүп келип, тартынбай бизге эле айтып-деп...

— Бали, кем болбо! Журт кашында турган киши шу сиздей болот. Элди угуңуз, көпчүлүккө салып иш кылыңыз, ошондо узарасыз. Уштапта адамдардын күчү жетпей турган иш калган жок. Ишиңиз дурус...

— Кылганыбызды көргөн эл болсо таразалашаар...

— Ошо таразага түшүп турганыңыз оң. Андан өтөр сынчы жок. Атаңызды билем. Эл деп жүрүп, карып кетти. Токсондо, дагы эле кыргыйдай...

— Бир отрядда жүрүп, басмачылардын уюгун талкалаганбыз деп, сизди кошуп айтып калат...

— Бечара, ошону эстейби?.. Акылы дагы эле тунук экен эмесе. Айылга келди дегенде бешиктеги бала соорончу, бөлөк-бөтөндү кой, жатындашына кылыч көтөргөн Кудайназар паңсаттын сары изине түшүп, тегерегинде баңги баш болуп жүргөн жугундукорлорду чилдей таратып, өзүн тутуп, колун кайрып, ГПУга тапшырганбыз. Ону эшиттиң беле? Ошо атаңызды бир марта эле көрсөңүз го, атаганат! Жүда чырайлуу, бакыбат жигит эле. Найза берсең, жоосун найза менен жапыра турган жан эле.

— Басмачыдан кеп салсаң эле азыркылар күлчү болуптур...

— Мунусу да бар. Эмкилер өзүн асмандан түшкөндөй сезет турбайбы. «Койсоңуз, ошо бирин-серин басмачыларыңызды...» деп келишет, тоотушпайт. Тозогун тарткан ошол жылдардын бу бала-чакаларга бир тыйынчалык керегн жок болуп калганбы?!. Мектептерге чакырганда, а-бу жыйналыштарга Ата Мекендик согуштун ветерандарын төргө өткөзүп, басмачылар менен кармашып, Совет бийлигинин байрагын илген, бели эңкейген чалдарды унутканда болбойт го. О кезде дагы душмандын көзүнө тике карап, башын ийбей канча азаматтардын чырактай жандары өчпөдү... Алтымыш деген кызыл аскер паңсаттын жигити болумуш болуп, үйүрүнө кошулат дагы, басмачылар-ды элге каршы курал көтөрбөөгө үгүт жүргүзгөнүн билип

калган Кудайназар анын кулагын кестирет, анан мурдун, колун кыя чаптырат. Бир ооз кеп угам деп ошону кылдырат. Берки «пыңк» этип ооз ачпайт. Тирүү жанды да ушундай кыйнайбы, тоббо! Алтымыштан үн чыкпагандан кийин желдет алкымына бычак тартат. Ушуга чейин эч ким аны эрдик жасады деп айта элек. Баягы элдик жазуучубуз китебинде Мусулманкулду кантип кыйнаганын жазат го, онуку Алтымыштыкынан ашып кетиппи?..

— Айтканыңыз ырас. Нак сөз, нак сөз экен,— деди директор. Баятан бери сыртта эшекчен чал менен жылаңбаш сүйлөшүп турганын биле коюп, өзүн ыңгайсыз сезип кетти. Анан бу чал келгенде күндөгүдөй талаа-түзгө чыгып кетпегендигине, кеңсесинде отуруп калганына бир эсе өзүнө ыраазы да болуп турду.

— Эми каякка барасыз? — деп жортеки эле сурап койду.

— Ак коргонго! Анан каякка!?. — деди чал. Жетекчинин ишине шашып турганын сезип, эшегин. теминди. Табылгы камчысын эшектин басар жагын көрсөткөндөй сороитуп көтөрүмүш болуп койду.

— Кайыр эмесе,— деп калды жылаңбаш директор. Табылгы камчы ага көрүнгөн жок. «Койнуна салып алды окшойт, жарыктык» деп ойлоп кала берди. Эшек чоң жолду кесип өтүп, чекесине чыгып алды.

Жылаңбаш директор дагы эле чалдын аркасынан карап турду. Ал баары бир ушул митчедей чал менен ак коргондун тагдыры теренден байланышканына паамы жетпеди. Балким, кийин угаар, ошондо да азыркыдай аёо сезим жүрөгүн сыдырып, «зырп» эттирер, кусалыкка малынаар, митчедей чалды көргүсү, кош колдоп учурашкысы, төргө өткөргүсү келер...

...А көңүлү ачылган Мадимар чал жорголоогон эшек башын эч каякка бурбастан, түз ак коргонго өттү...

* * *

...Ал күнү да жер жээгинен көтөрүлгөн күндүн нуру элден мурда коргондун кырына конду... Ушул күнгө чейин ак коргон бейпил күндү биринчи тосуп келатат... БАР БОЛ, КУТМАН КҮН, БАР БОЛ, АК КОРГОН!



# АҢГЕМЕЛЕР



# ПАЛВАН

Ферганanын базары. Бышыкчылык. Күн жаныбар күйкалайт. Үймөк-үймөк коондордун түбүндө бирден-экиден ныксыраган коончулар отурат. Базарчылардан жол тийбейт. Бир кылы мүрүсү менен сүзүп өтөт. Аркаңа бурулуп «эй, көзүңүзгө карабайсызбы!» десең, беркн мүрүсүндөгү чыптасын[1] өйдө серпип, «көңүлүңүзгө албаң, тага, базарчылык экен...» деп айыбын базарга шылтап күлүп турат.

Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар. Үймөктөрүн тиктеп эле тургуң келет. Тиктетишпейт. Базарчылар мүрүсү менен коюп кетишет. Арга жоктон күлөсүң. «Көзүңүзгө карап жүрбөйсүзбү» десең, «өзүңүз орто жолго турбаң да, мурда базарга келген белеңиз?..» деп какшыктап, кайра кишини айыпка жыгат. Бара-бара өзүң да мүрү кагыштырганга сазданып, адеп сүзө берсе, өзүң да чыйраксынат экенсиң. Тил учуңа «базарчылык экен» деген сөз утуру келе калат...

Үймөктөрдүн түбүндө кагаздан «шапке» кийген бирден-экиден коончулар. Бу адамдарда сүрөтчүнүн жүрөгү бар, коондору өткөндөрдү арбап турат. Жездем:

— Каяктын коону?!— дегичекти болбой саратан ысыкта үстүнөн чапанын түшүрбөгөн коончу үйүнө мейман түшкөнсүп бөжөңдөп:

— Мырза чөлдүкү, тага! Бир тилик кесейин! Жегенге пул жок!— деди. Чарабзалы күнгө жарк этет. Колу боорунан түшпөй, боюңузду балкыткан бир тиликтин ширесин көзүңүздөн байкап турат.

— Тандайымбы?! — Бөжөңдөгөн чал бизден такып турат, таңдайдагы ширенин жыргалын көзүбүздөн көрүп турат. Колу боорунан түшпөйт. Кашы үрпөйүп, жарганаттын эле кош канаты. Көздөрүндө аптаптуу чөл жатат. Закым

[1] Чыпта — ун салынган кап.



желген ошол чөлдө, анделек жыттуу кепеде жатып-туруп ширин-ширин аңгемелерди жазгың келет.

— Тандайымбы?! — Колун бооруна алган коончу бизден такып коёт. Жездем колундагы тиликти кабыгына чейин шашпай кемирип, жанындагы челекке таштады. Коончунун эки көзү бизде. Ыйман-ызаатына чыдап туралгыдай эмессиң. Ичим бышып кетти.

— Жезде, балдарга коон алып кетеличи, мазар басып барат,— дедим. Жездең түшкүр ынабайт.

— Бу ысыкта өзүбүздү зорго көтөрүп жүрөбүз. Ноокат, о-уу, каякта жатат. Олор коон жебесе кысыр калбайт,— деп алдыма түшүп жөнөп берди. Бөжөңдөгөн чалдын колу боорунан түшүп кетти. Жарганаттын канаты үмүттүү көздөрүн жаап калды. Коончу «ыктяр өзүңөрдө» дегенсип, чарабзалын аарылар үймөлөктөшкөн, жана бизге ак пейилден кесип берген жарты коонго сайды да, сөзүбүздү укпаса да алыстан бизге баам таштап, чай уурткаган шеригине басты.

Коон базардан килем базарга өтүп баратып, «албагандан кийин кесилген коонду эмнеге жедик десең» деп өзүмчө эле үбаймамын.

— Базар бүткөн жерден базар башталат,— деп калды жездем. Мактаганды билет, келип-кетип жүрчү базарын мактап койду. Жоон-жоон бака теректерге тартылган аркандарда түркүн түс, көңүл азгырган килемдер илинип, арасы узун-узун кеткен көчө. «Көчөлөрдө» жөөлөшкөн эл, көздөрү алма терген базарчылар. Бири-бирин мүрүсү менен коюп кетсе, кечирим сураштын ордуна бири-бирин карап, күлүп коюшат экен.

— Кайтсак кантет,-- дедим жездемдин аркасынан. Антпесе килемдерге арбалып кете бере турган. Коончунун күнгө жарк эткен чарабзалын эстеп, тилим кычышты. «Миң көргөнүңүз менен бир килем да албайбыз» деп айтып жибере жаздайм...

— Чарчадыңбы? Базар көрөм дейсиң дагы, мазаң жок да? Ушундай болот, базарды чыдаган көрөт. Болобу шо жакта ушундай базарлар?..— Жездем жөн сүйлөбөйт, тийишип сүйлөйт. Өзү алыскы бир Кожокелдин боз адырын баш пааналайт дагы, каяктагы бир Ферганаы өзүнүкү кыла коёт. «Өзүмчүлдүгүнөн баккан малын бирөөгө тарттырып ийди» дешип жүрбөйбү. Айтса-айтпаса ошондой эле экен. Өмөр суу мурун экөө күздө (андан бери эки жыл өтүп кетти) кыштоо талашып, кыжындашат. Өмөр суу мурун дагы кыйтыр. Малын жайлоодон эрте аптүшөт дагы жылда жездем бечара отурчу Көмөшчүнүн жылгасын

ээлеп алат. «Бу чоң атаңдан калган кашар эмес, мен дагы сага окшоп өкмөттүн малы деп жүрөм. Арызыңды көтөрүп, маа демектен райкомго барбайсыңбы!» дейт экөөнү зорго ажыраштырган койчулардын көзүнчө. «Сен дагы жарым жыл, бир жыл чыла кечип тамчы өткөн кашарда отуруп көрчү» деп жездемдин аркасынан какшыктап калат. «Өзүмдүн кыштоомду бергиле, бербейчү болсоңор, малыңарды алгыла» деп күүлөнгөн жездем райкомдун эшигин сүзөт. Аягы эмне болду? Өмөр суу мурун жездемдин кыштоосунда жылуу-жумшак кыштан чыкты. А жездемдин коюн онду жаңы бүтүп, мака суучу болуп иштеген жигит жан деп алды да, сарайды тукумдай кылып оңдотуп, жубайы экөө малды кабак-кашым дебей багып чыгышты. Азыр жездем совхоздун көзүн карайт. «Зап гана болду, чала дагы, өзүнөн башканы мал бага албайтка чыгарып салган» деп бир жактан эжем чымчыйт. Жайыкүзү иш кылымыш болот, колуна анча-мынча айлык тиет, ошого шүгүр дейт. Кыш ичи кудайдын бекерчиси. Быйыл он түп алмасы башын жегендей болду. Өгүнү пастан[1] жеңил машина миңген эки-үч адам келиптир. «Сатсаң алмаңды күүжүм сат, түбү менен баалап алабыз» дешип аяк-быягынан тоорушат. Жездем да бош келбейт. Малды өткөргөндөн бери баягы марттыгы калып, колу карыша баштаган. «Масилатташчү адамым бар, баары эле силер айткандай боло бербейт, бир апта өткөзүп келесиңер» дейт. Масилеттешчү адамы — быкынында жашаган Сатар алма пуруш. Башына жүн чыккандан бери алма сатып күн көрүп келатат. Билбегени жок. Айтар замат «оо, сага келген — журт куруткан алып сатарлардын өзү экен. Келишээри менен мени чакырт, сооданды бир жаңсыл кылып берем. Кийин дагы алмам арзан кетиптир деп башыңды муштап жүрбө!» дейт.

Ферганага түшөөрү менен «алма кандай пул болуп атканын өз көзүм менен көрөм» деп алма саткандарды бир чекеден кыдырганы да ошондон. «Паста алма пул экен го, быйыл алма жок турбайбы» деп алма базардан таңдайын такылдатып чыкты. Ошондо көзү ойноктогон жездемди көргөндөргө «бу адам эки-үч жыл мурда кой багып, тоодон түшпөгөн неме эле» десем, эч кимиси ишенбес эле...

— Аяк талыды. Алчу нерсе жок болсо, эрте күндү кеч кылбай кайтсак болот эле,— дедим. Жездем жүдөгөн түрүмө карап, ишенди окшойт.

— Курсак да ачты,— деп өзү да кошула кетти,— Жүр,

[1] Пас — Фергана тарапты ошентип коюшат.



сага бир лагман апперейин. Өмүрүңдө андай лагман ичкен эмессиң.

Ээрчишип быкылдаган базарды жиреп жөнөдүк. Жездем алыстап кетти. Эч кимге урунбай аскадан жол таап өйдөлөгөн мергендей кете берди. Көпчүлүккө кыпчылып, канча ынтылсам дагы арымым арбыбайт. Жүдөп-какап баратып эжемдин аманатын эстепмин. «Той-пойго барсам, үстүмө салар түзүгүрөөк көйнөгүм жок. Жездең бир көр соода, жанында жүрүп көйнөк тандаш. Ушуга чейин көйнөккө жалчыбадым» дегенин ушу тыгында кетпаратып эстегенимди кара.

— Жезде! О токтоң! — «Жезде» дегенди мурда-кийин укпагандар бар экен мени аңкайып карап калышат. Кол булгаганымды көрүп жездем токтоду. Жанына жете элек:

— Ишти кам кылган турбайбызбы. Бу эжемдин аманаты эстен чыгыптыр го,— дедим. Экөөбүз суунун ортосуна токтоп калган дүмүрдөй, а көпчүлүк бизге бөлүнүп, эки жагыбыздан агылып жатты.

— Ээ, чаки иш боптур. Ону убагында эстетпепсиң да. Пулду түгөткөндө... Канттик эми. Көйнөк аппарбасак, онуң киргизбейт, уруш чыгарат...

Жездем бечара болгон акчасын кыздарынын (төрт баласы бар, төртөө тең кыз) аны-мунусуна жумшап, чөнтөгүндө майда-чүйдө каражатка себелейм деген пулу жүргөн. Лагманга да көңүлү тартпай калды.

— Ого көп кыжалат болбоң, эжем күсөгөн көйнөктөн Фрунзеде бардыр. Келишкенинен алып, каттагандардан берип жиберем,— дедим. Жездем ооз учунда: «Сен, студент, окуганды бил, көйнөк издешти коюп» деди. Үндөбөй калемпирге ооз куйкалатып, тердеп-тепчип лагман ичтик да, кетиштин камын көрүп, автовокзалга жөнөдүк.

Паркка салып, көлөкөлөп кетпаратканбыз. Кыбыла жактан керней, чилдирмандын үнү чыкты жарышып. Жездем элеңдеп «ээ, палвандар таш көтөрөт экен, кичине тамаша кылбайлыбы» деди. Лагман ичип чыккандан быякка ооз ачкан эмес. «Көйнөктүн кайгайы кичине унутулаар» деген ойдо баш ийкедим. Жолдон паркка бурулдук.

Үй ордундай жерди эл шакек кылып, ороп алган экен. Керней, чилдирман шаңкыган сайын шакек жоонoccoп, кеңейип баратты. Как асфальтка жаман-жуман кийиз таштап коюшуптур. Үстүндө алты таш тизилип турат. Чырымталы чыга элек, кара каш бала таштардын жанында колу шалкылдап адеп чилдирман какса, анын жанында ала топусу менен тармал чачын бастырган узун жигит жаагын табарсык кылып парсайтып, керней үйлөйт. Дүпүлдөгөн

шаң кыя өткөзбөй, адамдарды жолунан азгырып, бери сүйрөйт.

— Палваныңыз ташын о кечирээк, көлөкө түшкөндө көтөрөт,— дедим. Кете бербейлиби жолдон калбай деген-сип айттым.

— Ферганага бир келипсиң, палван көрүп кет, кетиш-тин ташпишин тартпа. Такси турат го. Кызыл-Кыяга жет-сек, анан аягы...

Кулактын парсылдагын жарган керней, чилдирман-дын доошу басылганда көпчүлүктүн кобур-собурун, дүпүл-дөккө жутулган турмуштун көндүм күүсүн эшиттик. Кар-таң теректин түбүндө турган ак «Волгадан» көк кыжым-дан шым кийген, сары кайыш өтүкчөн, ийини бир кулач адам чыкты. Бел курчоосунан өйдө жылаңач. Көпчүлүк жарылып, ортолукка жол түштү.

— Ярмат палван! Уштаптагы зор палван! — Чачын устарага кырдырып, буркуратып атыр себинген, алды ачык жегде кийген адам сурабаса деле жездеме билгенин айтып турду.

— Таза жетилген экен,— деди жездем дагы.

— Кардын караң, кардын. Күчтүн баары ошерде.

Кайдан чыкты, турган эл да байкабай калды, бети-ба-шын боёп, пайчасы кыска шым, ала-була көйнөк кийген жарчы колундагы микрофонго үйлөп-үйлөп, палванды ай-ланып басып жүрдү.

— Жанажан азиз атажандар, жанжигар ана-карын-даштар, кичкинтай-козучактар,— деди жарчы, палван таштардын четине, кийизге малдаш куруп отургандан кийин. — Бүгүн Фергана шаарына оюн көрсөтүп, сиздердин көңүл-сазданарди кушбак кылмакка Кува-Сайлык Ярмат палван келип отурат. Тамашабандар, Ярмат палвандын атын эшиткен бир марта көрсөм, өнөрүнө бир марта та-маша кылсам, шапак урсам деп тилек кылган бурадарлар араңыздарда кыйла бар. Аягы Ош, быягы Ташкентке жете дуван бузуп, журт дубасын алган, таш көтөргөн палван сиздерде бүгүн мейман, — деди. Жарыяны былк этпей уккан эл, эми качан оюн көрөбүз деп ичи бышып тур-ган эл толкуп берди. Палван өзү тууралуу жайкама сөз-дү уга берип, бышты кулак болуп бүткөнбү, жарчынын сөзүн чымын чакканчалык көрбөй чынжырга байланган таштарды тиктеп мелтирейт. Мага ал ээн жерде калып кетип, алды-аркасын коркунуч тооруп, жырткычтын кая-гынан качырып чыгарын болжогондой көрүнүп кетти. Эл көбөйгөн сайын шакек куушурулуп, отургандардын үстү-нө ийилип турду.



— Ярмат палван! — деп чакырды жарчы микрофондон.

— Лаппай! — деди палван кош көңүл. Жарчы чыкыр-ганда ал дайыма ушинтип жооп кайтарышы керек окшойт.

— Кана эмесе, тамашабандарга оюнду баштап бериң!

— Хоп, жаным менен! — Палван таштарды чынжыр-дан бошотуп, өз-өзүнчө бөлүп койду да, жарчынын оозу-нан дагы кеп күтүп калды. Микрофон күлдүрөдү.

— Ярмат палван!

— Лаппай!

— Кандай оюн көрсөтөс, тамашабандарга айтып ту-руң.— Жарчы палванды көз көрүнө баштап алды. Бечара жаңы эле «шунаки, азыр бу таштарды...» деп келатканда кебин кайта чолуп кетти.

— Кечириң бизди, палван! Кечирип коюң, таштар кан-ча килалик — шу көпчүлүккө кулагдар кылып, битта шар-дана айтарсыз!

— Алдымдагы таштар күүжүм бир кыл, 32 килалик. Биттадан көйкөлөтүп ыргытам дагы, түшүп келатканда ушап калам, кайра ыргытам, кайра ушайм...

— Баракелде, палван, баракелде! Кана тамашабан көрүүчүлөр, битта шапак уруп коёлу! — Микрофонду ээр-чип, палвандын өнөрүнөн али бейкабар турган эл дүркү-рөтүп кол чапты. Керней, чилдирман дүпүлдөп, палван төрт ташты бир-бирден ыргытып, түшүп келатканда сабы-нан кармап калып жатты. Таштарды ыргытып болуп, кө-күрөгү менен дем алып, чеке терин сүртүп атып, жарчы-нын көзүн карайт.

— Палван! — деди жарчы.

— Лаппай! — Палван жарчыдан көзүн албайт. Жарчы палванды карабайт, көпчүлүктү карайт.

— Сиз мына, он тогуз жылдан быякка таш көтөрөсүз. Көрбөгөн элиңиз, баспаган жериңиз калбады. Бүгүн мин-тип, насипти караң, ферганалыктарга оюн көрсөтүп оту-расыз. Сизден битта ынтымаз энди, жанажан атажандарга деп, жанжигар ана-карындаштарга деп, кичкинтай-козу-чактарга деп эң кыйын деген өнөрүңүздү көрсөтүң. Кана, тамашабандар, битта шапак...— Чоң-кичине кол чапты. Керней, чилдирман коштоду. Палвандын кыймылы бошо-шуп, дагы бир нерсе күткөндөй. Бирөө айткандай керней менен чилдирман дагы лып басылды.

— Ярмат палван! — Жарчынын көзү элдин арасынан бирөөнү издейт, саартан бери эле издейт...

— Лаппай! — деди палван эңкейип таштарды бир жер-ге үйүп жатып.

— Азыр жүдө кыйын өнөрдүн бирин көрсөтөм дедиңиз.

Оюндун кумары менен кичкинтай козучактар алдыга жылып кирип келишти. Палвандын колунан таш ыргыса, бирөө-жарымына тийип кетпесин, кийин-кийин жылышып...

Эл копшолуп шакек кеңейди. Алдыда турган жездем сүрүлүп, жаныма келип калды. Аңгыча бизди жандай «Пош-пош! Жол бергиле, кары адам кетпартат, көзү көр адам кетпартат, жол бергиле!» деген чыканактай баланын дирилдеген үнү көпчүлүктү тең бөлүп, аркасынан бай түп жаңгактай болуп далдайган чал адамдардын ийин-мүрүсүнөн кармап, кулунчагы салган жолдон чыгып кетпесем деп майда арымдап келет. Төбөсү көпчүлүктөн бир карыш чыгып жүрөт. Ийининде куржуну бар. Алдыга өтүп кетишти. Ого чейин буларды жарчы да көргөн окшойт, микрофондон «аксакалга жай бергиле, кана, кана, жылышкыла!» деп калды. Чал туура кылды, ийинindеги куржунду алып, эки бүктөп көчүгүнө басты дагы, жарчынын ызаты кылып ортолукка баш ийкеди. Элдин уу-дуусунан оюндун кызыгын туюп, кол чабылганда кол чаап, кез-кез тике турган баланын пайчасынан тартса, ал эңкейет да, чалдын кулагына бир нерсе деп коёт.

— Ярмат палван!

— Лаппай!

— Шу азыр дагы жүдө зор өнөр көрсөткөнү турас. Бир жагы тобокелчилик. Таш оюндун бу сапаркы номуру канака? Бир ооз...

— Хоп, жаным менен! Таштарды көрүп турасыздар, бир-бирден кылып тизип койдум!..

— Аны көрүп турабыз. Сөздү көбөйтпөй таш көтөрүң! Ферганадан алыс кетчүүлөр бар бу жерде! — деди көпчүлүктүн арасынан бирөө.

— Палван көп сүйлөбөйт, таш көтөрөт! — деди дагы бир жоон үн.

— Жарчы да, палван да укмамыш болуп, иштерин кыла берди.

— Мынаке, таштарды тизип болдум, Бахтяр ака! Бир даанасы 32 кила! — Палван таштарга кол жаңсады, — Ар бирине кур байлайм дагы, тишим менен биринен кийин бирин чап таманга ыргытам!

— Бали, палван, бали! Кана тамашабандар, шапак уралы! — Эл карап турбады. Бир адамдай кол чапты. Ярмат палван кайыш курун бир илмекке жылдырып, белин бууду да, өзү айткандай тишине салып, таштарды бир чекеден ыргытып чыкты. Тургандар микрофонду күтпөй эле кол чаап жиберди.

— Бали, кем болбо, атуулу! — Жарчы аны колунан



жетелеп, шакекти бир айлантып чыкты. Ярмат палван кийиздин чекесине малдаш куруп, бая «Волгадан» түшкөндө өзү менен ала келген термустан чай куюп ичип отурду. Жарчынын доошу муңайым угулду.

— Ярмат палван!

— Кулагым сизде, Бахтяр ака!

— Бүгүн сиз Кува-Сай жактан ушу ферганалык агаиндар деп, шулардын көңүлүн бир жашаңдатайын деп, тамашага маарек кылайын деп элирип, сүйүнүп келдиңиз. Тамашаңызга, күчүңүзгө, чапчаң оюнуңузга шапак чаап, жанажан атажандар, шу балажан дагы нечен-нечен журт кашында туруп, таш көтөрсүн, жана дагы көп-көп жылдар калк көңүлүн курсантчылыкка бөлөсүн деп дубасын берип атышат. Палван!

Сөз арасында шеригин утуру чакырып турбаса, кебинен адашып калат окшойт деп калдым.

— Палван!

— Лаппай! — деп коюп палван да жөн отурган жок, пиала аркасынан пиала бошотуп отурду.

— Шу отургандардын ичинде «кыдырган элинин кимине болбосун бу палвандын ыйманы оттон ысык учурасын, билегинен күчү, башынан ооматы кетпесин» деген кыянатсыз, асил ниет адамдар болсо, уул көрсөм уултайым ушу Ярмат палвандай таш көтөргөн, журт лапазинде жүргөн атуулу болсун деп тилек кылган ана-эже, карындаштар болсо, жана таш көтөрбөсөк да элдин камын эстен чыгарбай, намыс үчүн керекке жараган Ярмат палвандай алакөөдөн, көңүлүндө жакшылыгынан бөлөк кири жок азамат болсок деген кырчын тал жигиттер болсо жаныңардан шу палванга деп, битта сом, экита сом атасаңыздар!..

— Ярмат палван!

— Эшитип атам, Бахтяр ака! — деп ал ордунан турду.

— Мынабы пакырды карман дагы, мени эргешип басың, тамашабандарды бир тегеренип чыгалы! — Жарчы палванга жап-жаңы, али суу куюла элек челекти карматты.

— Агаин-туугандар, палвандын зыйнаты, көңүлүңүздөрдөн чыкканы, битта сом болобу, экита сом болобу, аз дебейбиз, көп дебейбиз. Көңүлдөн чыкканы... Палван үчүн!

Жарчынын оозу-оозуна тийбейт. Аркасында микрофондун узун түйүнү кара чаар жылан болуп чубалжыйт. Палван аны ээрчип, экөө жарым саатча пул чогултушту. Садагасы кетейин көпчүлүк, тилеги таза көпчүлүк жанынан сууруганын палвандын чакасына кыйылбай таштай берди. Ата небересине, энелер баласына, кош бойлуу келин кур-

сагын тепкен наристесине атап, илгери үмүт менен пул узатат...

Экөө ортодогу таштарга кайтып келишти... Таштар менен бир катарда бети кара чарчы менен жабылган челек турду... Палван таштарын шашпай тизип, ага узун темир өткөздү. Эки учуна чынжыр бекитип, мойнуна илди. Дене-бойду дүүлүктүргөн керней, чилдирманди көрүп ал!

— Палван!

Жаагы талбаган жарчы экен, «палван» деп эле турат.

— Лаппай!

— Шу төрт ташты бириктирдиңиз. Мойнуңузда азыр нечи салмак бар, шардана айтып туруң!

— Жүз жыйырма сегиз кила моюнда!

— Баракелде, кантип көтөрөс!

— Мойнума салган боюнча тамашабандардын алды менен тегеренем!

— Бали, кана, карнайчи, чилдирманчи!

Палван бакандап суу көтөргөнсүп, темир желкесин ийип, отурган элди бойлон дикилдеп басты.

Ошондон кийин, палван желкесиндеги салмакты таштагандан кийин, термусунан чайын ичип отурганда, жарчы дагы «палван!» деп чакырарда кызык иш болду. Баягы жанындагы балага жетелетип өткөн чал ордунан туруп алды.

— Оо туугандар! — деди жер тиктеген калыбында, — Шу тургандардын ичинде таш көтөрүп, эл алдында күч-кубатын сынап көрчү азаматтар бар бекен?! Босо, чыксын, палван дем алгыча, тамаша кылалы! — Көр чалдын бу жоругун ким күтүптүр. Анын далдайган зор сөөлөтүнө көз токтоткон элди аралап, шыбыш-шыбыш сөз жүгүрдү. Башын устара менен кырдырган баягы киши жанындагы оюнду бут учуна тура калып караган, карды салаңдаган, агала сакалчанга бурулду.

— Мунуң баягы Төө-Моюндук Сурман палван экен! — Өзү тапканына өзү сүйүнүп, чала-була кыйкырып ийди.

— Ой тоббо, ошо. Көзүңүз көз экен, тим эле ыргыта таанылсыз, — деди карды салаңдаган агала сакал бут учуна тура калып, — Көзүнөн айрылган экен бечара, болбосо баягысындай эле...

— Оо-уу, муну көрөлегибизге канча болду! Жакшы карыптыр...

— Кырк бешинде Сыр-Дарыялык Идаят палвандын белин үзө чапкан Сурман жамбашчыл ушу да.

— Өзү! — деп атырды буркуратып себинген киши башын ийкеңдетти.

Сурман палвандын кеби көпчүлүктү толкутту, бирок, «кана, көтөрсөк көтөрүп көрөлүчү» деген бирөө-жарым суурулуп чыкпады. Палван сүрүн, палван савлатин, илгери алышканын эки-үч силкип боюн жерден бошотуп, так көтөрүп жамбашка салган адамды карыялар таанып турду. Сурман жамбашчыл үндөбөй тегерекке сүкүт салып, кулак түрөт. Жарчы шашып калды.

— Атажан, биздин маалда таш көтөргөн пенде кемдекем. Бирөө-жарымдын намыс-арына тийип алсак, белин кокустатып албасын, оюндан от чыгат... Ярмат палвандын өнөрүнө кайтып тамаша кылалы. Кана, палван, өйдө тур! Керней, чилдирман!

Сурман палван колун өйдө көтөрдү. Көпчүлүккө жүз бурбады, ортону тиктеген калыбында:

— Илгери шундай жерлерде, калың журттун көзүнчө не бир азаматтар биринен-бири талашып таш көтөрчү эле... Эч ким чыкпаса, карууну биз сынап көрөлүчү, — десе болобу. Баягы чымчыктай бала колтугунда жүрөт.

— Быякка жүрүң, таштар бу жерде тизилип турат! — деп, тартынганды билбеген бала экен, атасын таштарга жетеледи. Күлкү чыкты. Таанымбагандар, көбүнчө жаштар шаракташып күлүп жатышты.

— Көр адам турбайбы, таштын алдында калып өлөт экен!

— Баласын жетелеп кетсеңер, таш тоголонсо!..

— Мээси жок бейм бул чалдын...

— Ташка жолотпогулачы! Бир нерсе болсо догунда каласыңар!

Сурман палванды тааныгандар үндөбөй турушту. Чал эңкейип, четки ташты кармады да, «оп-па!» деп белине чейин апкелип, өйдө көтөргөнгө дарман-кубаты жетпедиби, же намыс-ары козголдубу, же бир нерсени туйдубу (же бир нерсени көрдүбү!..) ташты күрс эткизип таштап жиберди. Жакын отурган келин-кесектер «ой, бу жинди экен!» деп тура качышты. Көпчүлүк кыраан-катка түштү. Көпчүлүк менен чатагы жок, чал баласын чакырды.

— Кадыржан!

— Басыңчы, ата, кетели бу жерден! Сизди маскалдап күлүп атышат. — Намыстанган бала чалдын колунан тартты.

— Кетебиз, балам. Биз калбайбыз бу жерге! А тургандар бизге күлгөнүн коюп, мурда өздөрүнө күлүшсүн. Андан көрү, тургандарга айт. Кыйкырып туруп айт, уулум! Таштар отуз эки килалик эмес, он алты килалик экен!

Чочуп кетти бала. Коркуп кетти, жалганды билбеген наристе.

— Бизди алдашыптырбы!? Баарыбыздыбы?! — деп кулуну чыңырып ийди.

— Кыйкыр, элдин сообунда каласың. Бекерден-бекер алданып тура бербесин! Кыйкыр.

Кадыржан ортого жүгүрдү.

— Булар палван эмес, эптеп пул тапкан көз боёмо...— Бала сөзүн түгөтө албады, бала сөзүнүн аягына чыкпады, баланын кирсиз көкүрөгүн көпчүлүк көрө албады, атаганат... Анын үнүн керней менен чилдирман басып кетти...

Кува-Сайлык Ярмат палван талтайып, жанараакта эле Сурман палван салмактаган ташты оң колу менен ыргытат да, сол колу менен кармап, өнөр көрсөтө берди...

Сурман палванды элден мурда тааныган, башын устара менен кырдырган адам баш чайкады. «Мынаны караң, көзүбүз соо туруп биз көрбөгөндү көзү көр адам туюп, айтып берип турса, барып-барып пенде баласы эмне болор экенбиз...» — деп айтты да, шакекти бузуп чыгып кетти. Бут учуна тура калып оюнга тамаша кылган кара сакалчан да жөнөдү аркасынан. Карасам, жездемдин да палванды көрөйүн деген көзү жок. «Кетели» деп калыптыр. «Пулдан айлангыр, колуна дагы беш сом карматам. Ысак жээнимдин баласын ойлоп, ушундай палван чыкса экен деп бербедим беле, башы-көзүбүзгө садага...» деди жездем.

О кыйла узап кетсек дагы жарчынын үнү бизди кууп жетип алат.

— Ярмат палван!

— «Лаппай» деген палвандын эрикме, көңүл кош доошун уга албадык. Анын ордуна керней менен чилдирмандин үнү чыкты...

Автовокзалга кетпаратып, баягы колун боорунан түшүрбөгөн коончуну эстедим. Чөл көрүнгөн муңайым көздөрүн, «жегенге пул жок, тага!» деп өткөн-кеткенге коон кескен курч чарабзалын эстедим дагы:

— Балдар жол карашат, жезде. Коон ала кетеличи, өзүм эле көтөрөм, — дедим. Бу сапар жездем жок дебеди.

Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар... Үймөктөрү өзүнө арбап турат...

## «АТАМДЫ КӨРГӨН ӨЛБӨСҮН...»

Үйүбүз жогорку көчөнүн эң башында. А автобус үч көчө ылдый, дүкөндүн оозуна токтойт. Айлыбыз чоң, узун-узун алты көчө, а автобус бир жерге (дүкөндүн оозуна дебедикпи) токтоп өтөт. Биздин көчөнүн аксакалдары үмүт кылышабы, кээде: «О шопур бала, карыганда кыйрандатпай жогорку көчөгө бир токтоп кой, кемип калбайсың» дешип калат. Анда автобус менен бир болуп келаткан кары-картаң жаалап, шопурдун ордуна өздөрү эле жоопту «катырып» коюшат.

— Ысыгында ушу жерден түшүп калсаңарчы!

— Же Папанга кошулуп барып, тамаша кылып келесиңерби!

— Көтөр чыптаңды, кадам сайын сага токтоп жүрөлүбү!..

«Об-бо закүнчүлөр ай, өкмөттүкүн өзүнүкүндөй көргөн ушулардыкы жаман өттү» дешип, мукураган коңшуларына оор чыпталарын көтөртүп, дүкөндүн оозунан түшүп калышат. Биздин айылдын өзүнө өмүрү автобус жүрбөптүр. Илгери жүрбөгөндөн кийин азыр да жүрбөйт да. Ноокатка, базар-учарга келип алышат да, жогору өткөн үч автобустун оң келгенине отуруп кете беришет. Дүкөндүн оозуна токтогондо үндөбөй (үндөсө эле эмне угарын эшиттиңиздер го) түшүп, алты көчөгө тарап кетишет.

Автобустан түштүм. Дүкөндүн маңдайындагы чоң талдын түбүндө биздин чалдар (ооба, биздин чалдар) күнөстөп отурушат. Бир жылдан бери былк этишпептир. Баягы айылга келип, кайра кетпарканымда да ушул картаң талдын түбүндө күн чубактап отурушкан, жарыктыктар. Ошондо да ата-бабалардын эрдик-уламыштарда калган тарых-баянын эрмектеп, бири айтса бири тыңшап отурушкан болчу. Азыр да ошол кепти, нечен-нечен өмүр аттап, тилден-тилге оошуп, кунары кетпеген зирелүү сөздүн аягына чыгыша элек, моокумдары кана элек... Эңилип, бир четкеден кол бердим.

— Оо кимдин уулусуң?— деди Артык абам сунган колумду коё бербей. Өткөн жылы да колумду коё бербей ушинтип сураган. Мени эмес, биринчи ушинтип атамды сураган.

—Мурзанын,— дедим да, өңүмдөн таанубай жатабы, көз курчу мокоп калганбы деп ылдый эңкейем. Эңкейем да, атамдын атын бир жылдан бери биринчи сапар бирөөнүн сураганына, биринчи сапар атамдын атын адамдарга угуза атаганыма жетине албай, карынын, атамдын теңтушунун шадылуу колун билинер-билинбес кысып коём.

— Кимдин дейт?— Артык абам жака-белинен жана сурады.

— Оо Мурзанын уулумун дейт, комузчу Мурзачы, жогорку көчөдөгү!

— Аа, Мурза сопунунбу... Бечаранын балдары ишке жарап калган экен. Пурунзада жүргөнүсүң го?

Баш ийкейм. Күлөм. Бир жагынан ичим ачышат. Атамды көптөн бери азыр эстеп жатпаймынбы. Колумду коё берсе, калгандар менен да учурашсамбы дейм, колумду коё бербейт, жарыктык. Көрсө, колумду кармаганы, атамды эстегени экен.

— Атаңдын көрбөгөнү калдыбы, силер деп жүрүп... Силерди итче тиштеп чоңойтту, эр жеткизди эле... Уулумдун окуусу жакшы, куда кааласа, бүтсө чоң болот деп калчу, бечара. Ошонусу сен турбайсыңбы. Өмүргө там бересиң, ыргыткан таш экен зуулдап... Баягы эсиңдеби, Нурмат (сол ныптасында отурган Момун абаны мүрүсү менен секин түртүп койду), ушу баласынын бир нерсеси газитке чыгат. Ошону сен жаздың беле? (Баш ийкейм, колумду коё бербейт). Ону бу жогорку көчөдөгү Исматтын балдары көрүп, окуп бергенби же бир жерден өзү укканбы, өйүздөн бирөөнүкү той берип калат. Ошерде отурсак, Исмат кырчаңгы жөндөн-жөн эле сөз чыгарбадыбы. О, арбак урган эмне дейт десең: «бу Мурза, уулум чоң болот окуусун бүтсө деп, оозундан түшүрчү эмес элең. Онуң сени «далдалчы», «комуз чертип, талкан чогулткан», «бирөөнүн кезүүсүн кайтарган, дагы имне балаа, кимдин дубалын урган» деп газитке таза келекелеп жазыптыр го. Бала деген дагы ушундай болобу?! О күндөрдү да көрдүң, тана белең. Жакшылыгыңдан ошенттиңби, жокчулук кыстап, ушу балдарым деп жүрдүң, көргүлүктү көрдүң. Жаза турган нерсеси түгөнүп калса да, атасын жазып имне кылат, кысталак. Андай баланын барынан жогу» дебедиби элдин ортосунда. Атаң сөзгө чыйрак эле бечара, бош келбеди. «Исмат, бала жазса атасын жазыптыр, же о күндөрдү көргөнүбүз жалганбы? Ого көп жиниң келбесин, саткайыма сары деп коюп жүрө бер» деди жумшак гана. Биз, ошерде отургандар «жазма ишинде жүргөн бала экен, жазса атасынын кадыры, ушунчабыздын ичинен жалгыз Мурза газитке чыгыптыр. Сан миң адам окуйт экен. Баланыкы туура. Атам бизди ушинтип баккан экен деп жигари эзилип, мээнетти билип жазып атпайбы» дедик. Ошол уулу сен турбайсыңбы. Жаза бер, балам! Колуңдан келсе атаң жөнүндө дагы жаз, анын көрбөгөнү калган эмес. Башкалар жөнүндө, эл жөнүндө жаз! Шу ишти кыласың деп, бешенеңе жазган да...— деп туруп колумду коё берди. Чалдарга тегиз кол берип учураштым.

— Атаң жакшы киши эле. Орозо айында үзүлдү,— деди Нурмат аба.

— Базардан калчу эмес. Көчөт эле сатып келе берчү, бечара. Ошолору болдубу? — деп сурады Максыт кары.



— Өткөн жылы бирин-серин гүлдөгөн экен. Быйыл өрүктөрү мөмөгө кирди дешти, өзүм көрө элекмин,— дедим.

— Атаңдын турагына астайдил көз салгыла, балам. эртеби-кечпи келип отурар жериңер ошо жер. Ата жайы деген ыйык келет...— деди Төрөкан аба.

— Газитка канча нерселерди жазып жүрөт, ошону кантип билбесин...

— Билеби-билбейби, айтып коюш биздин моюндагы иш. Атасы менен бир өстүк, бир жүрдүк...— деди Төрөкан аба.

— Атаң экөөбүз ашына элек. Жакшылыгын көп көрдүм. Бирин эле айтып берейин, угуп тур. Бизди дагы көрөсүңбү, жокпу айтыш кыйын...— деди Рахман аяш атам.— Согуштан кийинки жылдар... Сыртта он бешке жакын киши орокто жүрөбүз. Күздүн күнү. Күн жаныбар куйкалайт. Оокат тартыш. Бирткеден загра нан берет. Күн алыс ысык оокат. Ал да — болсо, болбосо жок. Айлап жатыптуруп, эгин оробуз, боолайбыз. Катын, бала-чака алыс. Жүдөгөндү айтпа. Иштен ким жүдөйт эле, айылда калган бала-чаканы ойлоп, санаа тынчыбайт. Күндө норма деп коёт. Нормасын бизге окшогон алдуу-күчтүүлөр эле толтурбаса. Бир күнү кечкурун чоң казанга күрүч шөөла жасадык. Күрүчтү өчүбүз бардай салган экенбиз, канча от жаксак дагы күрүч «тирик» туруп алды. Акыйры болгон суубузду куйдук дагы, отту ичкертпей баягыны кайната бердик, кайната бердик. Кийин күрүч кичине жумшарып оокатка окшоду. Казанды оттон чыгарып ортого койдук. Түн. Ай чыга элек. Казанды тегеректеп, он бешибиз тең кыпчылышып отурабыз. Жолборс аба ыраматылык, силер дагы көрүп калдыңар окшойт, кечээ жакында эле өттү. Жүдө зор киши эле, ат ордуна арабага кошо турган. Ошо бечара «ха!» дейт, дегенде эле колдор казанга чап жабышат. Жеткенибиз күрүч чеңгелдейбиз. Жетпегени үлгүрбөгөнү кийинки «ха!» дегенди пайлап турат. Жана «ха!» дегенде экинчи катар кол салат. Ысык казан, күрүч анан ысык. Кол менен ооздун күйгөнүнө карайсыңбы. Кайра курсакка бир нерсе түшүп калса экен деп ынтыласың. Тобба, эми ошондо түртүшүп, таламай менен жеген шөөланын даамы аңгизгече таңдайымда турат. Жеп бүтүп, жатып калдык. Баягы туздуу күрүчтүн суусатканын эми көрүп ал. Уйку качты. Каныбыз катып атса, кимдин көзү илинет. Кургак илабин[1] жалаган эле адам. «Суу эле, суу» дешет. Суунун болушун казанга куюп салбадык беле. Ээн

[1] Илаби — ээрди.

адыр. Ал кезде карышкыр да күч алып кеткен. Калп айтпасам, он беш чакырымдай жерден Көччан дайрасы агып өтөт. Кулак төшөсөң шаркыраган шоокуму угулуп турчу. Амалыбыз түгөнгөндө отуруп бердик. Бир маалда, жаны жанатты болгур, ушу сенин атаң келиптир. Анда бой жүргөн маалы. Жолборс аба менин жанымда жатчу. Ошого келиптир. Бечара, имне дейт десең. «Жолборс аба, ушу адамдардан бир дуба алып бериң, сууга өзүм барып келейин» дейт. Көзгө сайса көрүнгүс ээн адырда ушундай деп турат. «Кой, кырсыкка кириптер болуп жүрбө! Өлбөйбүз таңга чейин чыдасак, бир амалы табылар» деген адам чыкпады. Тилибиз оозубузга батпай, көзүбүздөн бир ууртам суу учуп турат... Суунун азабы кыйын болот экен. Жолборс аба ордунан турду дагы: «Кана эмесе, ушу кембагалга бир дуба берели, ушу бечара дагы агарсын, көгөрсүн! Кудай максат-талабын берсин, кимге сүйлөсө, жылдызы оттон ысык учурасын! Сууга кетпартат, өмүрү суудай тунук болсун ылайым, оомин!» дегенде тургандар чуркурап бата тартышты. Барбалаңдап сүйүнгөн атаң, азыр дагы көз алдымда турат, эки пайчасын түрүп, эки челекти колуна алып түн жарымында жыңайлак, дикилдеген боюнча бечара жүрүп кетти. Таңга жуук, жерге жарык түшүп-түшөлекте сууну апкирип келди. Ташка бутун уруп тамтыгы жок, суй жыгылыптыр. Сууну баса калдык. Ошондой жакшылыгын көргөнбүз атаңдын. Көзү өтөр-өткүчө ар кайсыл жерде ошону кеп кылып жүрүштү. Кем болбоду, силерди көрдү, азамат чыктыңар. Тарбиясы да бейчеки кетпептир. Келгениңде учурап тур, атаң тууралуу сөз түгөнбөйт...

— Жолунан калбасын, кой барсын,— деди Сатыбалды абам,— агаң жүрөт эл катары, бала-чакасы менен. Кечээ магазинге ун түшкөн. Бир чыпта ун өңөрүп кетти. Каякта жүрсөңөр да эсенчилик болсун, ошонун өзү зор дөөлөт...

— Мурзанын өзүн тартыптыр. Куюп койгондой...— Максыт карыны ээрчий отургандар баш көтөрдү. Атам жөнүндөгү сөзгө териме батпай сүйүнүп тургам, чекемен тер чыпылдап. Эсимден чыга түшкөн, унут калган аялуу сезим козголуп, жүрөгүмдү утуру кысып коёт. «Атаңа окшош экенсиң» деп шуга чейин мага бирөө айткан эмес. Сүлпөт-сүрүмөн атамды көрүшүп, акыл кеби менен далымдан таптап, бешенемден сылап узаткан карыяларга улам-улам кылчактайм. Ар кимиси эңкейген калыбында эзели түшөнбөс урпактардан урпактарга уланчу адамдын адамдыгы тууралуу, жакшылыкка жакшылык менен жооп бер деген санжырага (ошо менен өмүр кыскартышып отурганын билишээр бекен...) баш-оту менен кирип кетишкендей... «Атамды көргөн өлбөсүн...» деп ичимден алардын тагдырына жалынып кетпараттым.

* * *

Өзүмө өзүм түшүнбөйм. Өзүмчө эле кусаланып, үйдө туралбай, эртеси эле күн чыга электе эч кимге көрүнбөй айыл четиндеги көрүстөнгө келдим. Издеп апамдын бейитин таптым. Төбөсү бастап, өткөн күздөн калган кууураган чөптүн арасынан, жашыл майсаң көгөрөт. Шуудүрүм жылтылдап, чыгып келаткан күндөн көзү уялат... Сага бир сыр айткансып, сенден сыр сурагансып (көзү өткөндөр ичинде кеткен арманын ушу сагызгандарга айтат имиш деп жүрүшөт) көрүстөндү бойлоп өскөн талдарда шакылыктап сагызган жүрдү. Атамдыкын оңой таптым. Бейитине бирин-серин какым чыгыптыр. Кыбыла беттеп турдум эле, атам колун арткансып, апам ийинимден таянгансып көтөрүлүп келаткан күндүн табы желкемди чымыратып келатты.

Жарыкчылыкка бине кылып, сага өмүр энчилеген адамдардын мүрзөсү жанында өзүң менен өзүң калганда демейде эч нерсе капарга келбеген текебер, иленди көңүлүң чыйралып, каяктарга сабалабайт... Сен жашаган шаардын шашма турмушу алдына салып кубалап, бири бүтсө, бири калган көр тирилик көк желкеден басканда, туулган жер эмес, айылдаштарыңды, урук-тууганыңды эстегенге чолоң жок жүргөнүңдө, болор-болбос кыжы-кужуга, саалчалык чекилик үчүн кан кызытып, бири-бирине үрпөндөшүп, араздашканың менен апталап жүз үйрүшпөй жүргөнүңдө, сенден тээ алыста, сенин киндик кан тамган жериңде калган эки бейиттин ортосунан куюн көтөрүлүп, саратан жайдын айлуу түнүндө чегиртке чырылдап, күзүндө жамгыр, кар чапкындап, кышы бороşологон карга көмүлүп, көктөмдө, арасынан тирүүлөр күткөн жаздын жели ойноорун, а тегерегинде жашоонун кыскалыгын, кымбаттыгын кабарлап, жүрөк сезгенткен каргалардын каркылдагы жаңырып тураарын, а садагасы кетейин мезгил дегениң чым жаздангандардын үстүнөн да, сен күнүн көрүп жүргөн калың журттуу калаанын үстүнөн да тең арымдап, жүрүшүн арбыта берээрин жан-териң менен туят экенсиң... Туят экенсиң да, көөдөнүңдү арман, кусалык аймалайт. Жүксүз кетирген убактыңа, тириликтин «чү» деген жагына жүрүп берген көңүлчөөктүгүңө, азга топук кылып, азга гана алымсынган ала-көөдөндүгүң үчүн өзүңдү өзүң жекиресиң, жек көрөсүң...

...Апамды бул жерге алып келген күндүн эртесин, атамды ээрчип көрүстөнгө келгенибизди эстейм. Ошондо атам да мага окшоп жерден башын көтөрбөй кыбыла беттеп турган эле. Ошондо өмүр сапарын бирге карыткан адамын жерге берип, канаты кайрылганда чөгүңкү көңүлү каяктарга чабыттады экен! Саналуу жылдардан кийин ушул жердин укумдай жери өзүнө энчиленээрин жүрөгүнүн башында түйду бекен? Мүмкүн, атасын, чоң атасын, балдарын ойлоп, ошондо желкесин тиктеп отурган балдары да кийин муштумдай бейитине чөк түшүп, көздөрү кақанактап, ата мээримин, ата кадырын, ата карызын эстешээрин ойлоду бекен? Сураган эмеспиз. Сураган күндө дагы ооз ачмак эмес...

Көрүстөндүн кыйчылдаган эшигин жаап, зымын чырмайын деп калганымда «эй бала, жаппай тур!» деди бирөө аркаман. Карасам, кышылдап бирөө дөбөгө чыгып келатат. Айти абаны тааныдым. Айти багбан! Чөнтөгүнөн кызыл алмалар үзүлчү эмес. Жоош-момунун кылдап, жактырган балдарга берчү. Мен өңдүү кутурган, таманы жеңил балдар колунан бир дагы кызыл алма жебеди. Жаман көрчү. «Алма уурулар» деп эки-үчөөбүздү тим эле көрөйүн деген көзү жок болчу. Этек-этек кызыл алма уурдаганыбыз менен баары биригип, багбандын колунан алган бир алмага татыбайт эле. Чоңоюп, эр жеткиче анын колунан алма алып жебей, өз-өз жолубуз менен кете бердик...

«Азыр деле бербейт» деген ой кылт этти. Төбөсүндө үрпөйгөн кашын баскан илгерки, көзгө тааныш, чыйбаркыт тебетей. Насвай саргайткан маңдайкы жалгыз тиши дагы эле алдыңкы ээрдин аттап, арсайып чыгып жүрөт.

— Кимдин уулусуң, таанybайтам?— Айти багбан көрүстөндүн оозунда туруп сурады. Сүйлөсөм өзүмдүн үнүмдү өзүм тааныбайм. Доошум каргылданат.

— Атаңа келдиңби?..— деди. Баш ийкейм. Илгери той берген адамдын эшигинде атамдын эшегине учкашып кетем деп күтүп турсам, сыртта кызмат кылып жүргөндөр «атаңа келдиңби?» деп сурай беришчү.

— Уюм жок, аркандаган жеринен казыгын сууруп кетиптир. Көрүстөнгө кирчү эле, көрүнбөйбү?

— Жоок, аба, уй-пуй көрө албадым. —дедим. Үнүм өзгөрүп калыптыр, өпкөм көөп калыптыр... Ылдый жүгүрүп түшүп кеттим.

«Оо-ов, Оо-ов!» деп Айти аба уюн көрүстөндөн издеп жүрдү... «Жок» дегениме ишенбей, тээ бүлбүлдөгөн балалыктын көз күйгүзгөн кызыл алмасын кызыгында алалбай, турмуш деген чоң дүйнөнү көрөм деп кете берген боз баланын айтканына (азыр дагы!) ишенбей, жарыктык, уюн издеп көрүстөндө жүрдү... «Ов-ов! Оов-ов!»

Баягы сагызган дагы шакылыктады...

## ТАРАЗАЧЫ

...Бирин-серин таразачы биздин шаарда да бар. «Жок болсо, калаанын турмушу бир жеринен кемип турмак» деп бирөө-жарым айта беле. Ошо болгонуна шүгүр дейли...

Көпчүлүк менен шаар кыдырып баратсаңыз, эски парктын этегинде таразасына боюн теңеп какайган, бүркүт кабак, агала сакал кары жолуңузду торойт. Ошо кыргыйдай адам — мен сиздерге айтайын деген Туйду таразачынын өзү. Кылар ишин өзүңүз билесиз. Балдарга көз ымдайт, о чакырганы. А чоңдорду болсо ээрчий карап: «О таразага түшүп турганды унутпаңыз» дегенчилик, тамагын түзөйт. Көбү көрмөмүш болуп өтөт. А бала деген бала. Үймөлөктөшүп, таразадан бири түшсө, бири чыгат...

Өткөн-кеткендер менен кеп эрмектеп, насвай атып отурган таразачыга көпчүлүк көндү. Сакалы белине түшкөнчө шаарда күн өткөргөнү көп элге кызык. Тил кычышат. Батынып сурагаңга кимдин оозу барат? «Көргөн-билгениң эле мен болуп калдымбы?..» десе осолуң он пул болуп, сураганыңдын артыгы чыгат. Бир жерге токтобойт. Токтосо да бир ай, жарым ай турат да, таразасын жүктөп, калаанын бөлөк тарабына көчөт.

Бул жолу таразачы көк сыр менен майланган күндөн далдалагычын автовокзалдын маңдайына, эл үзүлбөгөн аялдамага түшүрдү. Аялдамынын бир четин суу саткан аял ээлейт экен. Ошол күнү эле «чоңдорунун» бири аркасынан издеп келди. «Дейди аяк болуп кеттиңиз го, бу. Кийинки күндөрү изиңизди таппай калчу болдук. Парктын этеги жакпадыбы сизге? Тандап келип отурган жериңиз ушерби? Бир ооз кеңешип иш кылат адам деген... Өзү баштык дагы эби менен болсун...» дейт.

— О балам, о бери кара!— деди аны сүйлөп бүтсүн деп күтүп турган Туйду,— Дейдилик кылдыңыз дедиң, башың ооган жакка басып кеттиң дедиң. Ушунча болду, пландагы пулду төкпөй калган күнүм болдубу, айтчы. Бу бир деп тур. А жер тандашты, каякка отуруп, каякка көчүштү али мага эч ким үйрөтө элек, эки деп тур...

Туйду илгертен эле чоттоп жүргөн бул жерге келишти. Шаарга түшкөн элеттиктерге жолукканга, көкүрөгүн кытыгылаган нерселер туурасында бoжурашып, чер жазган-

га кумар эле. «Жаш өйдөлөгөн сайын кеп-сөз дагы курак тандап калат экен. Анын үстүнө, айылда жашап бир сапар таразага түшүп, канча кил чыгарын чемеге албаган кургур жок дейсиңби. Эл болгондон кийин чыгат экен. Калаага келип, салмагын кошо билип кетсе, жаман иш кылабы?..» деген ою нечактан бери эле автовокзалга сүйрөп жүргөн.

Суу саткан аялдын аты Калбү экен. Келген күнү колунан суу ичти. Кашына осмо коюп, үлпүлдөк жоолугун төбөсүнөн түшүрбөй жүргөнгө кыйла жаш көрүнөт. Экинчи күнү эле Туйдуну суу ич деп өзү чакырды. Таразанын туура темирине эрикпей сары чакаларды тизип отурган Туйду жок дейби. Басып келип, төрт-беш кишиден кийин кезекке турду. Калбү жаңы куйган сууну көпчүлүктөн ашырып, коңшусуна узатты.

— Ичип, таразаңа жөнө!— деди баласын баштаган энеге окшоп. Туйдуну кудайдын бир момуну деди окшойт. Анча-мынчага ынап болуптур ал.

— Кезегим менен ичем, күйүп аткан ишим жок. Менден беш бетер чаңкагандар турат алдымда, ошолор ичсин. Сууң түгөнбөйт,— деди шаар тартибине бышкан кары. Калбү ачуу данек чайнагандай болду. Тургандар күбүршыбыр. Туйдунун кезеги жеткенде оозун бирөө тырмагансып, Калбү кеп жаңыртты.

— Тыйыныңды тек кой, коңшу. Бир стакан сууну бекер эле ичип жүр,— деди таразачы сунган тыйынды алган жок.

— Сага берген жокмун, өкмөткө берип атам!— деп кыйкырса болобу таразачы көпчүлүктүн көзүнчө. Сууну ичип кетип калды. Суу саткан аял кайсар мүнөзбү, кызарыштын ордуна, карынын аркасынан тим калбай:

— Тынч отурганымда чекеме чыйкан кылып, бу таказаны кайсы шамал айдап келди!— деп жиберди.

— О чыйкан деген башка болот!— Таразачы суу саткан коңшусуна карап күлдү.— Кайра сага эрмек болом. Саартан-кечке үзүлүп түшүп, миң адамга суу сунасың. Оозуңа суу толтуруп алгансып, бирине да ымалалуу кебиң жок. Канча адамдын сообун алып атасың, өзүң билесиңби ошону?— Туйдунун сөзү беркинин катый түшкөн көңүлүн жибитти окшойт, чоргонун алдына кыстарган сынык күзгүгө каранып, жоолугун оңдой, кезектеги адамга суу куйду. Маал-маал, аялдамадагы элдин арасы суюла түшкөндө Калбү таразага чыккан адамга чагыраак ташын издеп, күйпөлөңдөгөн коңшусун көрүп калат...

Күн ысыганда Калбүнүн ишин көрүп ал, Туйдунун иши эми жолдо калат. Анын таразасына бир жан баспай, кулагын күнгө жедирип мукурап отурса Калбүнүн суусуна кезек узаргандан узарат. Шыпылдап элге суу куйган коңшусун тиктип, ичинен аяп кетет. Бир оюнда туруп-барып, жок дегенде стакандарын иреттеп турсамбы деп да коёт. Бир жактан чак түштө кол куушуруп, бекерчи болуп отурган өзүнө жини келет. «Эл деген кызык, таразага бирөөсү түшсө болду, аны көрүп бөлөгү келет, дагы бири, анан келе беришет... А баштап бергени болбосо, жакын жолошпойт, эл кызык эле...»

Айласы түгөнгөндө өйдө-ылдый баскандарды кепке чакырып жолунан кайрыйт. Салмагын так билсин дегениби, таразанын пешинен түшүрбөй, жагабы-жакпайбы: «калың кийинип чыгыпсыз. Кийим-кечеңизди кошпогондо, баланча килди нак бастыңыз» деп отурат. Бирөө макул көрөт, бирөө наараазы. Таразасына шек келтиргендер да табылат. Таразада эмне айып? Өткөн жылкы салмагына жетпей калса, күнөө Туйдуда бекен? Мына, салмагы көңүлүнө бап келген жигит кол күчүн өлчөөчү аспапты сурады. Булчуңунда күч чымырап, белинде кубат ташып турбайбы...

Тараза акысы деп бири майда сунат, бири ашык сунат. Ак-карага башынан сак кары акыга келгенде да ашык-кемине так. Кайтарымга кол шилтегендер болсо этектеп, ашык тыйынын колуна карматат. «Сенин майдаң мени байытып ийбейт, ашына, тапкан-ташканың өзүңө буйрусун» дейт көп жашаган шаардык.

Шаардык десе, Туйдуга жарашат эле. Калаа мекендеп, таразачы атыкканына тууру он сегиз жылга кетиптир. Жалгыз уулун ушул шаардан окутту. Онусу окуп жүрүп үйлөндү. Небере көргөндө Туйду түштүктө, өз айылында ат багат эле. Пенсияга чыкканда уулу кайта-кайта барып жүрүп, акыры ынатып, шаарга көчүрүп баса берген. Үйдү саттырган эмес Туйду. Пенсиясынан кырктырып налогун маалынан кечиктирбей почта аркылуу салып турат. Үчтөрт айда бир жолу уулун ээрчип, анын чолоосу тийбегенде өзү эртелеп билет алдыртып, тууган-уругу менен учурашканча ээн калган үйүн, алма багын көргөнү келип-кетет. Алмасынын күнүн коңшусу көрөт. Түшүмүн калтырбай терип алып, пастан келген алма пуруштарга күүжүм өткөрүп жиберет. Жайы-кышы үй-жайына көз болуп отурса, анан «тийбе» деп айтканга оозу барабы. Күзүндө барып калса, «неберелериңе ала бар» деп торбого өзүнүн алмасынан салып берет. Ошондо бут алдынан жер көчүп, бирөөнүкүн алгансып, карынын күйбөгөн жери күл болот!

Мезгил дегениң жүрө-жүрө түпкүрдө жүргөн сагынычты утуру козгоп, кусалык сезим билинбей толкуп, дагы бир

күнү кырынан аша чайпалып чыгат. Жаныңды тынч койдурбай талпынткан, көздөн учкан тууган жердин каснеттүү кумары ай!.. Туйдуну ошондо калаада кармап калар күч табылбайт! Уул-келини да мындайда чыртылдап калган чалды көпөлөктөй айланып, ички туйгусун билип-көрүп турат. Оозунан сөзү чыга электе «ата, кайсы күнгө билет алып коёюн?» дейт уулу. «Неберелериңиз оңкулдайт го. Көп кармалбай тарта бериңиз» деп сыр билги келини бир жактан.

Көрөсүң... ал кайсы бир жылы, кайсы бир жолу алма багы гүлдөгөн маалда айылына жөнөп кетет да, ошол бойдон киндик кан тамган жеринде калып калат... Мүмкүн, «неберем мектебин бүтсүн» деп ошону күтүп жүргөндүр, ким билет...

Күн кечтесе да, кардар көп. Кетиришпейт. Таразачы тик турат. Буту какшап, уюп чыкты. Аялдамада эл көп. Басарга жол тийбейт. Автобус күткөндөргө тараза эрмек. Туйдуну эми көргөнсүп, таразаны солкулдатып, бирнин аркасынан бири чыгат. «Бу жерде саартан бери турам. Иш күнүм түгөндү, кайтайын. Менин да үйүм бар. Автобус тосом, кана таразаны бошоткула!» дей беле Туйду. Кайра «каалашынча түшүшсүн» деп шашпайт.

— Быйыл курорт дегениңди кой, бу салмагың менен эки-үч ай оозуңа наар албай койсоң болот,— деп моюну узун, чырайлуу аял таразага чыккан күйөөсүн какшыктайт.

— Сага сын тактырып эле койсо... — деп толук эркек таразага чыкканына өкүнгөндөй басып кетти. Сумкесинен капчык сууруп, сулуу аял күйөөсү үчүн акы төлөдү.

— Таразаңды көргүм жок, толуп кеттим. Былтыркы эле алгандарым чекеден батпай калды,— деди чоң сумкасын көтөрүп, күшүлдөп өтүп бараткан кара каш адам. Угуп, ичинен күлүп турат таразачы. Мындай сөздүн канчасын эшитти...

Аялдамананын четинде таякчан бир адам турган. Такси токтосо, ал басып баргычанды бирөөлөр озунуп, отуруп алышат. Таякчан куру калат. Ана, дагы бир такси токтоду. Таякчан киши жеткичеңди башкалар таксинин эшигин ачып, адресин атай койду. Таякчандын дагы жолу болбоду. Туйду таразасына алаксыган менен көз кыры ошол тарапта эле. Мукураган неме көп элден бөлүнүп жалгыз. Келаткан таксинин доошун элден мурда билип алайын деген сындуу башын саал кыйшайтып турат. Жаңы токтогон таксиге умтулду. Шашкан неме ынтылган бойдон, «дагы бирөө ээлеп кетпесин» дедиби, түз барып, машинанын капотуна чабылды. Таягы өйдө серпилип, аз жерден айнекти пачактап коё жаздады. Чочуган неме айдоочудан тил угам деп, кетенчиктеп, коркуп кетти. Туйду ошондо барып анын көзү азиз экенин биле коюп, таразасын кардарларына таштап, таякчанга шашты. Таксиден үмүтүн үзгөн неме каракомок аялдамадан бөлүнүп, тратуар менен өйдө салган. Туйду аны кууп жетип, алдын тороду.



— Каякка бармак элең, уулум?! Жүр, таксиге өзүм сүйлөшүп, салып ийем,— деп аны колтуктан алды. Көз айнекчен жигит унчукпай таразачыны айланып, жолун улагысы бар. Туйду улуу башын кичик кылып унчукту.

— Кечирип кой, балам, кеч аңдап калдым! Өзүм аксакал адаммын, ушу жердин таразачысымын. Бирөөгө грамм бир жамандыгым жок. Такси тийбей атканын көргөм, башкага алаксып, түзүк... Жүрө бер, мени менен, машина токтотуп, өзүм салып жүгөрөм!— Көзү азиз жигит ошондо таягын колтугуна кыса коюп, карынын колун кош колдоп кысты.

— Ыракмат, аба, такси токтотсоңуз өзүм эле сүйлөшүп алам. Өзүм дагы эл иштен чыкканда чыгып, тыгын маалга туш келипмин.— Жигит эми таразачыны колтуктап, жетелеген жагына жүрдү.

— Боло берет балам, шаар деп коёт бу жерди. Баарыбыз тең тирилик деп жүгүрүп жүрсөк, сен үйгө камалып, отуруп ала белең...

Туйду такси токтотуп, жигитти көздөгөн жагына салып жиберип келсе, таразасынын тегереги ээн калыптыр. Майда таштары түгөл чыкты. Бир гана кол күчүн өлчөөчү аспаптын жибин үзүп, бир колу туткак өзү менен кошо алып кетиптир.

Ал таразасын көк сыр менен майланган кепесине киргизип, каалгасын чынжыры менен ороп, кулпусун илди да, өзү аялдамадагы бир көбөйүп, бир азайып жаткан элге аралашып кетти...

...Бирин-серин таразачы биздин шаарда да бар. «Жок болсо, калаанын турмушу бир жеринен кемип турмак» деп бирөө-жарым айта беле. Ошо болгонуна шүгүр дейли...

## КҮЙӨӨ БАЛА

Уулу апасын көргөнү келди. Алыс жерде сагыныч да тургузчудай эмес. Институтту бүткөндөн шаарда иштейт, айылга аз каттайт. Айылдын жазын көрсөм деп дегдеген менен быйыл да чолосу тийген жок. Эски сүрөттөй качанкы көргөн байчечекейин эмдигиче эстейт...

Кийинки күндөрү апасынан кат сейрек тартты. Келсе да, кызынын же күйөө баласынын эмес, бөтөн биреөнүн колу менен жазылат. Кырмызы сыя менен жазган неме кат аягына «Бүажар апаңыздан» деп кичүүлүк ызаат билдирип койгонучу... «Көрүнгөнгө жаздырып, сөзү батпай баратса да, кызы менен күйөө баласын күтө турбайбы...»— деп, ортодо апасы экөөнүн сөзүн тыңшаган немеге Абжалинин кызганычы артат.

«Абжали, көзүңчө сүйлөшө турган кеп бар, чолоң тийсе, бир келип кет» деген апасынын каттагы өтүнүчүнөн чочуп калган. Апасы оорукчан. Басса-турса «кеселдин баары башымда» дечү. Көп кыймылдаса, ашык кыймылы үчүн шакыйнасы төшөккө жыгып, апталап тургузбай эсин экн кылчу.

Катты алгандан кийин Абжалинин күнү өтпөй, колунан иши түштү. Көп узабай жетекчисине кирип, эки күнгө уруксат алды да, айылына жөнөдү.

* * *

Апасы арык боюнда чайнек жууп олтурганбы, Абжалини тосуп, үч көчө ылдый жүгүрдү. Жетти да, кичинекей башын уулунун көкүрөгүнө жөлөп, өзүнө-өзү ээ боло албай эмшеңдейт. Жоолугунун алдынан чыккан ак чачтар баланасына бейтааныш. Тандырдын чогунан ар жери оюлган үстүндөгү фуфайканы тааныды. Нандын, айрандын жыты урат. Студент кезинде курулушта иштеп, өзү сатып берген. Жүзү керсары. Бешенесин бырыш тордоп, муңайым көздөрүндө сагынычтын жашы мелт-калт...

Апасы чемоданга энкейди. Абжали озунуп, өзү көтөрдү. Катар баскан эне уулунун үстү-башына астыртан көз чаптырат.

— Мынча арыксың, тиктегениң эле кагаз экен...— Абжали кара күчкө күлүп, апасын чыканактан жөлөп басат.

— Жөнөткөн каттарым жетип аттыбы?— Абжали апасынын суроосуна мүдүрүлдү. Айылга жооп кат келчү эмес.

— Алып аттым. Кептин чындыгы, жооп жазганга чоло тийбейт. Шаар жери, аякка-быякка жүгүрүп, өз ишиңди эстеш кайда. Ээ, шаарда жашап көрбөгөндөн кийин...— Уулу баш чайкап койду.—О катты катырып жазган ким апа?

— Закир акеңдин уулу.

— Закир деген ким эле?— Абжали токтой калды.

— Илгери коңшу турчу элек. Сен эсиңе кирелек чагыңда көчүп кетишкен. «Жашчылыктын аркасы менен жерден-жер тандап, көп жерде жүрдүк. Балдар чоңойду. Урук-тууган бар экен. Алар менен катташтык да керек экен» деп өткөн күздө көчүп келип, эски турагын оңдоп кирип алды. Учурашканы кирип кой.



Жолдон оропара чыккандар сүйлөшүп алгандай түзүк учураша электе «качан кетиш, канча күн турасың?» деп сурашканы катуу тийди. Анысына да, мунусуна да «келатышым ушу, учуру келгенде кетермин...» деп энтеңдейт. «Эртең кетем» дегенге оозу барбады.

Апасы көчөнүн башындагы төрт канат кызыл кирпич үйгө кол жаңсады.

— Алибай досуңдуку. Былтыр урунду эле, бүтүп койду. Билбей да калдык. Өзү койдо жүрөт.

— Келип-кеткенде кирип учурашабы?

— Ким көрөт дейсиң аны. Жапалак үкүчө түнү келип, кем-карчын алса, түнү кетет. Тамды келиштирип салып койду, качан болсо койду өткөрүп, беймарал жашай берет. Көзүң күйөт...

Үйдүн тегерегин чүмкөгөн чытырман камгак, коко тикен, шорону көрүп, Абжалинин суктануусу сууй түштү. Айылга келген мейманды ээрчиткенсип, апасы божурайт.

— Үстү жабылбай турган бу үй — Кутпидиндики. Сенден эки жаш кичүү эле, эми азамат чыкты. Армиядан келди, пасылке алды. Ошо жактан устачылыкты үйрөнгөн экен, эч кимдин көзүн караган жок. Дубалын өзү көтөрдү. Үйлөнөт экен деп бири айтат. Ага кыз деген чекеден чыгат.

— Эмне иш кылат, азыр?

— Устачылыкта. Өзү теңдүү беш-он балага бригат экен. Оропара чыкса, сурашып жан-алы калбайт. «Абжали достон кабар барбы? Шаардык болуп кетти. Үйлөнгөнүн укканбыз. Үй-жайды да саздагандыр» деп калат. Ичинде кири жок, ачык-айрым неме.

Уулу үшкүрүп койду. Айылдаштарынын биреө-жарымы бетме-бет чыгып, кетер-кетпесин даректеп, мазесин алчуудай үйгө шашты.

Күн уясына отура электе балдарын жетелеген карындашы ишинен келди. Агасы менен күтпөгөндөй салкын учурашты. Кечки тамакка чейин биринен-бири өтүп, каалга жакты карай берип, жакшы да сураша алган жок. Күйөө бала кечикти.

Ал эл жатарда келди. Кайнагасынын келгенин уктубу, ал жаткан үйгө баш бакты. Мунусу Абжалиге жаккан жок. Козголбоду. Күйөө бала анын ойгоо, же ойгоо эмесин билмекке босогодо кыйла турду. Бышылдап, оор дем

алат. Бут алдынан тактай кычырады. Анын ичерин Абжали мурда билчү эмес. Төртүнчү жылга кетти, экөөнүн сыр багып, чечилишкен күнү боло элек. Анын кичи пейил жүрүм-турумун, ой билги мамилесин карындашынан угуп, кийин өзү да аздыр-көптүр байкаган. Бирок бүгүнкүдөй абалын күткөн эмес. Бир кезде көңүлү жакын тели-теңтуштарына «күйөө баладан жолдуу экемин» деп да айтканы эсинде.

Күйөө баласы дагы эле тиктеп турду. Мурду учунда бир нерсе айтканын кайнагасы укту.

— Үсөнсүңбү?!— Абжали уйкусуроо бүшүркөмүш болду.

— Биз эле, чочубаңыз. Ууру-пуру дедиңиз окшойт, — деп тиги калпагын оңдоп, күлгөн болду.

— Качан келдиңиз? Келгениңизди жан билбейт. Кеткениңизди да...

— Саар чыккамын. Бешимден бери үйдөмүн. Самолёт эле учуп турса, бу жол бизге эмне болуп калыптыр.

Үсөн боюн токтото албай жатып, жан чөнтөгүн сыйпалайт. «Тамеки тартканды үйрөнгөн экен. Ичкенин да бүгүн көрүшүм. Же бирөөнүкүндө болдубу... Анда, Азиза эмне үйдө отурат? Мына сага, жоош деп жүрсө «жооштон жоон чыгат» деген ушубу...»

— Турбайсызбы, сүйлөшөлү! — Күйөө баланын корс үнүнөн Абжалинин жонунан жөргөмүш жүгүрүп өткөндөй болду.

— Эл жатты. Кеч болуп калды го. Эртең да күн бар, таң атса шашпай...

— Айылда эрте-кеч деген болбойт. Бир түн, жарым түн уктабай да коё беребиз. Бу жерди айыл дейт... Же бизди мас деп турасызбы? — Үсөн тамеки сууруганда, Абжали туруп, кийинди. Кирсе алып кетеби деп карындашын күткөн. Ал көрүнбөдү. Жеме-жука кеп айтып, күйөө баласына болгон ызаатын ылдыйлаткан жок.

— Ремонттомун. Керели-кечке муздак темир менен алышып, сызда оонайбыз. Бүгүн бирөөнүн бузук «Москвичин» карап бердик. Техника деген — техника да. Бир бурамасын билбей, рулга балчая олтургандар жок дейсизби. Жокпу? Ачык айтыңызчы, жокпу?

Абжали сөзгө тартылбай, тек гана ийинин куушурат. Ага теңелгиси келбей, өзүн башка ойго алаксытымыш болот.

— Чоң шаардан келип отурасыз, өзүңүз калыс болуңузчу. Аякта кандай экен, билбеймин. Биздин айылда алат десе эле, пулдун көзүнө карабай чоңунан-кичинесине чейин машина минип, зуулдатып жүрүшөт. Чоң жолго чыгып кетишкеничи. Ат тезегин кургатпай базарга катташат. Мурда айлап тоодон түшпөгөн малчы-чабан достор менен эми күн алыс учурашып турабыз. Окуйбуз дешет, ага малдан чолосу тиеби. Машинанын шорун балдары берсин. Бир, эки айда айдай машинасын гаражга сүйрөтүп келет. Келет да, эмне дейт дейсизби. «Машинаң түшкүр «кыңкыстап» калыптыр, тилин билесиңер, көрүп бергиле. Кечки оокатыңардан кам жебегиле» десе, темир чеңгелдеген мынабы колдор карап турабы. Кемпир шабдаалы жегиче ондой салып, кечкурун минтип, дене-бойду жибитип алабыз. Айып этпеңиз...

Алдынан кыя өтпөгөн күйөө баласынын тили буудай кууруп, аз эле мезгилдин ичинде айдай адебинен тайып, аракка боюн алдырганына ичи ачышты.

— Совхоздун гаражына менчик машинени киргизбейт болуш керек... — Абжали айла жоктон кеп кошот.

— Эбин тапса баары болот, аке. Үйгө да сүйрөтүп келип жүрүшөт. Чыкпай жатып алсаң, эшигиңди жыртып, «ака-ука» деп атса, өз ишиңе кол шилтеп ийесиң. Мээнетти жерге таштабайт... — Үсөн тамеки тутантып, ширенкенин күйгөн талын босого тарапка чертти. Оозу-мурдунан түтүн сызылат.

— Айлыгыңар жетпейби? Азиза иштейт. Апамдын пенсиясы турат. Мал кармап, төөк багасыңар. Ошо да аздык кылабы?..

— Бергенди албагандай менин башым экөө бекен, кызык сүйлөйт экенсиз, — Үсөн ичинде күйүп аткан жерин түтүн менен басчудан бетер тамекини жаагы шимирилгиче сорот. — Ушунча болуп, сунган колду суута элекмин. Айыл деген — шаар эмес. Бу жерде көмүр керек, малга жем-чөп керек. Ошонун баары пул.

— Жем-чөптү жылда совхоздон алып жүрбөйсүңөрбү, көмүрдү да.

— Совхоз дейт, совхозуңуз кайсы бирине жеткизет. Кезек күтүп жүргөнчө кыш да чыгат. Андай иштерге мынабы баш анделектей бышты го. Көмүр алыш оңой бекен. Чарбанын иши деп жүгүрүп, кыш келгенин билбей да калабыз. Кар түшкөндө даяр көмүрүн бирөө бере коёбу. Көмүр саткан чайкоочулардын күнү тууйт. Бер дегенин карматабыз. Көзүң чачыраганда баасын ашырып саткан кызыл кулакты да таппай каласың...

Абжали маңдайындагы жүдөмүш күйөө баласын бейтааныштай көрүп, баятан берки жоругуна кайдигер олтурганын сезгенде өзүнө таң калды.

Үсөн бармактайынан ата-энесинен ажырап, мектеп-ин-

тернатта чоцойду. Кийин бой тартып, онунчуну бүткөндө шофёрдук курсту бүтүп, айылдагы тагасыныкында жашап, иштеп жүргөндө Азизага жолугат. Бышкан жемиш сабагында турабы. Эки жаштын оюу бир жерден чыгат. Тойдон кийин: «Агам шаарда. Айылга келер-келбесин айта элек. Апам жалгыз бой. Карып калды. Таянар тоосу мен. Убактылуу болсо да, апам менен бирге туралы. Ага чейин пасылке бөлдүрүп, тамыбыздын каражатын аз-аздан топтой беребиз» деген келинчегинин сөзүнө Үсөн жок дебейт. Мезгил — канаты талбаган куш го... Ошондон бери төрт жыл өтүптүр. Эки наристе төрөлдү. Үсөн:

— Келгенициз жакшы болду. Апацызды Пурунзеге алып кетпесеңиз болбойт, — дегенде Абжали таяк менен төбөгө жегендей шалдайды, бирок ал өзүн ачуура жеңдирген жок. Кулагына каттагы апасынын сөзү жаңырды.

— Ии, үйүңөрдөн жылан чыктыбы?.. Же апам менен батышпай калдыңарбы? Ошончолук кыйнап жиберген болсо, ачык айт.

Үсөн тамеки күйгүздү. Сөзду улантсамбы же жокпу деген арсар оюн кебетесинен билген Абжали аны күтпөй кеп жаңыртты.

— Алып кет дегенин... Талаада калган апа жок бу заманда, билип кой. Тойгон экенсиңер энеге. Эки бөлмө тамым бар. Кудая шүгүр, аялым экөөбүз тең айлыкчыбыз. Кеп-кенен жетет. Чекесине черттирбей багып алам,— туталанган Абжали келинчеги экөө канча айлык аларын да айтып жибере жаздап, кайра «көп терендеп кетпейинчи» деп өзүн-өзү токтотту. Кантсе да күйөө баласы да. Душманындай көрүп, сөзгө жыккысы келбеди.

— Ырас кыласыз, ала кеткениңиз оң. Бу киши менен жашай алгыдай эмеспиз, — десе болобу кайра күйөө бала. Кызарып-татарып да койбойт. Бир үйдүн орозгери менин мойнумда дегенсип өзүн салабаттуу кармайт.

— Бирдеме болсо эле уулума кетем деген адат тапты. Же кекетип-мокотконун билбейсиң. Адеп эле сиздин атыңызды атап, «уулум андай эле, мындай эле» дейт. Бизге окшогон карамай, шопурлар ага уул болуп бере албайт экенбиз...— Үсөн кайнагасына капталын салды. Тамекисинин түтүнүнөбү, көздөрү каканактайт. Анын апасы менен оту күйүшпөй калганын бүгүн сезип, Абжалинин жүрөгү мыкчылды. «Сабырдын түбү сары алтын» дедиби, катуу сөзгө шашкан жок. «Күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр».

— Үсөн, апам калаага барса, төрдөн түшүрбөй сыйлап алганга кудурет жетет. Жүрөктү өйүгөн жалгыз нерсе



болбосо... Бут өмүрүн айылда өткөргөн кары шаарга көнөр бекен. Кеп ошондо. Тумчугат го. Ал жерге көнүш үчүн keминде эле үч-төрт жыл жашаш керек.

— Ээ, кызык экенсиз, көнбөй каякка барат. Көнөт эле. Сага бир кеп айтсам таарынбайсыңбы? — Үсөн кызуулуктанбы, кайнагасын илгерки сырдашындай көрүп, «сен» дегенге өттү.

— Таарынчу кеп ортобузда калган жок. Сөзүң болсо, айта бер.

— Кептин ачыгы, энебиз карыганда болбой калды. Жамандагандай болбоюн айтканын бербейт. Андай кылсаң да, мындай кылсаң да жакпайсың. Жок жерден жаңжал чыгарганга уста. Үйдөн ынтымак кетти. Өзүнүн курсагынан чыккан кызы менен мунасасы келишпегенден кийин...

— Жаман-жакшы айтышса, өзүнүн кызы, жат эмес. Карыганда киши абат болот беле.

— Жок, угуп тур, казан-аякка киришкенчи. Ичине тaруу айланса өлөйүн. Бир жолу «казан аспаган күнүңөр болбойт экен го. Бир күн ысык оокатсыз жатсаңар, кысыр каласыңарбы!» десе болобу. Үйдө киши бар эле. Жердин катуулугунан эле калдым. «Сиз даяр ашты ичишиңизди билиңиз, калганын табыш-коюш о биздин милдет» деп катуу таарындым. Айтса-айтпаса, адамдын жаны чыгат...

— Эреркейт го. Силерге айтпаса, кимге айтат... Жашы кайтканда адам жалгызсырайт дешет,— Абжали үшкүрүп койду. Апасынын муңайымдуу жүзү көз алдына келди. Күйөө баланын токтоор түрү жок. Жөн эле чамгарактайт.

— Ошону билбейт экен да. Карыганда бергенди жеп, төрдөн түшпөй, ошого шүгүрчүлүк келтиреби десең... Мурда түзүк эле. Тынчу эмес. Азыр жамбашы талыганча жатат. Уйкудан көзү ачылбайт. Тиричилик менен грамм иши жок. Өзүбүз тарбаландап жасасак, «аны мындай кылсаңар болот эле» деп өзүбүздү кайра айыпка жыгат. Эс үйрөткөнү жанындан тойгузуп ийет го...— Жер муштаган күйөө баласынан аза бою дүркүрөгөн Абжали өзүнөн-өзү түйүлгөн муштумдарын артына жашырды.

-- Киришсе — эне экен. Жаманбы, жакшыбы бир үйдүн туткасы. Эненин караанына зар болгон адамдарды да көрүп жүрөбүз, Үсөн. Жылдар акылын уурдап, болор-болбоско таарынып, бала кыял болуп калышат турбайбы, жарыктыктар.

— Шаарга кеткениңерге кыйла жыл болду. Апабыз жөнүндө эмнени билесиң, — Үсөндүн боюнан ичкиликтин уусу качып, эс-акылын токтоткондой.— Эки-үч күнгө көз

көрсөткөнү келип, «сиз», «биз» деп каймактап сүйлөп, сый менен кете бересиң. Энебиздин элден башкача экенин бир айча бирге жашасаң билет элең. Элдин энелерине көзүң күйөт. Азиза экөөбүз өзүбүзчө калып, кеп кылабыз. Токуштун энесин кара, кыйраңдап зорго басат. Көрсөң, жээрин жеп, ичерин ичип койгон кемпир дейсиң. А сүйлөгөнүчү, илебине нан бышат. Кылган ишин көрсөң эми келинге бергис жан го. Неберелерине үзүлүп түшүп, киркогуна чейин чайкап коёт деп Азиза өзү айтып жүрөт. Эшик-айванын күзгүдөй кармап, уул-келини келгенче чайын демдеп, небересин көтөрүп, утурлап чыкканын көрсөң, аны ээги түшкөн кемпир деп айткандан уяласың. Ана, карынын асылзаадалыгы. Биздин эненин ысык эле жаны бар...

«Бармактайынан сагыр өскөн неме эне кадырына жетпейт окшойт. Он ай онтоп көтөрбөсө да, тутунган уулундай энелик мээримине бөлөгөн сазайына уккан сөзү ушу болсо, апам карыбаганда ким карыйт. А тагдырың ташка тийгир... Мейли, ич күптүсүн айта түшсүн, жеңилденип калар. Айыбын жашырган алыс узабайт...» Абжалинин көңүлү бир жерге токтобой, кантсе да күйөө баласын соротуунун амалын көздөйт.

— Үсөн, эсиң менен болчу. Апабыздын бүжүрөп өмүр сүрүп, билинбей көз жумушун каалайсыңбы. Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт. Мынча эле а кишини көрмөйүл кыласың. — Кокустан эле Абжалинин үнү каргылдана түшүп, апасынан өзү уялып кетти.— Же чай кайнатып ичүү колуңардан келбей калдыбы. Талаада жүрүп билбейсиң деп мени дагы кекетип коёсуң. Билем, үй орозгерин терметкен ошо апабыз. Эки үй, беш он жандык — мал эмеспи. Аны көздөгөн ким?! Апам. Өзү аксап жүрөт. Пенсияга чыкканча, суу кечип, жер сугарып, совхоздун талаасынан кетпеди. Эңкейсе бел сөөгү какшап, кан басымы көтөрүлүп жүргөнүн жашырып айтпайт. Дагы чыйрак экен. Башка болсо...

— Башкалар ал күндү көрбөптүрбү? — Үсөн кайнагасына чакчайды. Тамеки кармаган колу калтырайт. Бөлтөк мурду, сол көзүнүн үстүндөгү жөргөмүштөй калы жүзүн куник көрсөтөт.

— А курактуу суу сугаргандар, мал баккандар жок дейсиңби? Айдай эле жүрүшөт. Апандын танабын талашпай эле кой. Үч кем жетимишке келди. Жашарын куп эле жашады. Тойбойт экен, дагы эле аягыбызга чалынып, ишибизге киришкени киришкен.

«Апамдан көңүлү калган экен. Болор иш болуптур. Көп жаакташкан менен майнап чыкпайт. Жаманбы-жакшыбы, Азиза экөөнүн оокаты түзүк болсо болду. Апамды төрт күндү кылбай ала кетейин. Азиза да каршы чыкпас. Абжали унчукпай ойго тунжурайт.

Ошол кезде кире бериш бөлмөдө, какшаган тизесин бекем кучактаган эне Абжали менен күйөө баласынын сөзүн тыңшап олтурган. Үсөн сүйлөсө, денесин тикен сайгандай калчылдайт. Айласы куруп, мукураганда кемзелинин топчуларын кармалап, тишин-тишке басат. Көздөрү терезенин ары жагындагы коюу түнгө тепчилет. Кез-кез өзүнө ээ боло албай, үн чыгарбай эмшиңдейт. Төрку үйдөгү сөз түгөнгөндө ичкери кирди. Абжали ордунан тура калды.

— Өйдө өтүңүз, алигиче жата элексизби?

Эне төргө өтпөй, жер таянган Үсөндүн жанына токтоду. Кийиз четине тамекисинин күлүн черткен ал кайненесине баш көтөрбөй мелтирейт.

— Ичиңде жүргөндү түгөл айттыңбы. Калбасын, как-тап айт. Сени мынчалык деп ойлогон эмесмин, Үсөн. Сага сүйлөгөн, сени куттуу үйүмө киргизген — мен акмак. Жаныңдан тойгуздуң сен!..— Буажар апа дарманы жок денесин артындагы жүккө сүйөп, ылдый жылмышты. Абжали жетип кармап калбаса башы идиш-аяк турган текчеге тиймек.

— Сак кулагың уккан экен, кургур. Жамандаган жокмун, мына уулуң турат, өзү айтсын.

Абжали күйөө баласын какты.

— Көп дөөпөрөстөнбө! Уятың жок экен. Мени сыйлабасаң, карыган апамды сыйлабайсыңбы. Ызатты билбеген... Азыр жакаңдан бурдап, үйдөн сүйрөп чыгам. Адиңден куп ашкан экенсиң. Көзүмчө ушунча кептерди айтасың, көзүм жокто...

Буажар апа уулуна эреркедибн, жүк түбүндө өпкө-өпкөсүнө батпай солкулдайт.

— Ушу сөздөрдү укпай өлсөм кана, ушундан көрө дүлөй болуп калсамчы. Кыздан көрө уул айтсаң, эч кимге мынчалык түрткүндү болбос элем, жараткан...

— Ушу да, грамм сөз айттыра койбойт. Үндөбөйм. Тилиме тибиртке чыксын, үндөбөйм. Үндөбөсөң, үйдөй балаадан кутуласың.

Эне кыргыйдай боюн түзөп, көкүрөгүндөгү көп сөздүн иретин таап алгандай айбаттуу үн катты.

— Жыгачтын жумшагын курт жейт. Үн дебей жүрүп, ушерге келдим. Насип экен, төрт жыл бирге жашадык. Мышыгыңды «пыш» дей элекпиз. Кудайдын куттуу күнү

ичип келесиң, алдап-соолап жаткырабыз. Уктагыча оолугуп, мээбизди чагып, колубузга бересиң. Акырында кулагыбызды алып бүттүң. Сырыбызды качып кутулчу болдук. Жапырып, чыга Көңгө оонаганбы, үстү-башы боз ала. Бир күнү жатарда келди. байт. Сүйлөгөнүн карасаң. Бутунда тура алэмне десе, үндөбөй кулак салып турат. Мындай дейт. Бечара Азиза ненеден айтпаптыр. «Кудай мага кайалбайт. Бир ууртам арак ичсем, ошону да көрө албайт. Төбөмдү тебелеп, түнү менен каргап чыгат. Акыркы күндөрү түшүмө кирчү болду, азыткы. «Сениби шашпа!» деп кезенет. Колумда кармап турган бир шише арагымды да алып коёт имиш, ырыскымды ыраа көрбөй тартып алат экен. Апаңдын ач көздүгүн карачы, жараткан мага кайнeнеден айтпаптыр» деп улуп-уңшуса төбө чачың тик турат. Ошондон кийин ичсе да ишим жок. Көзүнө көрүңгүм келбейт. Азыркы сага айткан кийиз китебинен чыгаргандарын эшитип, чыдай албадым. Сөз аңдыган деп, апаңды жаман көрбө, балам. Жаңы эле жаздыкка баш койгонумда Азиза келиптир «Баягы дагы кызуу. Кой десем ынабай акемдин үстүнө кирди. Дагы бир чатак баштаганы турат. Ошондой барып туруңузчу» дегенинен кире бериште отургамын. Сени атайын чакырткан ушу, уулум. Күйөө балабыздын акыбетин көрдүң. Кеч боло электе ойлонсун. Чырактай аялы, эгиз козудай балдары турат. Эгер ичкенин койбосо, ит айтпаган сөзүн айта берсе, бир күнү бар деп башым ооган жакка кете берем. Бирөөнүн малын же баласын баксам да оокатым өтөр...

— Коркута бербеңиз, кетиш-коюш өзүңүздүн ишиңиз. Көп болду айылчылай элексиз, тага-жээндериңиздикин бир сыйра кыдырып келсеңиз, бугуңуз кыйла чыга түшөт эле.

— Үнүң өч, үнүң өчкүр ылайым, арак ичпей, балаа ичпейсиңби. Кебин кара, уу эле, соо адам таба албайт бу сөздөрдү. Арак акылыңды алып бүттү, ошо ачуу суу акыры-түбү эмне кылар экен...— Эне мукактанды. Титиреген денеси кичинекей башын да чайпап жатты.

— Апа, жүрүңүз, бу кеп жебеген немеге теңелбейли, таң атсын сүйлөшөбүз, — деп Абжали сабырдуулук менен апасын чыканагынан жөлөп, сырткы бөлмөгө алып чыгып кетти. Жаакташкан неме жакалашкандан кайра тартпасын билип калган.

— Сазданыңыз, апа, шаарга кетебиз. Жашап эле жүрүшөт, көнүп кетесиз. Ушунча түрткүндү болгонуңуз да жетишет...— Абжалинин ызадан сызылган көз жашы карегинен ашып, көз ирмем менен ылдый кулады.



Үсөн ордунан турары менен кире бериште илинген костюмуна жетип, чөнтөгүнө кол салды. Чала уйку көздөрү чанагына кирип, чачтары уйпаланып, ырай-бешенесин көргөн адам корко турган. Кечээгиден калган пулга Азизанын колу жетпептир. Уучундагы сары чакаларды санап жатканда эриндери кыбырап, жамажайынан шилекейи чууруп кетти. Текчеде көмкөрүлгөн пиаланын алдынан калтыраган колу бир нерсе алып, шымынын чөнтөгүнө жымырды. Башын тең жарып, зыңылдаткан оорудан эптеп кутулуунун амалын таппайт. Бети-колун чайкабай, түндөгү калган тамактан ач күсөндөнө сугунуп, артынан тик туруп муздак чай жутту. Ошол маалда эшиктен уулун аркасына көтөрүп Азиза кирди.

— Ии, түндөгү кылыгыңды кыл жип менен бууп, куйругунду түйөйүн деген экенсиң да. Алыстан агам келсе, ага ит айтпаган сөзү айттың, апамды болсо өз үйүнөн кетиргиң бар.

Үсөндүн абалына мышык ыйлайт. Үлдүрөп, момун. Оозуна кеп илинсечи.

— Азиза, кечээ ашыкча ичип, айбан болупмун. Анчамынча тилим тийсе кечирип коюшсун. Эч нерсе билбейм...

— Акеме атырылып, «ырас келдиң, апаңды ошо турган жагыңа алып кет» дегениң эсиңдеби?!

— Ошенттимби, кантип оозум барат ага... Өлөйүн, грамм эсимде жок.

— Карганба, Үсөн! Кичинелигиң калган жок. Эки баланын атасы болдуң...

— Ичсем көтөрө албайм, кимге эмне айтканымды билбейм.

— Ич деп бирөө зордуктап, оозуңа куйдубу?

— Шерменде болупмун, кантип жүздөрүн тиктейм, ишке кеттим,— Үсөн костюмунун жеңин кийип-кийбей өз үйүнөн качып чыкты.

Абжалинин алып кетем дегенине апасы ынабады.

— Болуп жүргөн жаңжал, бир эле жолу эмес. Сен бир чекесин көрдүң. Күйөө балабыз ичкиликке жакын чыкты. Кеткин деп калыптыр, өзүң уктуң го. Кетем эле, уяты болсо түшүнөр. Макиш тагамкында бир-эки ай жүрүп келем. Эчкинин жашындай жашым калды, тынчыраак жашап өлөйүн... Келгениң жакшы болду, балам, көрдүң, уктуң...— дегенде дасторкон четинде баласын эмизип, ойго термелген карындашы чыдабады.

— Сиз менен кошо кетем. Чыдап, чыдап жүрүп, ушу күнгө келдим. Даярга тап неме, өзү оокатын кылып көр-

сүн. Эшик-төрү барабар болуп калганда, садагама окшоп, кадырыбызды ошондо билер...— деп ыйлап жиберди.

Абжали ошо күнү эле апасы менен карындашын Төлөйкөндө жашаган тагасыныкына жеткирип, өзү андан ары Фрунзеге учуп кетти.

* * *

Бир ай өттү.

Ал Үсөн үчүн бир жылга татыды.

Ар бир күндү жалгыздык, кусалык, сагыныч менен алышып өткөрдү. Аны мынчалык өзгөрөт деп ким ойлоптур. Ичимдикти көрөйүн деген көзү жок. Арак андан мээрими түнүк кайненесин, мончоктой өмүрлүк жарын кетирип, куттуу үйүнө кара кулпу илди.

Ошо үйүнө кара кулпу илинген күнү да (чатактын эртеси) кызымтал эле. «Өзүңүздү эле ойлобой, балдарыңызды да эстей жүрсөңүз, Үсөн аке» деп дүкөнчү кыз атайын эле тийишип, арактан ашкан кайтарымга оюнчук маймылды узаткан. Үйүнө жетер-жеткиче көйнөк-шым кийген ыраңы суук маймылга күлүп келди. Келсе, үйү жабык. Кара кулпу эшикке жармашкан чаяндай көзүнө бир суук учурады. «Кайнагам болуп, туугандардыкына учурашканы чыгышкандыр»,— деп кам жеген эмес. Түнү бою көз ирмебей чыкты.

Эртеси күнү кечкурун гана «калаага кетишкени чын экен» деп ишенип калды, ыза ичин куйкалады.

Арактын айынан үйдөгүлөр менен араздаштым деп биреөгө айтат беле. «Шаарды тамаша кылабыз деп кетишкен, эртең-бүрсүгүндөн келип калышаар...» — дейт биреөжарым сурап калса. Ага өзү да ишенип жүрдү. «Эртең келип калышсачы» деген үмүт күн сайын үй ичин тукумдай шыпыртып-сыйрытат. Күн сайын өзүн жолугушууга даярдап жүрдү. Жатарда балдарынын кийим-кечесинен жаздыгына кошо жаздайт. Бала жыты көзүнө жаш тебет. Кызымтал болуп келчүдө келинчегинин колунда талпынган кенжесин колуна бир алып койбогонун эстесе, «чала болот, бу дагы аздык кылат» деп өзүн-өзү табалайт.

* * *

Күндөр өтөт...

Эртең Сыртка жөнөшөт. Жатып-туруп чөп чабышат. Бир аптагабы, бир айгабы, белгисиз. Канар капка пахталуу тону менен төшөгүн салып, оозун бууп койду да, кечке эле карбаластап басар жагын билбей жүрдү. «Кокус келип калышса, мени жоктошсо... Коңшу-колоң бар, болгонду төкпөй-чачпай айтып беришер...»



Эртеси «кокус келип калышса, таппай калып жүрүшпөсүн» деп, ачкычты кулпуга сайган боюнча калтырып кетти...

## ТАКТЕКТИК КЫЗ

— Балам, Прунзаны алып берчи...— Жаймажай чыйбаркыт шымынын чөнтөгүнө кол сойлоткон Нарбай чалдын байланышта олтурган кызга айткан саламы да ошо. Издегени колуна урунбай, чөнтөгүн аңтар-теңтер кылган чал кыйлада боюн түзөп, көзөнөктүн кырына өбөк артты да, ширин өрүктүн данегиндей көздөрүн ирмегилеген кызга сонуркайт. Тиктегени кызык. Жымшык көздөрүн кадап тура берет, тура берет. Ушул жарык кабак кыз ага алыстагы бир боорун кайсы жактандыр таап, сагыныч күсөгөн дилдерин кошчуудай туюла берет. Күндөн-күнгө ага ичи элжиреп, «кызым» деп жакындаганы да ошондон.

Почто түйүнү жайгашкан эки кабат үйдүн босогосун аттай, өзүнүн ылык тамына киргендей («мүмкүн, калаада жүргөн уулум да ушундай тамда жашаар» деп өзүнчө чемелеп койчу) чекеси нымшып чыгат. Жылуу учурашчу кыздын жумушка чыкчу нөөмөтүн, келип жүрүп, билип алган. Адашпайт. Жумага келгенде баш бакмай, уулу менен ошол күнү сүйлөшмөй адат тапкан. Айтса-айтпаса, ти тоо арасынан элүү чакырым жол жүрүп, райондун борборуна ат тезегин кургатпай каттаганга чамасы да чак. Байланышчы кыз да ага көнүп бүттү. Жума күнү элеңдеп, эшик тарапка кылчактап тынчы жок олтурат.

Бир жолу жайдын сараттаны бекен, ак жегдечен[1], Мурза чөлдүн тордомо коонун колтуктаган чал почто түйүнүнө көңүлү шайдоот кирген. Күтүү залындагы улуу-кичүү зымга конгон чабалекейдей «зып-зып» учуп, орун бошотту.

— Келиңиз, ата. Ата, дем алыңыз!— Нарбай чал баш ийкегилей түз көзөнөктү беттей басты.

— Түзүксүңөрбү?!— Коңур үнү бөлмөдөгү тынчтыкты жарып, сыйра-сыйра жаңырыктады,— Дагы сүйлөшкөнү келдим. Жалгыз баланын сагынычын билген билет... Үнүн эшитсең эле канча кубат, канием... Муну түшкү чайыңарда союп жегиле, ширин палек. Силерге деп атап алгам.— Коонун туура көтөрүп, көзөнөктөн ары узатты. Байланышчы кыз мындайды күткөн эмес. Кулагына чейин кызарып, тайсалдайт.

[1] Жегде — алды ачык көйнөк.

— Ой, коюңуз, ыракмат. Убара болбоңуз. Үйгө алпарып, неберелериңизге союп бериңиз. Жесек, өзүбүз сатып жейбиз. Жеп жүргөн коон...— Ал миң чебелектеген менен келип-келип улуу адамдын колун сууткандыны туура көрбөдү. Ага болбой чал көгөрөт.

— Сунган оокатты кайтарган болбойт. Карынын бергени таберик деп, жей бергиле. Жашсыңар, эмне менен ишиңер бар. Ошо Прунзада жүргөн уулум да коонго ушундай бир куштар десеңиз, тим эле... Силерди ошол жаманымдан кем көрбөйм...

Ал күнү калаадагы уулу менен сүйлөшкөн Нарбай чалдын: «Оо жакта коон-дарбыз кеңириби?». «Мурза чөлдүн коону кем барабы?» «Кыймат болсо болоор, пулдун көзүнө карабай барында тоё-тоё жеп алыш керек!» деп бак-бак эткени байланышчы кыздарга шашпай угулуп турду.

* * *

— Буяк чөнтөгүмдө жүрүптүр, зорго таппадымбы. Карма, кызым. Чоңураак кагазга жаздырып албасам, колго оңой илинбей калыптыр.— Тумардай көрүп, керек учурда гана кызга көрсөтүп, кайра катып алчу эки эли кагазын сунду.

— Мунсуз о жактагылардын биз менен түк сүйлөшкүлөрү жок,— деп чал өзүнүн сөзүнө өзү ыраазы.

— Уулуңуздун телофон номерин ансыз деле билем. Тек эле коюңуз.— Байланышчы кыз биринчи жолу чалды таң калтырып, кагазга карабай заказ бере кетти.

— Узак сүйлөшөсүзбү?

— Мурда кандай сүйлөшсөм, ошондой эле бере бер. Иштеги адамдын колун кармаганды ким жакшы көрсүн. Намаз убактысы да зыктап турат.

Нарбай чал бери басканда орундуктагылар удургуй өйдө турду. Жайланышкандан кийин колундагы кагазга көз кыйыгын таштаган тестиерге ыктады.

— Мында эмне деп жазылыптыр?— Баланын айтканын көңүлгө түйүп кала албаса да, ал алыстагы уулуна таандык экенине сыймыктангансып койду.

— Фрунзе, Фрунзе, 5-бөлмөгө!— Байланышчынын үнү түпсүз санаага термелген Нарбай чалдын оюн үзөт. «Кайсынысына кирем?»— дегендей жан-жагына карбаластаган чалды олтургандар жаалап ийишти.

— Четкисине, берки четкисине кириңиз.

Бирдей ушул көчүгү айланбаган бөлмөгө кирерин-кирип алып, тегерегин кайсалаганын айтпа. Күңүрттөнгөн бөлмөгө көздөрү үйүр алганча телефонду сыйпалап жүрүп табат. Байланышчы кыз үйрөткөндөй тебетейин жанына коюп, телефондун туткасын кулак тушуна кармайт. Ошондо жүрөгүнүн лакылдаганы көөдөн-боюн солкулдатып жибергенсийт...

* * *

Бул жолу да калаада жумушу чачынан көп уулу беймаал шыңгырakты колду кармаган шылтоодой көрүп, трубканы тайсалдап жатып алды. Байланыштын аркы учунан ичке үн бир айтканын миң айтып, үн безейт.

— Фрунзе, Фрунзе, алоо, бул Фрунзеби?

— Ооба, угуп жатабыз, сүйлөй бериңиз?

— Нарбаев бекен?!— Маматкарим тактектик кыздын үнүн дароо тааныды.

— Ооба, Нарбаев деген бизбиз. Саламатсызбы?! Ноокат кандай?— Тактектик кыз кепке анча тартылбайт. Демейдеги сөзүн айтып, байланыштан чыгат. «Атаңыз менен сүйлөшүңүз!»

Маматкарим ошондо гана бүгүнкү күнгө жума экенин, басса-турса өзү жөнүндө ойлогон атасын эстей, бир заматта өрөпкүп чыгат. Байланыштын аркы учунда жарым саатпы, бир саатпы, дайыма эрте келип, ушу сүйлөшүүнү зарыга күткөн атасынын кабажык жүзү элестей, көздөрү каканактайт.

Атасынын телефон кармаганын бир да жолу көрө элек. Аны тактектик кыз үйрөткөн имиш. Атасы өзү айткан. Дагы бир күлдүрүп, сөз кылып калар кеби бар эле. Уулу менен алгачкы сүйлөшкөндө: «балам, угуп атасыңбы, бул мен — атаңмын, атаңмын дейм — Нарбаймын!»— деп кыйкыра бериптир, пусурман. Эч нерсе уга албай кыжаалат болгон чал сыртка баш бага: «кызым, тилпаның үндөбөйт го, өчүрүп койдуңарбы?..» дейт. Ошондо тактектик кыз келип, боору эзилгенче күлгөн дейт. Көрсө, атасы телефондун сүйлөшчү жагын кулагына такап, кыйкыра бериптир...

Маматкерим айылга келген сайын атасы эбин таап сөзүнө тактектик кыз жөнүндө кошот. «Сага тилпан чалып турчу кызга ушундайда кирип кой. Колуңа — кол, бутуңа — бут болгон ыманы ысык, илбериңки неме. Чаглайын[1] келтирип, учураша кеткениң оң. Жетине албай калат. «Мен баягы жума сайын уулу менен сүйлөшчү бүкүрү чалдын уулу болом» де. Айта бер. Намыс кылба. Белим бүкүрү, эңкейип басам, карыганда киши абат боло беле. Атаңдан

[1] Чаглайын — мүмкүнчүлүгүн.

асти, намыстанба, балам. Ошо кыздын деле мендей атасы бардыр. Жакшылыгын көп көрдүм. Ошент, андан бир жерин кемип калбайт. Көңүл деген болот. Баары табылат. Бирок, көңүл деген табылбайт... Бир сапар сени сураган. «Гезит чыгарат» десем, «кайсыл гезитти, гезит көп эмеспи» деген, «ушу эле, күндө силер окуп жүрбөйсүңөрбү» дептирмин. Биздин акыл ага жетсе гана, атаганат. «Ата,— дейт бир күнү дагы,— апта сайын эле сүйлөшүп убара болбой, уулуңузду кат жаз дебейсизби. Канча пулуңуз короп атат...» «Кат жазганга чолоосу болбойт окшойт. Жазган күндө да аны окуп бергенге үйдө бирөө болсо экен. Өзүм кат таанибайм. Тилпан чалсам, үнүн эшитем, чыйралам, Андан жашыргандай эмнем бар... Ошондон бери кайрылып сени сурай элек. Ошо Гүлзат кызымды газетаңа чыгара аласыңбы? Чаглап көр, татый турган кыз. Иши жеңил эмес. Күндө алдына канча адам келип, канча адам кетет. Жакшылык кабар, жамандык кабар деген бар. Баарына үзүлүп түшкөн жароокерлигин айт...»

Маматкеримдин үйгө келгенинен кеткени бат. «Аякка барам, быякка жолугам» дейт да, күндүн көзү көрүнө электе турат. Нарбай чалга баары бир. Кайра «көп мага алаксыба, соңунда жүргөн ишиңди өөдүк-сөөдүк кылбай бүткөр. Жанымда бир күн болосуңбу, эки күн болосуңбу, санааң тынч жүргөндөй болсун» деген сөзү оозунан түшпөйт. Уулу келген күнү өзгөн күрүчүнө палоо басат. Бул адаты Маматкеримге ого бетер жагат. От боюнда көп турүп, боору ыш алган чайнектен чай ичип, атасына өрүк комузун черттирип, «Бекарстан» менен «Саринжи Бөкөйдү» угат. Эси-дарты ушул күүгүм чалган сокмо тамда өткөн балалыгын көңүлүнөн бир сыдырып алуу. Атасын ойлойт. Жалгыздыкка шериктеш жүргөн Нарбай чал бүгүн этегин баса олтурган уулуна жетине албай, көңүл сүйүнүчүн күүгө айлантып төгөт...

* * *

— Ата, демдүүсүзбү?— Бирдей телефондо кебин ушул сөз менен баштарын бүгүн сезген Маматкерим уялып кетти.

— Шүгүрчүлүк, оокатым жаман эмес, эл катары...— Атасы сабырдуу кебинен жазбайт.

— Айыл-апа, коңшу-колоңчу?..

— Тынчтылык. Бардыгы өз-өз дарди менен. Өткөн-кеткен кирип, абалымды сурап турганына миң эсе шүгүрчүлүк. Көбүнчө сени сурашат. «Балаңыз окуусун жакындаттыбы? Көздөн далдаа жүргөнүнө кыйла жыл болду, каякта?» — дешип түкшөмөлдөшкөндөр да бар. Иштеп атканын менен иштери жок...— Чал сумсая түшкөндөй болду. Ортого сөз түшпөй ата-бала дардисаар тынымга кабылды. Алыста жүргөн менен эки оюнун бири бул жакта болуп, жегени жегендей болбой кусалыкка малынып жүргөн уулунун көңүлүн ачкысы келди.

— Ии, эмне үндөбөйсүң, соргогум? Курсагың кантип атат?

Калаадан келе калганда ушу суроосуна уулу жыргап жатып күлөр эле. Шаардагы көп тамактын түрүн айтса «суук» деп чал бирин да жактырчу эмес. «Пулдан кантип атасың?— деп мыйыгынан күлүп койчу,— Шаар жерин билебиз, суусунан өйдө сатып ичесиңер?»

Нарбай чалдын Маматкеримге кападар болгон себеби бар. Ал ушуга чейин атасынан байланышчы кыздын жөн-жайын бир да жолу сурап койбогону. Жок дегенде «сизге канат-бутак болгон кыз каерлик экен? Аты-жөнү ким?» деп койсо оозунун жели коройбу? Бала да, башына түшкөндө билер.

— Чөп-чарыңыз кандай? Кышта кыйналбайсызбы?

— Менден камтама болбо, эл катары тың элемин. Директир бир телешка мака пая түшүрүп берген. «Мартабаң аша берсин» деп батамды берсем, «шаарда иштеген уулуңуз жалгыз болсо да түзүк чыгыптыр. Аны-мунудан кемкарчмын деп көңүлүн алагды кыла көрбөңүз. Укту, колунан иши түшөт. Жок болсо, жетишинче кайрылышып турарбыз» дейт. Иш билги атанын уулу да. Сөзүн кара...

— Алардын эшигин көп эле сагалай бербеңиз...— Уулунун намысына тийгенин айылдык чал сезип калды.

— Ушул бергенине да шүгүрчүлүк, уулум. Ким барат дейсиң аякка. Үч-төрт карайкыны багалбай имне болупмун. Атаңы дагы жакшы биле элексиң, ашына... Чалдар чогулуп, запхоздун кырманында мака башын кайрып атабыз. Башыбыз кошулганга карылык эстен чыгып, жыргап калдык. Каруудан али кубат кете элек экен...

— Күз келип, бир жактан той көбөйгөндүр...

— Элди береке-кут басып, ким болсун колундагысын бергиси келет экен. Чакырган жерлер түзүк эле. Катардан калбайм. Эшегиң түшкүр, кашаң. Көргөн белең? Бозоргон бир мада эмес беле. Арык аттай албайт. Куруп бүткөн да. Жакшысы чыкпай жүрөт. Пулдун көзүнө карабай туруп, сатып албасамбы. Баягы салган пулуңдун чети оюлбай турат.

—Белиңиздин оорусу кандай, догдурларга көрүнүп турасызбы?— Маматкарим үшкүрүп койду.

— Көрүнмөк түгүл, сүрөтүн дагы алышкан. Суук түшөрдө белимде жүргөн доңуз копкондун темирине жан киргенсип козголчу болду. Уюп, бастырбайт. «Операцияга жаткызган менен дарманыңыз жетеби-жетпейби...» дешип доктурларың өздөрү күмөндөр. Көбүрөөк басып койсом, белиме бирөө минип алгансып оордошом, демигем...

Жанатан бери экөөнүн сөзүн тыңшап олтургансып, ортодон байланышчы кошулат.

— Сөзүңөрдү бүткүлө! Убактыңар аяктап калды.

Чал чочуйт.

— Эмне дейт!

— Ата, бизге айтып атат, убактыбыз бүтүп калыптыр, жакшы калыңыз...

Чал шашат. Сөздөрү чалды-куйду.

— Жакшы бол, балам. Жаманга кошулба, ичкен немелерден алыс бол. Караңгылап баспа, кечкирди үйдө ишиңди иштеп отур...

* * *

Байланыш бөлүмүнөн чыгып, тепкич ылдый биринчи кабатка түшөөрдө Нарбай чал чалгы менен чапкандай капталынан жыгылса болобу. Бөйрөк тушунан өйдө «болк» этип, көзүнөн от чагылды да, кадам шилтей албай ордунда чөктү. Көздөрү жалдырап, кыңкыстайт. Козголсо эле кабырга алдындагы доңуз копкондун темири кыса чеңгелдөөчүдөй былк этпейт. Жандай салып, экинчи кабатка көтөрүлгөндөрдүн «алы-күчү кеткенин билип турушуп, үйүнөн алыс чыккандарын коюшпайт...» дешкенин угуп калып жатты.

Гүлзат тепкичте жамбаштаган чалды көргөндө кыйкырып жиберди.

—Ата, сизге эмне болду? Табыңыз айнып турабы?

Кары үндөбөйт. Көздөрү эле жалдырайт. Кеп айтты дегиче капталындагы желмогуз жанын чыркыратып, чеңгелге алчуудай окчорулат. «Алыс узап кеткенимде кана, алысыраак чыгып алганымда кармаса эмне... Чыйраксынып жүргөн жаным кыздарга уят эле болдум. Жаш баладай эмгектеп... Ох, жан дегендин шириндигин кара, жанараакта эле ажайып тартылган тегеректин бир заматта кунары учуп кеткенин кара...»

Тез жардам келгенче Гүлзат кыздары менен макулдашып, Нарбай чалды ооруканага жеткирип, эмне болот, кантет, баарын көрүп келем деп чечти. Врач келгенде чалдын көзүндөгү боз туман саал тарап жүзүнө кан жүгүргөнсүдү.



— Чоң арыштап алдым окшойт. Карыганда кайда шашам десең. Анын үстүнө бөйрөк тушумда көтөрүп жүргөн «темирим» бар эле.

— Көп сүйлөбөңүз,— ак халатчан аял кол учу менен чалдын колтугун басып, көрүп жатты.— Ооруганда айтыңыз.

— Кызым, оорум эски. Кез-кез кармап, эсимди оодарат. Азыр түзүкмүн.

— Жакшылап оңолгуча ооруканада болосуз.

— Ошо балнисанды кой, балам. Эшик-үйүм ач-жылаңач. Карай турган эч кимим жок. Мал-салым бар. Чачылып калат.

— Об-бо мусурман адам эй! Өзүнүн кандай абалда экени эсинен чыгып, малын айтканын. Кана, аста өйдө туруңуз. Угуп атасызбы?— Аял колтугунан жөлөй берди.

— Эшитпей анан... Тек эле койгулачы мени. Гүлзат дагы кичине олтурсам, аттай туруп, басып кетем, балнисага өмүрү жатып көргөн жан эмесмин. Мага болбойт.

Гүлзат ортого түштү. Чалдын көңүл кыжаалатын сезип, кыя албады.

— Эски оору болсо, саалдан кийин тынып кетер. Мен жанында болом. Үйгө барганыбыз түзүк болоор...

— Сиз, эмне, кызы болосузбу?— Врач аял Гүлзатты эми көргөнсүп, сынаакы карады.

— Ооба... — Айтарын айтып алып, жалган сөзү бетин дуулдатып кулагына өтө чыкты. Чал Гүлзаттын кучагына жыгылып түшпөсөм экен дегендей чебеленип, тепкичтерге дарманы качкан аяктарын этият коюп ылдыйлайт.

* * *

Автобус айылдан суурулуп, озондой, өр тарткан жолдон жаңы чыгып, күү алып ылдый жортуп жөнөгөндө Нарбай чал козголду.

— Шопур балам, шундай токтоп кой! Түшүп калалы,— дегенде автобустагы чоң-кичүү туш-туштан чыкты.

— Эшигинин алдына токтомой адатын качан калтырар экен бу киши...

— Өкмөттүн машинасын өзүнүкүндөй көрөт...

— Көпчүлүккө кошулуп, дүкөндүн оозунан түшүп калбайбы. Астанасына келгенде машинаны башына кийип кыйкырбай...

Шофёр жигит акылдуулук кылды:

— Көнүп калыптыр, кантебиз. Койгула, силердин да ээгиңерге сакал бүтүп, карып-арыйсыңар. Ошондо он метриң чакырымдай көрүнөт. Ага күлүп болбойт. Нарбай аба, буларга кулак салбай, түшө бериңиз.

Чалдын ооруган жери кайра сыздап чыкты. Эмелеки акааратчыларга үндөгөн жок. Болбосо, кайрылып айтчу эки ооз сөзү даяр эле. «Сен дагы бөйрөк тушуңа кырк экинчи жылдын осколкосун салып жүрсөң, менин алдымда өкмөттүн машинеси турса, куду төшөгүңдүн гана үстүнө кумалатып салып жүрө берет элем» демек кире бериште чууну көбөйтүп олтурган сымбаттуу жигитке.

— Гүлзат балам, кана жол башта, түшөлүк,— деди шагы сына түшкөн кары.

* * *

Жарымы шифер менен жабылган, жайпак там алты көчөнүн бүткөн жерин билдирип, окчун турат. Гүлзат эски, кулагы сынык казандын алдынан ачкычты тапты. Кары үй-тиричиликке тың экен. Идиш-аяктардын алдына жаңы газеталар төшөлүп, үй ичи тукумдай акталган. Жүзүнчү электр лампасы бөлмөнүн так ортосунда салаңдайт. Жууркан-төшөк жыйылган төрдө өрүк комуздун катарында илинген алкакка чоңойтулган түстүү кош сүрөт Гүлзаттын көңүлүн бурду. Пахталуу жоолугун арчына салынган, жүзүндө али карылыктын чийими жок чырайлуу аял менен маңдайында бир тутам көкүлү сербейген «Тынч океан флоту» деген жазуусу бар суучулдардын баш кийимин чекесине кыйшайта кондурган тестиер бала жаңы мейманга ызаттуу тигилет. Бул чалдын Фрунзедеги уулу, ал эми карегине ой тундурган аял болсо үй ээсинин маркум байбичеси экенин боолгоду.

Нарбай чал келгенден быякка тынбады. Оорусу бая эле эстен чыккан. Гүлзаттын эки-үч жолку эскерүүсүнө кулак каккан жок. Бара-бара ээн жаткан короо жанданды. Жөжө ээрчиткен тоок, казыгы менен жибин сүйрөгөн кашка торпок короо ичин кезип жүрдү. Чаркар ичинен эшек үнүн баспайт. Кайдан-жайдан пайда болду. Ала мышык Гүлзаттын буттарына оролуп, айтчу нерсеси бардай улам тегеренет. Эски тандырдын алдынан боюн керип, ээсинин келгенин билген шалпаң кулак, сары машке суурулду. Жаңы келген адамга түсүн үйрүп, айвандын алдынан кетпейт. Алар Гүлзатка азыр-азыр сүйлөп жиберишчүдөй туюлат...

Гүлзат очоктун күлүн тазалап, тезек калап, от жакты. Айвандын алдына суу сээп, мизилдете шыпырып чыкканча абдестедеги суу атып кайнап чыкты. Чай демделди. Нарбай чал менен Гүлзат жыгач сөрүдө чайга олтурушканда күндүн кызгылт нуру Алтын Казыктын шиш чокусун чалды.

Гүлзаттын сөзүн баш ийкей уккан чал ага суктанып да олтурду. Кези-кези менен сөзүн суроо бергенден баштап, бирок, ага жооп күтпөй кебин улантат.

— Буякка биринчи келишиң да?.. Тактектиктер бизге тага болот. Базар-учардан учурашсак «кандай, тоолуктар, качан мал алып түшөсүңөр?» дешип калат. Буяктын чөбү мал үчүн май эле. Биз алып түшкөн малды базарда бир мүнөткө тургузбайт...— Гүлзат кепке кулак төшөгөндөй болгон менен ою эки анжы. «Үйдөгүлөр эмне деп калышты? Калпыс ойго жоорушуп, эртеңкиге чейин жарылып кетишер бекен. Көрөсүң, саркы автобус менен апам түз эле иштеген жериме келет. Болгонун болгондой айтам да... Алар мынабы чалдын ордунда болсо, кантишээр эле...» Кичүү инисин эстеди. «Коруп жүргөн кызыңарды бирөө ала качты, ажеп болду. Тойдун даярдыгын көрө бергиле! Анан кайда кетти дейсиңер?» — деп оюн-чыны бир нерсе десе, араң жүргөн немелер түп көтөрө тополоңго түшпөс бекен...

— Уулуңуз кийинки сапар качан келди эле,— деп коюп Гүлзат карынын жүзүнө тик багалбай, бүткөн боюн жылуу илеп каптады.

— Келип-кеткенине бүгүн...— Нарбай чал көздөрүн жумду да, ошол күндү акылга салып, тактап жаткан өңдүү,— бүгүн туура эки кем токсон күн болот. Үч айга кетиптир го. Тобба, көз ирмемге токтобой үч ай дегениң зуу өтүптүр аа. Күн кыскарды...— Бир демге үндөбөй калат да, чочугандай эле:

— Кечээ күнү коңшум Артыктын үчүнчү класста окуган уулу келиптир. Мынабы эле тумшугу көрүнүп турган үйдө турушат. Жагжаңдап сөзүнүн баш-аягы жок. «Маматкарим акамы көрдүк. Телевизорго чыкты. Биздин айыл, чалдар жөнүндө кө-өп сүйлөдү. Сулайманкул, Ишенбай, Ботобай, Таабалды абаларды «ветерандар» деди. Сиз жөнүндө унчуккан жок. Атам да көрүп отурган. «Өзүнүн атасын айтпаганы ырас болду. Ал кишини ансыз деле жакшы билебиз» дейт. «Сиздин медалыңыз бар эмес беле. Ошону айтат экен деп эки көзүбүз төрт болду» деп бозорот. Ичим ачышты. Жо-ок, баланын агасы жөнүндө эки ооз сөз табалбаганына эмес. Айылы жөнүндөгү баянын угуп, ыраңын телевизордон бир көрүп калбаганыма, кээде өзүмчө олтурганда кемий берем...

Гүлзат сүрөттөр жөнүндө билип туруп сурагандан тар-

тынды. Кечки ишир коюуланып, жыгач сөрүнүн төрүндө көлөкөсүн арбандаткан чал ширелүү сүйлөйт.

— Балам, ти тооктордун бирин тутушуп бер. Үйүмдө айда, жылда келбеген азиз мейманым бар. Куттуу үйдөн кур чыкпайт. Шорпо болсо да ичип кет, насибиң билет, бүгүн бул жердесиң, эртең каяктасың...

— Оокатка убара болбоңуз, ата. Чай ичпедикпи, кобурашып олтурганга келбейт.— Меймандос кары сөз бербейт.

Тооктор өрүк шактарын конорго көрүп, кечкисин бак ичинде түнөшөт экен. Нарбай чал эңкейе калып, жыртык көзүн ачып-жумуп мерчемдүүсүн издегенсийт.

— Карылык элден мурда көздүн курчун алат экен. Аксагы бар эле туубай калган. Семиз. Чылкылдаган эле май. Сага буйруган экен. Көзүң курч, карасаң. Четирээк, коомай кончу эле. Аста басып, түз шыйрактан ал, шамаралаш бокту да көрбөйт.

Гүлзаттын күлкүсү кыстады, пиаласына эңкейиниш болуп, тишин-тишине басты. Тамак желгенден кийин да сүйлөшүп узакка олтурушту. Калаадагы уулу келгендей Нарбай чалдын көңүл ичтейи бүгүнкүдөй ачылбас. Сөзгө дегеле март.

— Эртең, түштөн кийин Алмалыга жөнөйм,— деди ал пиаласындагы чайды шыпкай ууртап,— Аякта Жээнбек деген тагабыз бар. Үйү куду көмүр кендин өзүндө. Көмүр терет. Топудай, топудай кылып ар, ар жерге үйө берет, үйө берет. Келген-кеткен түзүк эле. Чогултуп сатат. Анчамынча пул түшөт. Кичине ичет. Ичсе да колунда берекеси бар, үйгө кайрымдуу неме. Балалуу. Аялы эки-үч эрден чыгып, ушуга токтоп, такымы канап удаасы менен кызынкыздай, уулун-уулдай төрттү тууду. Тагабыздын багы кеч ачылып, эми балдары жаш. Мага жылда көмүр үйүп берген да ошо. Көз чамеси таразакечтин баамын басат. «Бул үймөк эки жарым, мунусу үч тонна десе эле талашып, мазесин алба. Айтканы айткандай чыгат. Кылган иши ошо болуп калды да. Аялы балалуудай эмес. Зыкымдыгын айта көрбө. Тагамын колуна зыгыр тыйын карматпайт. Болсо шыпыра шак-шак алып тынат. Саарлап туруп, билгизбей кокту этектеп, көмүр үймөктөрдү эсептеп келет да, бечара тагамды жакалап: «кечээ күнү үч үймөк сатыпсыз пулу каякта»— деп кактабай канын алат тура. Ошондойдон сактасын, балам. Ичкени — ирим, жегени — желим болгон адам кызылга имерилбей анан. Көңүлүн көтөргөн, денебоюн балкыткан ошол болсо, ага кызылдан артык эмне жакын... Бара калганда көп отура албайм үйүндө. Кайткыча шашам. Аялы өзүнөн-өзү кагынып-силкинип, карма-



ган нерсесин кагыштырганга өтөт. Үйүнө кирген адамды душманындай көргөн адамды биринчи көрүшүм. Эки чайкам чай куйса да, жадыраган ачык маанай менен отурса, жаш козунун шорпосун ичкендей болосуң го.

Өткөн жолу барганымда «көмүрүм кантип атат?» дедим. Тагам суроомо баш көтөрбөйт. Далымда аны жеп жиберчүдөй тиктеген аялынын заардуу көздөрүн сезип турдум. «Болот, болот...»— деп тим болду. Узатып чыкканда жарылды. «Жанагынын көзүнчө тилим байланып калат. «Чаң жутуп, кан түкүрүп жүрүп ар жерден чогулткан көмүрүңдү бекерге эле кармата бересиңби?»— деп киши кеткенден кийин жанымды сууруйт. Көмүрүңүз даяр, жээн. Машина таап келе бериңиз. Ага чамаңыз жетпесе, өзүм унаа таап, жүктөп берип жиберем. Тааныш шопурлар бар. Жол киреси деп колуна беш-он сом берип койсоңуз болду» дегенде чыдай албадым.

— Тага, тажеңе менен отуңар күйүшкүдөй эмес. Бириңин сөзүң бириңе жакпайт.

— Э-э,— ал көңүлү жок кол шилтей, кырлары сөгүлүп, саргайган кагазы баш баккан тажик топусун желкесине жылдырып койду,— Эски кесел да. Бу жокто да турмушум кылдырап түзүк эле. Бешенең түшкүрдүн бешенесин караңыз. Көздөн учкан наристелерди чуурутуп, тууп бергенде төбөмө көтөргүдөй болуп, бу дүйнөгө батпай жүрдүм. Ээ, кайсы бирин айтасыз, барып-келип эле өзүмө-өзүм ыраазы. Кашымда балдарым турса, кем-карчым да билинбейт. Апасына таарынган менен ананайындарымдын кыялжоругуна жазылып кетем. Бу дүйнөдө ошолор үчүн жашап, ошолор үчүн күн өткөрүп калат окшойсуң...

Коштошоордо көмүрдүн кылоосу сиңген колунда беш сомдук пулу жүрөт, андайы жок эле.

— Мупу жол кире кылып кетиңиз жээн. Мээнет менен табылган нерсе,— десе болобу.

— Кой, Жээнбек, мен ыраазы. Куру эмесмин. Пенсиям менен келгем,— деп жакын жолотподум. Болбой жармашат.

— Жолго жакшы, алып коюңуз. Болбосо, магазинге кирип, ичип алам да, үйгө барып, баягынын эсесин чыгарам,— деп тиштенип алыптыр.

Бири-бирине ынтылып, ооздорунан ак ит кирип, көк ит чыккан ата-эненин ортосунда үрпөйүп, ары-бери жапырылган балдарды эстей, албай койгонго болбоду. Ошондой бири-бирине ылыгы жок үй-бүлөдөн сактасын. Бейкүнөө балдардын эле шору. Жер көз болуп, бирөөгө тике карап, оюндагысын айта албагандан өткөн азап барбы... Эртең Алмалыга көмүргө жөнөйм

Гүлзат короз чакыра электе турду. Сыртка чыкканда Нарбай чал булоолонуп, муздак сууга даарат алып жүргөн. Доошу таңкы жымжырттыкты жарып, шаңкыды.

— Жакшы жатып, жай турдуңбу, кызым?!

Чал көрдүбү, көрбөдүбү, Гүлзат баш ийкеди.

* * *

Мындай болуп кабар угарын Нарбай чал күткөн эмес. Жумадан чыгып, Гүлзатка учурап, калаадагы уулунан кабар эшитмекке байланыш бөлүмүнө баш баккан. Көзөнөккө баш салып, ичкериден тааныш адамын учурата албады.

— Гүлзат, ишке келди беле?— деди бош орунга баш жаңсап, сумсайган чал. Далысын салып, каяккадыр жооп берип жаткан эки кыздын бири бурулуп, чалды көргөндө иймене түштү.

— Келиңиз. Гүлзаттын бүгүн табы жок. Чоңдордон жооп сурап, үйүнө кетти. Сизди келсе, сүйүнчү сурагыла деген, сүйүнчүсүн бербесеңиз айтпайбыз.— Аркы кашына осмо койгон татар кыз да моюн буруп, чалдын сүйүнчүнөн кабары бардай тыңшагычын шыпырып маанилүү турду. Чалдын оюн дүмөйүл кылган Гүлзаттын абалы болду.

— Гүлзаттын табы айнып кетти дейсиңерби? Тынччылык элеби? Дайынын ачык айткылачы, олдо балам-ай...— Жалгыз уюкезүүдөн кайтпай эки-үч күн жоголгондо да мынчалык кейиген эмес.

— Башы ооруп...— Эки кыз бири-бирин кыйгач тиктешип алды,— шакыйнасы бар. Ошонусу кармап...

— Шакыйнасы балсо, ал эски оору. Эртең эле так секирип кетет. Сүйүнчүңөр мынаке, кыздарым! Кабарыңарды угайынчы. —Нарбай чалдын салаасында уйпаланган үч сомдук жүргөн.

— Жоок, сизди тамашалап, кантет экен десе. Сизден сүйүнчү алып эмне... Кечээ уулуңуз сүйлөшүптүр. Келмей болуптур. Бүржолу иштен бошоп...

— Ал имнеси ыраңы суктун, тынччылык бекен. Иштен бошойм деген сөздү оозуна алчу эмес. Бир адиса болгон го.

Кыздар астыртан бири-бирине тиктешип, заказ кагаздарын сунган клиенттеринин көзүнчө эңкейе калып, кыткылыкташат.

— Кейигенди коюп, тойго камылга көрүңүз.— Кашына осмо койгон кыз шыңкылдайт,— Уулуңуз келин алып келмек болуптур. Ошо тараптан болот имиш. Институтту бүтүптүр. Эртеңкиге, самолётко билет алыпыптыр. «Түшкө жетпей Ошто болобуз. Кабар эртерээк жетсе, Орозалы таганын «Жигулиси» менен аэропортко келип турушсун» деп Гүлзат менен сүйлөшүптүр...

Нарбай чал чыпылдап чыккан чекесин жеңи менен сүртүп, кубанычка балкыйт.

— Ананайындар десе, мунуңар башка кеп. Ушундайда сүйүнбөсөм качан сүйүнөм. Тойго даяр тургула! Өзүм келип чакырып кетем!..

Ал эки аттаган жерин бир аттап, почто түйүнүнөн чыкты. Желеткесинин этек-жеңи туш келди учат. «Бешенесине жазган жылдызын тапкан экен. Карыган чагымда колумду узарткан экен. Утуру эле түшүмө кирип туруп алган.. Ою, тилеги жакшы десе...» Бүкүрү бели түзөлүп, баспай эле каалгый учуп алгансыйт өзүнө. Базар-учарда көрүп, таанып калгандар жорголоогон карынын башкача басыгын эмнеге жорушаарын билбей, соңунан узата карашат.

«Бул кабарды Гүлзатымдын оозунан эшитсем кана. Угуп сүйүндү бекен. Карап гана тургула, тойду өзү башкарат. Карындашы да. Же Гүлзатым кичүү бекен. Жо-ок, экөө тең куактуу эле го. Эсиң менен түшкүр, ушуга чейин жашын бир сурап койбопмун. Өздөрү табышып алышаар. Батамды берем. Андан бөлөк эмнем бар...»

Эки аттачу жерин бир аттап, чал автостанцияга шашат...

* * *

Ошол ченде бизге тааныш тактектик кыз үй-бүлөсүн таң калтырып, чырак күйгүзбөй, үй бурчунда үн-сөзсүз отурган...

## АТА КАРЫЗЫ

Мештин боору көмүр чогуна кызарып, көкүрөгүн кактаган Тойчу чалды качырды. Абдестеде шарактап суу кайнайт. Кары кол учу менен абдестенин капкагын алганда сыгылган буу атып кетти.

— Отуңар башкача күйдү го,— деди Тойчу чал, кийин жылды да, сууктан чарт-чарт жарылган колдорун мешке калкалай берди. Сырттан суу көтөрүп кирген келини үндөбөй жылдыздуу жылмайды. Чай демделди.

— Чыйрыккансыйм. Белим какшайт. Минтчү эмес...— Чал алдында суналган мышыкты кулакка чертип тургузду да, буттарын мештин алдына сунду. Илбериңки келини чыканагына кош жаздыкты коё салды. «Өмүрлүү бол, балам» деп койду кайнатасы.

Мешке жакын дасторкон жайылды. Чалга жанаша үч уулу, андан бери тун уулунун келинчеги жай алды. Жаңы келин дасторконго ынтылбай, адептүү, бошогон пиалага чай куят да, узатат. Кээде чал сөз арасында аны эске алган болот.

— Өзүң да ичсең, жесең. Бу балам кем наар окшойт. Тартынба, баарыбыз оокат менен жүрөбүз.— Чал алдындагы патир нандын бирин кенжесине узатты. «Печкеге кармачы. Жумшарат. Кечээ эле жабылган нандын ката түшкөнүн. Сууктун күчүн кара...»

Жаңы келин ысык тап өткөн патир нанды кайнатасынын алдына сындырды. Күн чыкты. Анын нуру куттуу дасторконго төгүлөт...

Чайды шор-шор ууртаган инисин Шамырат какты:

— Чайды аста ууртайт. Жоо кууса да...

— Кантсин, көчөдө оюну калып жатса... бу шашпаса, ким шашат. Улуу агасы арамза ойдон алыс үн кошту.

— Ошо көчөдө басканын көрбөй жүрөм. Жилигин чагар элем. Оюндан мүйүз чыкса, сага чыгаар эле. Чалга жардам бер. Биз саар кетебиз, кеч келебиз. Адиңден ашпа. Жакында он төрткө чыгасың. «Отузга чыккан кара баш, ойногонуң казан таш». Сен теңдүүлөр...

— Көп бейтаасирленбе,— Чал күчөп бараткан сөздү тыйды,— Кептин айтчу нугу бар. Корсулдасаң эле баарын жер көз кылып алам дейсиңби? Мага ашык аткан ушул бала. Кимиңер келип колумдан ишимди алып койдуңар. Кылдырап өтчү тирилик өтө берет. Өз ишиңерди билгиле. Баладан айланбагыла. Опузасын көр дагы...— Дасторкон үстүндө кыйлага сөз үзүлдү.

Ислам чоң дөбөгө барып, балдар менен ооп-жыгылып, муз тепкенден үмүтүн үздү. Агасынын чорт кыялы ага маалим. Бир сүйлөгөн неме. Кимдир-бирөөдөн анын дөбөдө жүргөнүн эшитсе, кол көтөрүүдөн тартынбайт.

— Балам, чайыңдан куй.— Жаңы келин ойго алаксып, кайнатасын пиала сундуруп койгонуна анардай кызарды. Чайды бөксө куйду. Анан мештин оозун ачып, отту карамыш болуп, өзү менен өзү. Жаңы бүлөгө аралашканына үч айча болду. Жатыркап али да четтейт. Кепти сызылып отуруп угат. Сүйлөсө да оозуна бирин-экин сөз илинсе илинет, илинбесе жок. Басса-турса бут учун караганы караган.

— Ит күчүктөптүр ата, көрдүңүзбү? — Ислам ойноп жүрүп айдоодон чайнектин гүлдүү сыныгын таап алгандай көздөрү балбылдай түштү. Чайга отурарда айтам деп жатып, жеме-жука сөздөн улам унутуп, ушул саам эстей койгонуна сүйүндү. Кабарды атасынан бөлөгү жактырбады. Тойчу чал бошогон пиаласын күрөктөй болгон алаканында тегерете, кенже уулуна карап күлүңдөйт.



— Баракелде, итибиз тууду де. Бечара десе, самандын ичинен чыкпай көздөн далдаа жүрүп калганынан бир адиса болгонбу дегем. Тууптур да, кариет. Жаткан жерин жылуула. — Ислам оозун таптап келатканда, Шамырат туурадан чыкты:

— Куп жыргапсыңар, канчаны тууптур, ошону айт! — Агасынын какшыгын элес албай, кубанычынан шашкан бала беш манжасын көрсөттү:

— Бешти.

— Охо-о, кудай берген турбайбы. Итиңер турушу менен береке турбайбы, ата. — Шамырат көзүнүн кыйыгы менен атасын чолуй карады. Үнү заар эле. Ага табылбай калган. «Кычык сөздүн күнү тууду» деди Ислам да. Айтканындай эле:

— Жоготуш керек, бирөөнүн да кереги жок. Үйдү иткана кылгыңар барбы? — деди.

— Ит менен ишиң канча. — Атасынын үнү демейдегидей токтоо. Эңкейиңки белин түздөй, дасторкондун бир учун кайрып, малдаш уруна олтурду. Жүзүндөгү жумшак күлкү жок. Келини узаткан пиаланы андабай, мандайындагы уулуна ызгаардуу:— Ал эмне дегениң, бооруң эзилгир. Бирөөгө кошулуп багыш дебесек аны? Эмнеге жаның кейийт? Макулук болсо дагы сеникиндей жаны бар анын. Угузба андай сөзүңдү.

Шамырат тилин тартпай калсын. Ата-баланын ортосун дасторкон бөлүп, койгула деп кийлигишкен эч ким болбоду...

— Маа демектен азыр эле үйгө киргизип алыңыз. Ишибиз жок. Анча имне атырыласыз? Ит үчүн да шунча кызандайсызбы, жоктон тапкансып... — Кызарып-татарып Шамырат муздаган чайын ичпей жеңесине кайрылды.

— Ысыгыраак куйгулачы. — Жаңы келин тик багып карабаса да, анын корс мүнөзүн жактырбагандай пиаладагы чайды астана тушка серпти.

Ислам тойдум дегендей пиаласын дасторкондун четиңе көмкөрдү. Кабагы салыңкы. «Кайдан айта койдум эле» деген ой баш көтөртпөйт. Баятан кепке аралашпай адатынча сүйлөгөндүн оозун карап, наймандап нан чайнап жаткан чалдын улуу баласы Токтосун минтти:

— Ата, Осон таганын балдары күчүк сураштырып жүргөн. Бирөөнү ошолорго кармата берели. Укса, кардарлар чыга берет. Экөөнү калтырсак өзүбүзгө жетет.

— Анчаны багып, башыңа күч келдиби?! — Шамырат

эми агасын тороду.— Же короо толгон коюң барбы, кайтарткыдай. Алдыңдагы ашыңды жөндөп ичсең, чоң атама окшобой...

Биздин сөз качан арык аттап, суу кеччү эле дегендей Токтосун үндөбөйт. Чатак сөздү башынан жактырбаган Тойчу чал жумшак айтты.

— Балам, бүгүн дагы сөзүң көбөйүп келатат. Тойсоң, өйдө бол. Ишиңден кечигип, жеме эшиткиң барбы?

Шамырат ордунан бата кылбай турду.

— Кечкурун күчүктөрдү машинага салып, алыс таштап келем. Канчыктын өзүн бакканыңар жетишет. Элге күчүк таратып, эми күлкү болгонубуз калды эле...

— Бар, барагой колуңдан келсе ошент, ошенте кой,— Тойчу чал баягысындай эле салмактуу,— убалынан коркпосоң, көз ача элек макулуктарды жогот. Ошент, алыс, көз көргүс, кулак уккус жакка жеткирип сал! Убалды билесиңби сен...— Сөзүнүн аягы какшыкка айланганын өзү сезбеди. Ээнбаш уулунун бейкылыгы жүрөгүн мыкчыды. Анын караанын көргүсү келбей, тезирээк чыгып кетишин каалап турду.

— Кош-коштоп күчүк багып, куп эле жетишкен экенсиңер...— Шамырат каалганы тарс жаап чыкты.

* * *

Чал короо четиндеги үймөк саманга жакындай бергенде кубакай, ичке канчык күчүктөрүнөн кызгангандай ырылдап берди. Эмчек издеп үймөктөшкөн күчүктөрүн тумшугу менен жөлөп-таяса да эки көзүн чалдан албайт. Алысыраак калган күчүгүн өзүнө чакыргандай кыңшылай жанын сабап жиберди. Анысы турам деп убара. Кубатсыз аяктарына чайпалып турат да, артына кетет. Же тумшугу менен сүрдүгөт. Баарына кайыл. Кыбыраганы кыбыраган.

Күчүктөр энесин төө бастыга алды. Денеси бошогонго күчүктөрүнүн түйшүгү эч нерсеге татыбай, канчык үргүлөп кетет да, чочугандай көзүн пар ачып, маңдайындагы чал менен эки колун чөнтөгүнөн чыгарбаган балага шектүү карайт.

Чал үймөктөн бир кучак саман сууруп, күчүктөрдүн алдына төшөдү. Исламды жумшап, тоокканада турган бош ящикти алдырды. Аны тикесинен коюп, ичине саман төшөп жумшактады. Кепече пайда болду. Ага киргенде күчүктөрдүн кыңшылаганы басылып, жаңы орунга көнгөнчө арыбери ооналактай беришти.



— Загра ундан атала чал,— деди атасы сүкүт салган уулуна. Ит аяктагы аталага баш салып, канчык үрүп койду. Күчүктөр да аякты тегеректей, сөөм куйруктарын булгаламыш болуп, ошонусу менен ыраазылык билдиргенсийт.

* * *

Шамырат жумуштан күндөгүсүнөн эрте кайтты.

— Машинада жем келди. Түшүргүлө! — Босого аттай берип, адатынча өкүм сүйлөдү. Тери тонун чечип, керебетке олдоксон таштады да, мешке жылына кетти. Өтүгүндөгү сүрүлбөгөн кар аз-аздан эрип, тактай үстү чылпылдап чыкты.

— Колу туткак дегенди өлгөнчө жаман көрөсүң,— деди Тойчу чал көкүрөгүн мештен тарта берип.— Бу ишке көнүп алдың. Аягы имне болоорун ойлойсуңбу? Бизге эч нерсенин кереги жок. Беш-алты карайкыны жай-күзү термелеп топтогон чөп-чарга эле багам. Чени менен жесе, жетмек түгүл, ашат. Өткөндө алып келген майда беденди малга бергенге колум барбайт. Арам оокат аш болобу...

Шамырат терисине батпай, куду уурулугу менен кармалгандай атасы менен сенсиреше кетти.

— Дагы имне. Айт, айта түшкүлө, ии. Тоюп калдыңарбы? Жем-чөп силерди тээп атабы. Көп эле ашынбасаңар.
— Анын оозунан бур эткен ичкиликтин жыты чалды баштан ары тартып ийгендей болду. «Дагы ичкен экен, бооруң эзилгир. Пулду каяктан алат?..» Ага акылы жетпеди. Уулу болсо алынып кетти. «Чамгарактап басылбайт эми. Ичиндеги балээ күш-күштөп атат» деп ойлоду Тойчу чал.

— Бу өпөйтүп жыйган бир көтөрүм чөбүңөргө ишенесиңерби? Ушу менен мал багам дейсиңерби? Э-эй, кыш жаңы түштү. Чилдеге чейин дагы көп. Мал колду караган маал келет. Ошондо абалыңарга мышык ыйлайт, ошондо көрөбүз күчүңөрдү... Элден эле башкачасыңар дагы...

— Элден садага кет, «отко айдаса, бокко качасың». Ким сага окшоп элдин кутуна суук колун салып, казандалык кылып жүрөт. Сенин өзүмчүлдүгүңдөн корком. Экинчи уурдап-суурдап бир нерсе алып келгениңди көрсөм, астананы аттатпайм. Муну оң кулагың менен да, сол кулагың менен да эшитип кой. Жанымдан тойгузуп бүттүң. Карыганымда эл аралап, башымды бийик алып жүрөйүнбү?..

Шамырат өйдө болуп, үндөбөй тонун кийди да, сырткка чыкты. Ооз ачса эле атасы сөгөрүн сезип калган. Тойчу чал кыйлага буулуп, өзүнө келе албай олтурду. Үйдө ке-

лининен башка эч ким жок эле. Ал кайнатасын аяп, көзүнүн агы менен тең айлангысы келет. Анын жигерин эзген бүдөмүк суроо жанын тынчытпайт. «Атага мынча эмне катуу тийишет. Көбү атага жетпей жүрсө...» Келиндин көзүнө жаш тегеренди. Кичинекейинде балдар аны «жетим кыз» деп ызалантчу.

Абдесте шуулдай баштады. «От жакшы күйдү» деди чал. Бирок, анын жан жыргаткан ысык табын сезген жок. Тандайы кургады.

— Айзада, чайыңдан куйчу, балам, — деди аста. Ысык чайга денеси жибип, көңүлү сергек тартты. «Чөжө бирдей жанбыз. Эмнебиз жетишпейт. Ак иште, маңдай тер менен тапканга келбейт» деген айыбымбы. Жаңжал ошондон чыгат. Кеп уккусу жок. Айтканын бербеген бала чыкты.

«Башың жаш, эмнени билесиң» — десем, кайра өзүмдү «силер эмне көрдүңөр...» деп келет. Оюна койсоң, асмандан түшө калгандай эч кимди тоотпойт. Кичинесинде мойнуман түшүрбөй жүрчүмүн. Ошондо эле көкбетиги бар эле. Айтканын жасаганча башыма шылк-шылк эттирип коюп жиберчү. Колу туткак эле. Меймандардын чөнтөгүнө кол салгандан тартынчу эмес. Бой жеткенде болсо көзүбүзчө эле уурулук кылганга өттү. Болбосо ал эл албаган жардамды совхоздон алат. Көрбөсө көр болсун. Сегизди араңжан бүттү. Трактир минем деп оолукту. Мени жанына салып, айдайт имиш. «Куп» дедим. Көңүлүң ошого оop калса «окусаң оку». Совхоз көз салды. Кийинтип-ичирип, окутту. Келип-кеткенде колуна жол кирелик пул берем. Ашыкча карматпайм. Пенсиямды аяп имне... Пул көптүрүп жибербесин дечүмүн. Бүтөр-бүткөнчө бир калыбында жүрдү. Айылга келери менен трактор минди. Сөздүн чыны, кармаган нерсесине жакшы карайт. Көп өтпөй эле трактирин жапжаңы машинага алмаштырды. Чоңдоруна жаккан имиш... Жумшаган жагына эле дүмпөңдөп турса, жакпаганда анан. Төбөм көктү тирейт. «Аягынан шамал өтүп турсун, элге аралашып келатат, бечарам» деп өзүмчө шүгүрчүлүк кылам. Ошол, ошол болду. Жаңы машина мингенине экинчи жылга оогондо бала өзгөрдү го... Иччү болду. Анысын жашырып жүрдү. Балдар билип, айтып коёт мага... Бара-бара көз көрүнө эле теңселип келет. Ошондо барып билип, «аттиң» деп бармагымды тиштедим. Өтүшүп кетиптир. Аны оңой оокат, жанбакты иш манчыркатып, көптүрүп ийген экен. Алаканы чор басканга үлгүрбөдү. Жаңы машина минди. Угушума караганда, көп жылдардан бери сыйра-сыйра ремонттон өткөрүп, машина минген шопурлар да бар экен. Ошолорго тийгенде кана...



Кийинки күндөрү аз сүйлөшчү болдук. Эми эки сөзүнүн бир эле «алсам экен, жулсам экен». Түнү менен бир жактарда жүрөт. Машинаны үйгө коёт. Ошо да кошул-ташыл болуп, азгырды. Кечкисин үйгө адам көбөйдү. «Сыртта чөбүм бар. Жеткирип бер. Ыраазы кылам...», «Таш көмүр алгам, эки жума болду, унаа жок», Карындашымдын себин ушул жумада жеткирмек элек...» Жок дебейт. Түн ортосу болсун жүрө берет. Эки-үч сапар алдыга аш келгенде ээрчитип кеткендерге, чындык кеп, катуу айттым. Жаман көргөндөй болушту. Эл экен да: «баласынын ишине кирипшип эмне кылат, мусулман киши, тапканын ичип-жеп, кудая шүгүр деп төрдө отурбайбы» дешкендер да болду. Ата болгондон кийин, мен айтпасам, ким айтат. Токтолуп кетер бекен деп бир башын эки кылсам деген да ой бар. Не билейин, кантер экен...»

Тойчу чал отурган калыбында маасынын кончун өзүнө булка тартты. Ордунан турарда бирдей ошентет. Чоргосунан буу үйлөп, абдесте кайнап чыкты. Бу саам чал капкакты алышты унутуп койду...

* * *

Саар мененки нанүштөдө сөздөн сөз чыгып, Шамырат агасын матай кетти.

— Көрмөйүңөр эле мен болсом, машинаны тапшырам. Кутуламбы анан? Ошондо оокатыңардын кандай өткөнүн көрөм. Садагама окшоп, он боо мака пая жазып бериңиз, кашегибиз түгөндү деп директорго түшөсүңөр. Оозуңарды кармайсыңар. Бирок кеч болот... — Агасы момун. Теңелбейин дедиби, сеники туура деп баш ийкейт. Мындайда Тойчу чалдын чыдамы жетпейт.

— Такмаза сөзүңдү дагы баштаганы турасыңбы? Тынчыраак чай ичиресиңби, жокпу? — деди. Чал күндөн-күнгө ырбап, жок жерден чыкчу жаңжалдардан жүрөк заада болуп бараткан.

— Билем,— Шамырат атасы тарапты карабай өңгөчүн созду. — Көргүңөр келбейт мени. Өзүм үчүн жүргөнүм жок. Билсеңер, силер үчүн, силер деп жүгүрөм, жакшылык жакпагандар! — Көздөрү каканактап чыкты. Пиала кармаган колу калтырайт.

— Уурулук кылба, жөндөп иште, ошондо жагасың бизге. Эл дагы жакшы көрөт. Жула качып алгандан көрөк, сурап алып, мал бакканыбыз өйдө, уулум. Бизге ошо буйруйт, билсең. Машинаңды өткөрөм дейсиң өткөр, кетмен чап, боюңдагы арам терди чыгар. Жашоонун накта ширесин ошондо татасың.

Шамырат атасына кыжырлуу тигилди. Бир тиштем нанды ары-бери оодарып, улам чайдан ууртап, көптө барып жибитерин, дасторкон четине түшкөн нандын майда күкүмдөрүн эринбей чымчымдап терип, оозуна экчеп койгонун, тегерегинде олтургандарга аталык мээримин салып тигилгенин азыр гана аңдагансыйт. Мештеги от «сүйлөйт». Жаңы келин бошогон пиалага кол сунуп баратып, Шамыраттын көздөрүнө көзү чагылыша, коркуп кетти.

— Жакшылыкты көрбөсөңөр көр болгула,— Шамырат үшкүрдү да, өзүнчө бүтүм чыгаргандай,— Көрө албайсыңар.— Эч ким ага кайрылып ооз ачкан жок.

* * *

Чал күчүктөргө атала чайды. Бири-бирине артылышып, энесинин боорунда көшүлгөн күчүктөрдүн тамак менен иши барбы. Канчык жыт алып, баш көтөрдү. Табакты көргөндө жүткүндү. Күчүктөр чукуранды. Ит аякка жакын турган ала моюну чүчкүрүп жиберди. Ысык аталага бир бутун малып алганда энеси аны четке түрттү. Тойчу чал бүлкүлдөп күлөт. «Эртең эле булардын кабыргасы катат. Биринен өтүп, бири жетилет. Анан кардарларың чыгат туш-туштан. Күчүк маалында жаа бою качып, кол учун тийгизүүдөн намыс кылган кайрандарың ээ... Шондо силерге айтчу эки ооз сөз табылар...»

Машинанын күрүлдөгөнүн Тойчу чал укту. «Соо келгей эле,— деди камтамалуу ою. — Бүлөгө жаңы кошулган келинге да уят болдук».

Шамырат кызуу эле. Мешти сүзө келип, тизе бүктү. Өңү киртейиңки. Көздөрү кыжырдуу. Үйдөгүлөр аны менен иши жоктой ар ким өзү менен алек. Адатынча ал «жем келди, чөп келди, түшүргүлө» деп да опурандаган жок. Кыйгылдуу тартып олтурушунда кеп бар эле.

— Ии, күчүктөр кандай?.. — Шамырат жер тиктеген калыбында сурады. Бейкүнөө макулуктар анын жан дүйнөсүнө анчалык дүрбөлөң түшүрөрүн олтургандар ойлошкон жок. Телевизордон көз албаган Ислам жооп берди:

— Жаңы эле атала ичишти. Жылуу кепе жасадык. Үшүшпөйт.

— Кандай кепе?! Колуңар эле эптүү да. Бас, көрсөт кепеңди. Көрүмдүгүн берем. — Кечки иңир коюуланып, өрүк шактарында чымчыктар чырыктайт. Тооктор коноргосуна конгон маал. Ислам кепенин жабуусун көтөрдү. Эңкейген калыбында аста унчукту: «Уктап атышат». Күчүктөр моюндашкан калыбында суналат. Сууктан бири-бирине



ыкташа берди. Канчык эрингендей баш көтөрдү. Ууртун жаланып, экөөнүн колунан көзү өтөт.

— Оо, сенин түрү сууктарыңдын...— Шамыраттын оозуна ак ит кирип, кепени карс дегизе бир тепти. Күчүктөр туш-тушка ыргып, канчык байкуш боюн ала качты. Шамырат ага болбой жер кайсап, колуна кирген менен ургулап, канчыкты кубалап жүрдү. Ал кыңшылап, үйдү тегеренип, эки көзүн өпөйгөн саман түбүнөн айрыбайт.

— Ушулардын эле көзүн карап отургансың, кош-коштоп тууганын кысталактын...

Агасынын жоругу төбөсүнөн ылдый муздак шыргалаң суу куюп жибергендей Исламды ичиркентти. Жылуу түнөгүнөн ажырап, калтыраган макулуктар жылуулукка кабылып каламбы деген үмүттө саман түбүн тырмалашат.

— Ислам, чогулт буларды! — Шамырат бутуна жакын турган күчүктү тээп ийгенде жанатан селейген иниси кыйкырып жиберди:

— Теппе, бутуңа шал тийгир! — Ислам оозуна келген сөзүн кармана албай, биринчи жолу агасына каяша айтты. — Булар имне жамандык кылды? Шамырат инисинин эмелеки сөзү үчүн баса калып, төпөштөп кирмек. Антпеди. Ар кайсыл жерде жаткан күчүктөрдү бирден чогултуп, машинасына бет алды. Ислам анын оюн биле коюп, жолун тороду.

— Коё бер күчүктөрдү! Мас болсоң эле ушунте бересиңби? — Шамыраттын бутуна чалынып, күчүктөргө жармашат.

— Эй, кантет бу, жолуман кач, сенсиреген арбак. Чык мындай! Сага бу арамдарды баккандан бөлөк иш түгөнүп калдыбы? Канчыктын өзүн багып алгылачы мурда — Бура бастырбай сүйрөлгөн инисин күчкө салып булкуп ийгенде ал терек сүздү. Көзүнөн от чагылса да көзүнүн жашы чыкпады.

— Күчүңдү менден чыгар, мени ур. Убалдан коркпогон күзөр. Каякка барсаң кошо барам. Атамы чакырам. Ата, күчүктөрдү өлтүргөнү атат!

— Жаагыңды азыр ушата коём. Доошуңду өчүр! Ызатыңды билип, үйгө кир. Болушканды үйрөтөм мен сага...

* * *

Шамырат кокустан эле терезеден канчыкты көрдү. Анын бозгумтул карааны түйүлө калып, жан далбас уруп кар чүмкөнгөн талаа үстүндө зымырайт. Кез-кезде ырайым күткөндөй машина тарапты карайт. Шамырат ылдамдыкты көбөйттү. Ит көрүнбөй калды. Узак жүргөн жок. Жол-

ду кескен көпүрөгө чыга берерде куду дөңгөлөктүн алдынан суурулгандай таноосунан буу атып, акактаган канчык аркан бою атып чыгып, артын жалт карады. Шамыраттын жүрөгү опкоолжуй түшүп, бир эсе иттин өжөрдүгү намысын козгоду. «Ой итиң ой, жарышкысы бар го мени менен. Кел анда, канчага чыдаар экенсиң...»

* * *

Ислам озондой босого аттаганда Тойчу чал төшүн мешке кактап, көңгөн ордунда үргүлөй олтурган. Баласынын сөзүнө ийне менен сайгандай мөңкүдү.

— Ал эмнеси, акмактын?! Чын эле бакшы окшойт, тобо. Күчүктөрдөн айланабы... Сен тезек терип жүрдүңбү, колу-бутуна асылып «аталап» кыйкырбайсыңбы. Колуна өлүп бербейсиңби. Кичинелигиң калдыбы, ашкебп...

Тойчу чал этегин үзө басып турду. Шашып астанада кепичин түзүк кийе албай буйдалды. Келини тонун узатты.

— Кайсыл тарапка алып кетти?! — Каалганын туткасын коё бербей сурады.

— Чоң мурундун кыштоосу жакка. — Исламдын жүзү мештин ысык табына кошул-ташыл дуулдайт. «Ашкеби» деп аны атасы деги атоочу эмес. Атасына удаа сыртка чыкты.

— Жарыкта малды жайгаштыра бер, — деп Тойчу чал күндөгү ишин кенжесине тапшырды...

* * *

Ай булутка кирсе карайлаган чал жолдун нугуна чыгып, кар малтайт. Кадамы жайлап, дем алуусу оордойт. Бостун тонунун этегине эки үч мертебе чалынып мүдүрүлдү. Көчүк басып, тыным алгысы келди. Бир ою макул болбоду. «Териң ката түшсө, зорго жүргөн жаның суук кармайт. Андан көрө кыбырай бер. Ушу турган Чоң мурундун кыштоосуна чай кайнамда жетип барбай, эмне...» Таргыл үю бирдей кезүүдөн келбей калса, ушу кыштоодон келин таап кетчү. Анда күн узак, жылуу болчу. Кээде коңшунун эшигин сурап минчү.

Деми кыстыгып, өңгөч ылдый бир нерсе жүгүрүп кеткендей ыкшып жөтөлдү. Жаш токтобойт көзүнөн. Эси-көөнү күчүктөрдө. Камтама. «Муздап калбагай эле. Аяздын түрү бул болсо, чоң адамдын шаштысын алат...»

Карылык денесинен кубатын алганын бүгүн сезди. Бостун тондун этеги камтууга келбей далбалактайт. Чал



көңүлүн санаа азгырып кетет. Ою чабыттап, коогалуу иштин түйүнүн даректейт. «Кийинчерээк машинасынын бир бош келген күнү болдубу? Жок. Кымтып-сымтып, андан-мындан сала келет. Милдет кылганычы. Балдарды куурул, кер сүйлөйт. Соо келген күнү болбойт. Бир көрсөк, эрте мененки нанүштөдө соо көрөбүз. Кечинде дагы баягысы, «акем дагы ичип алыптыр» деп Исламдын эле эмес, биздин да жүрөгүбүз өлүп болду. Бу өзү жалгыз ичпейт. Кимдер менен ичерин билсемчи, атаганат. Үстүнөн чыгып, жети атасынан түшүп; оозуна экинчи алгыс кылат элем го...» Чалды жандай «Жигули» шуу өтүп барып, арткы кызыл жарыгы күйүп токтоду. Машинадан түшкөн нооча бой жигит чалды утурлады. «Тааныш балдар бейм» деди Тойчу чал бүдөмүк. Жигит ийиле кош колдоп амандашты да:

— Жүрүңүз, машинада жетип алыңыз, — деп колтуктай берди.

— Жоо-жок, уулум. Ыракмат! Мынабу турган жерге жөө бассам да жетем. Көпүрөгө жетсем анан жогору кыштоого салам. — Бирок, бейтааныш жигиттин ак пейил мамилеси калбалуу ойдон чүнчүй түшкөн чалды чыйралтты. Ага кимдир-бирөө үстүндөгү ысык тонун чечип жапкандай чыйрыккан бою жазылып, энтиге түштү.

— Көпүрөгө чейин бир чакырым жол. Мындай жүрүшүңүздө жол арбыта албайсыз. Олтуруп алыңыз. — Жигит машинанын арткы каалгасын ачты.

Машинанын ичи жылуу экен. Отура берерде атыр аралаш жагымдуу жытты сезди. Алдыда коюу чачы далысын жапкан аял олтурган. Чал жайланыша бергенде кылчая караган. Жигиттин элпек адебинен уламбы, чалдын көзү жетпесе да, анын жүзү жылдыздуу учурады. Сыбызгыган музыканы жаңы баамдады. Мамык орундукта каалгып шалдырай түшкөн чалды уйку басат. Жигит жай айдады.

— Көпүрөгө келдикпи? — Чал жыртык көзүн кыбыңдата, көзү ызгып кеткенине ыңгайсызданат.

— Дагы азмаз бар, ата. Кыштоо жакта уулуңуз бар беле? — Тойчу чал ушул суроону күткөн. Бирок, кандай жооп берерине маани берген эмес. Оозуна сөз илинсечи. «Кара баскыр, айдай балдарга жалган сүйлөймүнбү...» Көп кармалган жок. Түшө берип мындай деди.

— Зарыл иш чыкты, уулум. Айтканга оозум барбайт... «Туура түшүнсөңөр болду» деп кошумчалады ички туйгусу. Билгендей эле жигит сөз жаңыртпады. Аялы да сөзгө аралашпай, ак жарык чачылган жолдон көз албай келет.

Машина көпүрөгө чыгып токтоду. Жигит түшө калып,

чал олтурган жактын каалгасын ачты. Чал шашпады.

— Кимдин уулусуң, балам? — Тойчу чал кары адамдарга таандык кызыгуусун жашыра албады.

— Артык дегендин. Эсиңизде жокко... Мергенчи Артык деп коюшчу экен. Жүгүрүп калганымда согушка кетип, кайтпаптыр.

— И-ии, аны биз билбесек, ким билет. Артык улакчы дечелек. Бир жагы ашына да элек. Аяш уулум турбайсыңбы. Ал уруш чыккан жылы кетти... Ыраматылык ошол бойдон кайтпады. Нооча келген, алма жүз, эки бетинин оту жанып, улак тартса байге бербеген бакыбат жигит эле. Кайран гана жигиттер, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек жатып кеттик го сүрүлүп... Ошолордон үркөрдөй болгон бир уучу — көзгө сүртөргө сөлүбүз жок кайттык. Түбүң түшкүр согуштун кылбаганы барбы... Ошо апат күндүн күбөсү болгон биз да өмүрдүн туу белинде турабыз. Жатсак-турсак бир тилегибиз эле «асманыңар ачык турса экен» дейбиз.

Тойчу чал бостунун кымтыланып, машинадан түшөөрдө: «Өйдө-ылдый өткөндө үй жакка түшүп, эшик-төрдү көрүп ал. Аманат сөздөрүм бар... Артык улакчынын уулу болсоң, биз аны менен ашына элек...» деди.

* * *

Тойчу чал каналды бойлой жүрдү. Жол бирде ылдый, бирде өйдө чыгып, анын шайын оодарды. Арбысачы же... Каналдан чыккан додоо топурак жогортон келген муздак ызгаарды тосуп, жолдун тамаиы ылдымта. Көлөчүнүн бадыры жешилип, ылдый баскан сайын чебеленет. Бир жолу сыйгаланды да, боюн токтото албай жумшак карга капталынан жыгылды. Дарманы качкан денесин кыймылдатпай кыйлага жатты. Төбөсүндө саманчынын жолу үлпүлдөйт.

Канал нугу адыр этектей бергенде бир буту жеңилдей түшкөндөн энкейсе, көлөчүнүн бири жок. Токтободу. Төө өркөч жылгалардын бирине киргенде иттин кыңшылаганын укту. Ишенбей селейген бойдон кулак түрдү. «Бечара шоркелдей, бечара...» Өзүнчө сүйлөнүп, бир бутунда көлөчү жок экени эсинен чыгып, алдыга тездемиш болот. «Балдарынын жанында экен. Эне дегендин мээримин карачы. Айбан дейбиз дагы...» Айдын жарыгында томурайып, күчүктөр ар кайсы жерде жатат. Канчык болсо ийне жуткан иттен бешбетер ичкерип, болгон жандалбасы менен бооруна эки күчүгүн баскан экен. Калганы эчак эле муз менен таш.



...Айдын жарыгында ит ээрчиткен чалды көргөндөр жолдон чыгып, жаа бою качышат беле... «Дүк-дүк, дүк-дүк...» Макулуктардын жүрөк кагышы чалдын денесине жылуулук чачат.

...Ошондо, ай жарыгында ит ээрчиткен чалды көрсөңөр...

## «АК ЖУРТЧУ АМАН — ЖУРТ АМАН»

*(Адабий ажар)*

Жусубалиев жөнүндө «жүргөнү кызык, жазганы андан кызык» деп жүрүшөт окурмандары... Ал мага мындай элестейт (көп укканыман эмес, көп көргөнүмөн...).

...Таң сүрүлүп, жер жээгине жакындаган агыш шоолага чайынып, терезе түбүндө түпкүчтөй ийилген Кубат аке кечээтен берки термелеген табылгасын дептерине (эки тыйындык дептерди тең белинен бөлүп, жартысына жазат) сөөмөйдөй кембагал калеми менен күн чыкканча кажынганы кажынган... Оо, арбыганда да кандай арбыйт!.. Желбегейленген бейкасам чапаны шыргыйдай боюнан паска качып, бир жактан түн оодарган бактектер терезе кашегин чокуп, бечара «ашынасынан» сүйүнчү сурайт. «Кутман таңды чогуу тостук, жазуучум!» Терезе шарт ачылат. «Карга пок чокуй электе сорго к жемсөөңөр өзөрүп кеттиби, о жарамазан айткан кошоматчылар!» Шилбидей ничке, упузун манжаларынан бадырап дан чачылат. «Оо, какой чудесный день!» деп коёт дагы аркасынан. Али күндүн көзү көрүнө элек...

Ал мага ушундай элестейт. Көп укканымдан эмес, көп көргөнүмдөн...

Кубат Жусубалиевдин үйүндө таштан көп неме жок. Ишенбесеңиз, өзүңүз билиңиз. Уюм туудуга кылданган сакадайынан тартып, кош колдоп көтөрчү таштарга чейин табасыз. Сурадык: «Сүйлөшпөймүнбү...» дейт. «Буларда сыр катта...» дейт. «Алайдан келгени, Енисейден табылганы, дагы бир көргөн термелеп, эптеп чөнтөк үйгө куру келбейт, старик...» дейт. Залалы тийбесе тура берсин, сүйлөшсө сүйлөшөр... Кооз таштарга кардар түшкөн мындай кишинин көрө элек элем. Муну карагыла, акебай, бир кулач дүмүр бу үйгө каяктан келген?! «Ээ үка, жер-сууну кыдырып келатсам бул жаны жок, какшыган сайдын таманында жатыптыр. Арчанын дүмүрү экен. Көтөрүп алдым. Элди өзүң билесиң да, сатып аткан окшойт дештиби, оропара чыккандын баары сурайт. «Тапкан тапалактыкы»

деп коём аларга. Мындай дүмүр ар кимге эле учурай берբесин түшүнүштүбү, «жолдуулугума» баш чайкап коюшат, бечаралар».

Окурмандарынан бирин-серин кат алат. «Аңгеме, повесттериңизди ным окубай калдык. Жазгандарыңыз каякта?» десе, «Толубай сынчыдан» бөлүгү колуңуздан келбей калдыбы?!» деп какшыктагандары да бар. Туура түшүнөлү алар тыбырчылап таланттуу жазуучунун өнөрканасынан кабар алгысы келишет. «Не иштеп, не бүтүрүп жатат?», «Оюнда жүргөн не санаасы бар?..»

Алыс барбайлы, «али-пали» дешип, кол алышып, учурашып жүргөн биз дагы сөздүн чыны, жазуучунун колу жетип, жетпей жаткан иштеринен бейкабарбыз. Кезинде Бакай жазуучубуз Т. Сыдыкбеков анын «Күн автопортретин тартып бүтө элек» деген повестине жазган баш сөзүндө «таланттуу» деп атаган Жусубалиев кайра куруу күрдөөлүндө калемгерлик милдетин кандай өтөп жатты экен, окумал журтчулукту кызыктырган чыгармачылыгындагы оош-кыйыш учурларынан кеп салып берер бекен деген үмүттө кайрылганбыз:

— Асман менен жердей унчукпаган, аты жакшы бир куш бар, сөздү ошондон баштайлы. Сураштырсам көп жерде билишпейт экен. Алайда Ак Журтчу деген куш болот (атыңдан айланайын). Бүркүттөн айырмасы жок. Канатынын жартысы ак, жартысы кара. Унчукпаган момун куш. Бала болуп, үнүн уга элекмин. Жаз менен кошо учуп келет да, күздө кайтып бир көргө учуп кетет. Учушунда жер менен асмандын бейкуттугу, беймаралдыгы бар. Ак Журтчунун уясы биздин үйдүн аркасындагы Кызыл Аскада. Темир канат балапандарын жылан, накаанда бир учуроочу чөп-чардын тамыры менен багат. Төбөбүздөн өтүп калса, бутуна чырмалган, жанталашып, тыбырчылаган жыланды көрүп калчубуз. Бир сапар үйдө китеп тиктеп отурсам, инимдин баласы Улан жүгүрүп кирди. «Аба, Үч-Чаттан эки-үч киши Ак Журтчунун уясын аңдып, атып алабыз деп жүрүшөт» деди. Ишенгеним жок, Ак Журтчунун имнесине кызыгат? Күүгүм талаш чып этменин үнүн уктум. Жүгүрүп чыксам, төбөмдөн шуу этип, Ак Журтчу учуп өттү. Мен караңгы баскан Кызыл аскага карап, кыйкырып, кыйкырып наалып кала бердим. Элдин айтымында, эки-үч адам кыйладан бери Ак Журтчуну аңдып жүрүшүптүр. Ак Журтчу аларды эч жанына жолотпой, аттырбайт экен. Муну караңыз, чымчыктар, майда куштар баягы ниети бузуктар келатканда эле Ак Журтчуга кабар берип, качырышат имиш. Көрбөйсүзбү, периштелүү кушту парандалар өзү да билет турбайбы... Чынбы-жалганбы, Ак Журтчунун өтү, эти рак оорусуна миңдин бири — дары имиш. Дагы бир күнү баягы Улан (ананайын өмүрү узун болсун, жанда жок боорукер) тердеп-тепчип чуркап келди. «Аба, Ак Журтчунун уясына адам түшүрүп, балапанын алганы атышат!» Жыңайлак, жылаңбаш түз эле Кызыл аскага жүгүрдүм. Карасам, арканды белине байлап, бир бала үңкүрдөгү уяга түшүп келатыптыр. Асканын башында экөө арканды чиренип тартып турушат. «Эй адамдар, о куштун убалында каласыңар, койгула!» десем болушпайт. Бири «Э үйүңдө отура берсеңчи» дейт. Жаман жиним келди. «Эй, силер билбейсиңер, бу куш кызыл китепке кирген, законду бузуп атасыңар, кушка катылдың дегиче ар бириң миң сомдон штраф төлөп, эки жылдан түрмөгө кетесиңер!» десем дагы тоотушпагандан кийин, жүгүрүп баратып эле оозуман ак ит кирип, кара ит чыгып сөгүнүп кирипмин. Мен түшүндүм. Менин айтканым аларга мастын айтканындай, апендинин айтканындай угулду. Буга чейин койгула деп аларга эч ким айтпаса, жолун бирөө тоспосо... Алынып-жулунуп жүгүргөнүмдө күйгөнүмдү билип-сезиштиби, арканын сүйрөп, сызып ийишти. Ак Журтчунун уясын кайтарып күүгүмгө чейин отурдум. Ошондон кийин уйкум бузулду. Баягы аркан сүйрөгөн бакылдар түшүмө да кирди... Бул бир жөнөкөй эле факт. Чынында асманда учкан бир куштун бары жогу менен кимдин иши бар. Бирок, ошол кушту коргоп калуу эл-жердин, дүйнөнүн проблемасы экенин түшүндүм. Элге жакынсынып, Кызыл Асканы баш паана кылган момун кушта не айып? Айып ачкөздүктө, кара өзгөйлүктө! Табияттын сулуулугун тоноп, жүрүп-жүрүп ушерге келдик. Ушинтип жүрүп, Кожожаш да аскада калбады беле?! Бизге эч нерсе сабак болбойт экен...

— Кубатбек Жусубалиевич, жазуучуну кайра куруунун жарчысы деп аташууда. Жаңылануу желаргысы экономикабыздан маданиятыбызга чейинки айдыңды текши кучагына алган күнү жазуучулар кантип кол куушуруп отурат. Антүүгө моралдык акысы жок. Мына, көп калемгерлерди көкөлөтө мактап, бир беткей баалап келгендик ушул жоопкерчиликтүү күндөрдө байкалууда. Ал ошондой эле чыгаан экен, жумурай-журтка кашкөй калемгер экен, оозуна талкан куюп алгансып эмнеге унчукпайт? Таң азандан туруп, киоска оозун аңдыган эл газета-журнал бетин ачып, жазуучунун учурдагы өзгөрүүгө үн кошкон, ачык-айтып, ак сүйлөгөн сөзүн окубаса, кечирип коюңуз, ал жазуучунун калк арасындагы кадырдуулугу кайсы?

— Аккат сөз. Эгерим жазуучу бечаранын жонуна уш-таптагыдай жүк түшпөс. Бу революциячыл өзгөрүүлөр өнүгүүбүздүн бышып, шагында как болгон маселелери. Мындай шартта жазуучулар туурачылдык позициядан кылчалык тайбай, адамдардын мүдөө, муктаждыктарын илгертпей туюп, ыймандык жактан аруулануусуна үн кошуудан тартып, саясий салмагы төө көтөргүс публицистикасы менен кызмат өтөөсү керек. Алыс барбайлы, сөз тизгинин жакшы китеп менен начар китептин мамлекетке (адамдарга) тийгизген залакасына бурсак. Акыйкатчылыкка умтулган таланттуу китеп чала бышкан, жарым-жан, шордуу китепке канчалаган жылдар бою жеңилип келди. Алып келген кирешесин кеп кылбай эле коёлу, жакшы китепти окуган адам көз жашын агызып арууланып отурбайбы, көкүрөгүн күлкү, кытыгылап, куштарланып отурбайбы. Башындагы тагдырын, кечирген жашоо-турмушун күзгүдөн сыңары көрүп турбайбы... Мындан өткөн коомдук кенчти, байлыкты табабызбы, акебай?! Жазуучу Юрий Казаковдун айтымында: «ар кимибиздин калемибиз, жазуу столубуз, жазуу ыгыбыз бөлөк-бөлөк. Бирок, бир нерседен, турмуш сүрөтүн чындык менен сүйлөтүүдөн жаңылбашыбыз керек...».

Насип экен, түштүктө жүрүп бир чарбаны аралап калдык. Бир карап эле раистин тамаркасын тааныдык. Кеңкесири, окчун жерде бак-шакка чүмкөлүп, көздү күйгүзөт, түгөнгүр. Шаар жеринде андай тамды болду-болбоду дегенде отуз миңден кем сурабайт. Короосунан жеңил машинанын тумшугу чыгып, дарбазасы кайкалайт. Угуп жүрдүк, курорттон калбайт экен. Чарбанын иши күйсө да, путёвкам күйбөсүн деген жетекчи турбайбы. Эми ошол жетекчи өзүнүн таламын элдикинен өйдө коюп, кирпич үйдө пенсияга чыккычакты жылуу-жумшак жашай берет. А чарба «карызга» белчесинен баткан. Ким жабыр тартып жатат? Албетте, карапайым эл. Айлыгы колдоруна маалында тийбесе. Ушуну социалдык адилеттүүлүк деп айтууга болобу? Дүкөндөн айлык алгыча деп, насыяга «атаң жакшы, энең жакшы» менен майда-чүйдө алып оокат кылышат. Жетекчилерди азыр шайлоо жолу менен эл өздөрү кылдап калды. Мына, журтчулук менен алака, масилеттешүүнүн турмушта акталган жолу. Илгери көктөм жуук тээ түштүк тарапта өйүз-бүйүз конгон айыл өзүнүн аксакал башчысын дайындашчу экен. Кыйын делип кылданган адамды алма түбүнө жетелеп келишип, жабылып бата беришчү дешет. Ишенимге татыган адам жер сырын билсе, ошол алма гүлдөп, башын жегендей түшүм берчү



экен, а башчы эл оозуна алынчу деп айтылат аңызда. Кызыгы мында, акебай, ал көпчүлүккө калыс адам болбосо, баягы алма бечара кашайып гүл ачпай коёт имиш. Жаңылганын билген эл кийинки көктөмдө алма түбүнө бөлөк адамды алып келишчү экен. Карабайсызбы, эл оозундагы ошол кепти бүгүнкү күн менен салыштырсак, жердин сырын эмес, элдин сырын билбеген нечендеген ноктоосуз жетекчинин айынан канча алмабыз гүл ачпай, мөмө байлабай калды...

— «Уккан кулакта жазык жок» дейт. Сиздин чыгармачылыгыңыз туурасында ар кыл пикир угуп жүрөбүз. Мисалы, «чыгармасын чактап жазат, сары майдай сактап жазат», «жазгандарынын тагдыры тайкы, пешенеси кууш, ыкыбалсыз...», «эзели жазган нерсесинин танабын талашып, келеге түшпөгөн», «жоок, о натуру кеп, кыл чайнашып жүрүп ушуга чейин, өз стилин, Жусубалиевдин прозасын сактап келатпайбы... Андай туурачыл жазуучу бу чөлкөмдө беш манжа менен саналат...» деген. Кыскасы, ар кимдин оозунда ар кыл кеп. «Жетинин бири кыдыр» кайсы бирине ишенебиз?

— Эл оозунда элек жок. Ошого ишен! Анан көрөк, сөзгө кулак сал. Чындыкты моюнга албаска чара жок, окурмандарыбыз жакшы чыгармага али туйтунуша элек. Жакшы идея, жакшы ой калемге оңой илинбейт. Сары изине түшүп, жыл коротуш керек, өмүр коротуш керек, ашына. Ал пайлап жүрүп, жамбы атып алгандай иш эмес. Өзүнүн кара башы үчүн эмес, окурмандын дарди деп табылга издеп, ошонун көңүл кушу деп өмүр короткон калемгерлерибиз аз эле. Бир басма табакка жетпеген «Айгүл тоо» деген аңгемесин жазыш үчүн М. Гапаров бир-эки айын коротуп, быягы Баткен, тажиктердин Сок, Исфара шаарларын, аягы Ысык-Көлдөн бери айланып, табылгасын бечара бир чымчымдан термелеп жүрдү го. Карнет, чыгарма түштүктүн аптабына бышкан экен, көлдүн салкын желине тотуккан экен, жазуучу дагы окурманым дегенде кара башын садага чаап жибере турган кемде-кем учуроочу сапатын далилдеди. Жумурай-журттун көңүлүн кушубак кылган, кыргыз прозасына жаңылык алып келген аңгеме ушинтип жаралган.

Чыгарма жаратуудагы чеберчилик деген — калем учтап коюу эмес го. Элестүү айтсак, бирибиз калбай ысык көөрүктөн өтүү. Көөрүк боюбуздагы акыр-чикирдин баарын күйгүзүп, күл кылат, азабын-тозогун көрсөтөт, аягында таптаза алтын кылып, элге сунат. Көөрүктөн өтүү — чыныгы эрдик. Көбүнүн колунан келбейт. Айрымдарыбыз,



9—200

катуу тийсе кечирип коюшсун, адам болбой туруп эле жазуучу, акын болуп алганбыз. Муну аздыр-көптүр адабият турмушуна аралашып калганымдан айтып отурам. Көрүп эле жүрөбүз, айрым колунда калеми бар адамдар кичине эле турмуш кыйынчылыгында сынынан ыдырап, жөнөкөй адамдан төмөн туруп калат. Садагасы кетейин, адабият базардагы соодагер эмес да. Суктанып жүргөн классик жазуучулар өлбөс ой, өчпөс идеясын, тирүүлүктүн ой-мүдөөсүн тамырында жүргөн каны менен жазышкан. Албетте, ким болсо да, казанына жараша чөмүч тандайт. Шүгүрчүлүк, кыргыз прозасынын наркын бийиктеткен Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков өңдүү соңунан азбы-сазбы көч ээрчиткен балбылдаган жылдыздарыбыз бар, бактылуу экенбиз.

Бирок, ийгиликтерибизге илик жүргүзгөндөн көрө, турмушубуздун али калем учу тие элек тараптарын сөз кылуу артык. Китептердеги «оң каарман» проблемасы ойдогудай эмес. Илгерки «табылгабызды» саан уйдай саап жүрүп, кунун учуруп ийдик. Жаңыча өңүт издеп, идеянын сулуулугу, поэзиясы жөнүндө ойлогон адам жок. Ой артында ой катылчу эле, сөздүн көркөм улуу касиети болчу эле... Мынан келди, «оң каарман» калемгер «көтөрүп жүргөн» эле ыймандык категориялардан ашып түшпөй, өзүнө «окшоп» калып жатпайбы. Көбүбүз жазсак эле кара башыбыздын кыяпатын ойлойбузбу, билбейм, баягы көндүм коомайлануу көлөкөсүнөн корккондук кала элек. Терең психология, адамдагы ыймандыкты, асылдыкты издөөнүн басмайылы бошоп, кургак дидактикага азгырылып кеткен жагдайлар көп жолугат.

— Туура сөздү козгодуңуз. Бүгүнкү учкул турмушту чала бышкан чыгармаларда чагылдыруу адабиятыбыздын максатына кирбейт. Ошентсе да, жазуучулардын жаңылануу учурундагы үн кошууларында (ал кана, каякка чыгып жатат?!) бизди, жалпы элди камтама кылган нерселер көбүрөөк айтылышы керек эле...

— Менин оюмча, кайра куруу — жазуучу үчүн адамзаттын ички дүйнөсүн терең аңдап-билүү. Биз көпкө чейин кайпып жазып жүрдүк. «Үркүнчөөк» адаттын айынан чымындай нерседен пил жасап, «бул тааныш эмес тема, билдирүү керек», «кеңешип-таңашуу керек» деп айрым көлөкөсүнөн корккон жетекчилердин тайыздыгынан айдай китептерибизден «айып» табылды. Ошол биз колго алсак эле «колуң күйөт» деген маселелер, мисалы, борбордук газета-журналдардын беттеринде нечактан бери эле түшпөй келатат, саясатчылар, публицисттер теле берүүлөрдө



тынбай эле кеп кылышат. Тааныш эле тема бизге жеткенде «жат» болуп чыга келет. Же болбосо «Жусубалиев жазса эле ал «жөн жазбайт», «Жусубалиев айтса эле ал» «жөн айтпайт...» имиш. Мисалдатайын, «Амбар китеп» аттуу повестимдин («КМга» үзүндүсү жарыяланды) жазылганына он жети жыл болуптур. Окурмандардын колуна тиймеги тозок болду. Атынан «өөн» табышты. «Манаста» «Амбар толо алтын бар» деген жакшынакай сап бар. Майда-чүйдөгө эле социалдык маани берип, көбүрүпжабыртуу кимге пайда алып келди, акебайлар?!. Мезгил жетип, повесть үстүбүздөгү жылдын январь айында «Ала-Тоо» журналына чыкмак. Дагы «кемтик» табылып, 7-8-сандарга сүрүлдү. Журналдын редколлегиясынын он эки мүчөсү түгөл окуп чыгып, чыгарманы жактырды. Ал журналдын 8-санына «Күздүн акыркы күнү» деген ат менен чыкты. «Муздак дубалдар» аттуу романым да курулай шектенүүлөрдүн курмандыгы... Өз мезгилинде курулай шектенүүлөрдүн айынан Б. Пастернак, А. Платонов, А. Рыбаков, А. Бек, В. Дудинцев, Ю. Трифонов, А. Твардовский, А. Приставкин өңдүү советтик белгилүү жазуучулардын жакуттай чыгармалары саргайып, ондогон жылдар бою басмалардын сейфинде камалган. Азыр бири калбай жарык көрдү. Жакында «Ала-Тоо» журналынын окуучулары менен болгон жолугушууда (телеге тартышкан) жаш жазуучуларга айткан кеп-кеңештерим бар эле, бул да белгисиз себептер менен кесилип калыптыр. Кийин телевизордон өзүмдү көрдүм, отурамын. Сөзүм жок... Көпчүлүктүн «эсин чыгарайын» деп деле эч нерсе айткан эмес элем. Өкүндүм жалпы окурмандарга багыштаган, чын дилимден багыштаган сөзүмдүн жерде калганына жазуучу, гражданин катары өкүндүм...

— Биринчи интервью беришиңизби?..

— Э, аны дагы бирөө кызыкса берет экенсиң... Муну жакшы айттың. Буга менин бир оюм бар. Күн алыс саарлап коңшу-колоң менен узун кезекке туруп, бир кемпирдин колунан сүт алабыз. Менин он литрдик челегим бар. Ага кемпирлердин баары кызыгат. Бир жолу кезегим (канча өмүрүбүз ушул кезекке короду!..) жетип калган. Чыканагымдан бирөө эле түртөт. Карасам, бир абышка он литрлик челегиме көз ымдап, «о, сиз бизге сүт калтырбайсыз го» деди. Көпчүлүк челегимди тиктеп калыптыр. Ыңгайсыз абалда калдым. «Ичиңизди кең салсаңыз, баарыбызга жетет» дегичемди, баягы сүт саткан тааныш кемпир бурулуп, имне дейт десеңиз. «Это хороший мужик. Эгер сүт аз экенин билсе, челегин толтурбай дайыма жарымынан алат. Это

хороший мужик» дейт мени. Адамдар ишенип калышты. Менин эсим оол калыптыр. Мындай факт болгон эмес, старик! Болбосо да ошентип айтканы таң калтырды. Сүт түгөнмөктөн какшып калган күндө да, челегим бир жолу да бөксө кеткен эмес. Кемпир ошентип койду эле садагасы кетейин көпчүлүк ишенип калды... Биздин бул маегибиз да ошондой кемпирдин мактаганындай болуп калбасын...

— Сөздүн нугун чыгармачылыкка бурсак...

— Таң ата электе туруп иштейм. Адам баарына көнсө болот. Керели-кечке окуйм. Жөө жүргөнгө бала кезден машмын. Колум саал-паал бошоду, «Кубат жок, Кубат көчө кыдырып кетти». Бул безерилик эмес. Басып жүрүп ойлонгон кыйла жакшы. Фрунзенин мен баспаган көчөсү калбаса да керек. Бир сапар темир жолдун үстү менен көчөгө кирип алып, айланып чыга албайм. Көрсө, көчөнүн аты «Круглая» экен. Бак-шактуу, чудесная улица! Азыр ошо көчөгө атайлап барып, атайлап «адашам»...

Жазганымды үч-төрт сапар көчүрүп иштейм. Бир мисал, «Толубай сынчы» аттуу аңгемемди сегиз вариант менен жаздым. Бири да жакпады. Чыгарманын сиздер окуган варианты бир отурганда 5—6 сааттын ичинде жазылды. Эрнест Хемингуэй «Кош түбөлүк, куралым» романынын биринчи бөлүгүн элүү сыйра көчүрүп иштептир. Ана, мээнет деп ошонукун айт! Биздики анын алдында шоона эшпейт. «Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат» аттуу романым жазылып бүтүп калды. Чыгарма «пешенеси катуу» жазуучунун катаал тагдыры жөнүндө. Анын жарык дүйнөдө бар экени, жок экени менен эч кимдин иши жок. Бар кылган иши — жазат. Бирок, эч жерде басышпайт. Мукураган жазуучу сөөмөйү менен асманга жазат. Кагаз коротпоюн дейт. Чыгармачылыгынан баары үмүт үзүшөт, аялы да кетет. Жалгыз гана жети жашар кызы кыйбайт. «Я люблю его! Я всегда буду слушать его. Пусть пишет свои романы! Ичер суусу түгөнгөнчө жанынан карыш жылбайм!» дейт. Тырнактай кызы жакшылыктан күдөр үзбөйт. Атасынын мыкты романдары али алдыда экендигине ишенет...

Оюмда дагы бир тема жүрөт. «Одинокие заметки» деген романды баштап койдум. Мага бир кол жазма тийди. Он эки кил чыгат го. Авторунун аты-жөнү жок. Айыл жеринде жашаган аял башынан өткөргөнүн жазат экен. Эми окусаң, баш көтөрө албайсың. Оо, кандай турмуш, кандай гана тагдырлар жок анда! Тубаса талантпы деп калдым. Мейли, о романды басышабы, басышпайбы, ишим жок.



Кол жазманы Алайга алакетип, ошол жактан жазып бүтүрөм... Ара-чолодо шаар жөнүндө кыска аңгемелер жазылып жатат. А публицистика жөнүндө кеп башка. Колубуздү көкүрөгүбүзгө коюп айталычы, ушу бүгүнкү күнгө чейин учурдун учтуу проблемаларын калайык-калкка жар салган, керек жерде күйүнгөн, бардар жерде сүйүнгөн публицисттерибиз (кээде Кеңеш Жусуповду ырымга атап жүрөбүз) таңкыс. Айраңсың, бул кужүрмөн жанрдын тагдырын жазуучу, акын, драматургдар эмес, журналисттер чечет деген жеңил-желпи түшүнүк кайдан келип чыккан?!. Коом баштан кечирген калба-камтама калем көтөрүп жүргөн баарыбыздын «көкөй кестибиз». «Соң-Көл булактарынын ыры жана ыйы» деген публицистикалык очерк жаздым. Жакынкы күндөрү журналдардын биринде жарык көрөт. Бул көркөмү көз тайгылткан көлдүн атарабин, жайытты чегиртке каптап кетиптир. Чегиртке тийген жердин тозоңу чыгат экен. Шашкан бечара адистер «чегирткенин тукумун курут кылабыз» деп бит дары чачып киришет. Жаандын суусу менен дары көлгө куюлуп, керемет форель балыктарына зыяны тийди. Бул алаамат эмей эмне?!. Соң-Көлдүн тегерегин көрүп жүрсөк, бир кары алдыбыздан чыкты. Анын да көкүрөгү толуп жүргөн экен. Сүйлөшүп калдык. «Чегирткелердин адебин жылкычы чымчыктар берчү. Тумшугу менен барсылдатып, кырып жок кылышчу. Дары деген ойго келчү эмес. Кийин мөңгүлөр эрип кетип, тоо булактары тып токтоду. Ошондо чегирткелерге кудай берди. Үйүрү менен адамга айбат кылганычы, тобба. Бул песке чымчыктардын алы жетпей калды. Көрсө, чокуй берип тумшугу чегирткенин ширесине чапташа баштаганда бечара чымчыктар учуп барып, тумшугун утуру мөлтүр булакка малып алышчу экен. Көрдүңүзбү, табияттын бирин-бири кыйбастыгын. Бири-бирине көз карандылыгын! Жанынан корккон чымчыктар мурдагыдай чегирткелерге катылбай «багынып» берди. Арты эмне болду, көлдүн көркү бузулду, байлыгы кемип отурат. Очеркте көп пробламалар козголгон. Соң-Көл жөнүндө жазылган «Саламатсыңбы, жайлоо!», «Кымыз», «Койчу менен жөө туман» аттуу сценарийлерим боюнча өмүрлүк жарым Клара Юсупжанова фильм-трилогия тарткан. Ал эми «Дүйшөндүн көпүрөсү» деген сценарийим боюнча тартылган даректүү фильм Краков шаарында өткөн эл аралык кинофестивалдын «Алтын ажыдаар» баш байгесин жеңип алган. Чынында көпчүлүк мени жазуучу эмес, киносценарист катары билишет.

— Кубатбек Жусубалиевич, сынга болгон мамилеңиз

кандай? Сөздүн чыны, чыгармачылыгыңыз жөнүндө сын аз жазылды...

— Силер окубай калдыңар го, «Күн автопортретин тартып бүтө элек» аттуу повестим жөнүндө сынчылар жылуу пикирлерин айтышкан. Өзүм жөнүндө жазылган сынды калтырбай, издештирип болсо да окуп жүрдүм. Бара-бара аты-жөнүбүз тигил же бул катардан аталганы болбосо, чыгармачылык жөнүндө а-бу деген сынчы чыкпай калды. Менин прозамды туура түшүнүүгө аракеттенген эки сынчы бар. А. Токтогулов менен А. Токтомушев. Сын аз жазылды деген дооматыбызга жараша өзүбүз да арбытып же «кыйратып» жазсак экен. Андай дейин десең, В. Распутиндин үч басма табак көлөмүндөгү «Өрт» аттуу повестинин тегерегинде борбордук газета-журналдар бири калбай кеңири сөз кылды го... Кыскасы, жазганың жакшы болсо, сын сени оңой эле табат. Сынчыларыбызда да айып жок эмес. Көбү сөзгө чоркок. Жазганын ташыркап, өзүңдү зордоп жатып окуйсуң. Кээде элдир-селдир ойду кубалап, чыгарманын сюжетин кайта башынан «жоруп» кирсе, көлөм дегенге кудай берет. Мындай жалпылама сындын жазуучунун чыгармачылыгына тийгизген пайдасы барбы? Өзүнө багытталган сынды «чымын чакканчалык» көрбөгөн ардем кыял айрым жазуучуларыбыз бар. Сынга ишенишпейт. Калыс, көңүлү түз айтылса да кара өзгөйлүк менен кабыл алгандар жок эмес. «Эгерде бүгүн жеңил-желпи жемелесең, эртең эле мактайсың» деп ичине котур ташын катып, антип «өзгөчөлөнгөн» сындын душманы. Сынчы жазуучу менен эмес, анын чыгармасы, анда чагылдырылган турмуш чындыгы менен сүйлөшүүсү керек.

— Аксакал жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков менен ата-баладай ээрчишип жүргөнүңүздү серап көрөбүз...

— Ээ, Түкөмдүн жакшылыгын көп көрдүм. Жакшылыкты жашырат белек. Бир сапар калемиме эч нерсе илинбей, илинсе да «ана чыгат, мына чыгат» дешкен убадакөй кызматкерлер тил эмизип, чөнтөк жукарып, калаада эптеп оокат өткөрүмүш болуп жүрсөм, Түкөм оро-пара чыкты. Жүдөңкү бою-башымды байкап, «аркаман жүр» деп азыркы циркти күн батыш тарабында маңдайында латын тамгасы менен жазылган сактык кассасы болор эле, ошол жакка баштап келди. Мен солдоюп касса оозунда калдым, ичкери кирген Түкөм о кыйлада аткулактын жалбырагындай жүз сомдук кагазды көтөрүп чыкты. «Кубат, үстү-башыңды оңо, түзүктөп оокат ич» деди... О кезде жүз сому бар адам жер менен баспай калчу. Түкөмдүн кайрымдуулугун көбүбүз көрдүк го. Болбосо, бешенемден сылагандай мен ошондо ким элем. Аңизгече ошо жүз сомун кайтара албайм... Аны кыргыздын залкар романчысы, карапайым адамы, акылманы катары терең урматтайбыз. Маал-маал Мурза, Кеңеш үчөөбүз Түкөмдүн алдына барып, алтын чөгөргөн кебине кумар таркатып келмейибиз бар.

— Сиздин оюңузча, жаш прозачыларга эмне жетишпейт?..

— Прозабыздын эртеңи үчүн кыл чайнашкан жаштарга санак жүргүзсөк, чакана эмес экен. Алыс-жуукка аты угулган жаш калемдер М. Эшимканов, А. Ражабалиев, Т. Субанбеков, Б. Усубалиев, А. Муратов, Н. Сайдуллаев, С. Раев, С. Жумагулов, кыздардан азырынча үмүттөндүргөн Б. Сутенованын «тырмак алды» аңгемелери менен таанышмын (көбү өздөрү келип, окутуп жүрүшөт). Өмүр баяндары коёндой окшош. Айыл жеринде чоңоюшкан. Элет прозасын жаңы өңүткө алып чыгышат го деп үмүттөнөм. Бул сапар аларга менин дооматтарым бар. Азга эле токсунуп калышат. Жаңы менен өзүн азыктандырып туруу маданияты пас. Айрымдары жаш туруп, табышмактантып айтканды, көңүлгө конбогон, «кармалбаган» ойлорго жамынганды, каруу-күчү жетпесе да тырбаландап, глобал темаларга кол сермеп ашепке чыйраксынышат. Кээсинде сабырдуулук, карапайымдык жокпу деп да кетем. Бир аңгемесинин аягына чыкса, таң атпай редакциянын каалгасын түртөт. М. Гапаровду дагы мисалга тартайынчы. Газета-журналдардан үйүнө чейин телефон чалышат, жаңы чыгармасын сурашат. Өзүм күбөмүн. Бир жообу бар. «Даяры бар эле, бирок, үстүнөн иштешим керек» дейт. «Бар, азыр эле жетип барам» деген сөзүн уга албадым. Сарандыкпы? Сатаңдыкпы!? Сарандык, өзүнүн абийирдүү чыгармачылыгына, эл сүйгөн, калк урматтаган калемине сарандык! Чыгармага дал ушундай мамиле керек, акебайлар! Чеховду алгылачы, убакытты үнөмдөштүрүүдө мындан өткөн уста болбоптур. Күн сайын, саат сайын кажыныптыр. Болбосо, жарым-жан киши. Ичер суусу түгөнөөргө жакын, күндө, күн алыс бирден аңгеме жазып туруптур. Биреөсүн беш килдик романга садага чаппай турган аңгемелер!

— Чыгармачыл жаштарга көрүлгөн камкордук жылдан-жылга өсүүдө. Өткөндө союзга мүчө болуп кабыл алынган жаш акын-жазуучуларга күбөлүктү доордун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов тапшырбадыбы...

— СССР Жазуучулар союзуна мүчө болуу — жаштар үчүн улуу зыйнат. Союзга жаңы кабыл алынган жаштардын аты таанымал, жазгандары дадил эле. Көптү үмттөн-

дүргөн ысымдар. Ошол эле учурда далай жаш таланттар союзга мүчө болуу быякта турсун, басмага тапшырчу кол жазмаларына ээ боло албай жүрүшөт. Эсибизде болсун, таланттуу адам жазарын жазат, бирок, «коюн-колтукка» шып кирип, ашпештегиче прозасын-прозадай, ырын-ырдай чыгарып алган айрым «жел тамандардай» нанси агытпайт. Тилекке каршы, дал ошол нысаптуу авторлордун саябалуу багы жок, жазган китеби, журналга жарыялаган чыгармасы жок. Ошентип отурган бечаранын союзга өтүү түшүнө киреби?.. Биз, жазуучулар, колубузду көкүрөгүбүзгө коюп сүйлөйлүчү, кимибиз мүнүшкөрдүк милдетти мыктылап аткаруудабыз? Жаштар үчүн жаны күйүп, өзүнүн беш-он табак китебин кийинки жылга калтырып, ордуна жаштардын жыйнагы чыксын деп, ким жар салып чыкты?! Садагасы кетейин, илгерки чыгыштын философ-акылмандарынан айланса болот го! Көкүрөгүндөгү асылдыкты, дилинде көргөн өнөрдү, көөнөргүс кенчти келечектүү бирөөгө өткөрүп, о дүйнөгө сапар тартуу үчүн шакирт издеген, кайырчы болуп, чөл кезген, журт безген! Өнөрү түбөлүк жер үстүндө жашашы, адамзатка кызмат өтөшү үчүн шакирт издеген! Шакиртинен өзүнүн эртеңин — келечегин, өлбөс-өчпөс илимин көргөн.

Биз дагы адабиятыбыздын эртеңин, келечегин ойлой жүрүшүбүз керек. Өнөрүбүздү өткөрүп алар таланттуу жаштар табылбайт бекен? Жүда табылат! Мүмкүн, аттуу-баштуу жазуучу-акындарыбыз көзөмөлүндө жүргөн жаш калемчилерди тартынбай эле союзга кабыл алууга сунуш кылышса. Кийин түлөгүнүн чыгармачылыгына өзү жооп берсе. Мисалы, Москванын жазуучулар Союзунда мындай иш-чара өзүн актап жатат. Биздин оюбузча, ушунда жаштар баштагыдай китеп чыгарууга анчалык жанталашпайт эле, кайра жазган чыгармасын шагында как кылып, анан окурмандарына сунушаар эле.

— Кубат Жусубалиевич, Ак Журтчу жөнүндөгү аңгемеңиздин аягын уксак да, маекти тамам кылалы...

— Жүда саз болот, Ак Журтчуну айта берсек эми узак сөз. Кечээ тушта Алайга бардым. Ак Журтчунун караанын көзүмө сүрткөнгө зар болуп, жолдун чети менен кетпаратсам, Сөпө сугатчы макага суу куюп жүрүптүр. Али-палиден кийин «Сөпө, Ак Журтчу жүрөбү?» деп сурадым. Десем, беймарал туруп, «Аа, Ак Журтчу айылчылап жүрөт...» деди. Анын мага ушинтип айтканы жакты. Жөнөкөй десең жөнөкөйлүк бар, терең десең терендик, поэзия десең поэзия бар... «Ак Журтчу айылчылап жүрөт...». Бу бечара айыл аралап, үймө-үй учуп, оокат кылат, балапан багат.



Бу журт аралаган ак жолтой куш. Кубат берсин ага, Ак Журтчу аман болсо, журтум да аман...

— Баш эсен, боор бүтүн, бардем туруңуз, чыгармачылыктан барака табыңыз!

— Силерге да ырахмат.

## ЖАННАТ ЭНЕ, БЕШИК ЖАНА ЖАРТЫ НАН

Билинбей он эки айдын бирине учкашып, отпусканын кезеги да келген экен. Барар жак менен бүтүрөөр иштин чети оюлбаса да, айыл менен амандык сурашууну, көз өткөн жерге көңүл улап, келин алган үйгө тилек каалоону ыраак жүрсөк да ыймандын иши дедик. Көздүн жашындай болгон отуз күн а-бу дегиче ортосунан ооп, калааны көздөй шаштырды.

Билет кечке рейске алынган. Убакыт бар. Фрунзеге он барып, он келсе болот. Эски адат азгырып, Оштун базарын аралап кеттим. Аяк талыганда, кумар тарканганда Ак Бууранын боюндагы чайханада отурдум. Шашпай, бир чайнек чайды дем жедирип, Ак Бууранын таштары бадырайып, тартылып бараткан жээгине өзүмчө баш чайкайм. Килейген чайханачы менин көзүмчө эле килейген тепшидеги чаманы дарыяга оодарып, аркасынан мурду суусун кошо силкип кирип кетти. Кезинде жээгинен кечүү бербей күркүрөп, а түнкүсүн шоокуму Сулайман тоосун терметип чыкчу бу дарыя — Оштун көркү, Оштун тарыхы. Анын бүгүнкү тагдыры кимдин зээнин кейитпейт. Кайран гана Ак Буура...

— Оо бала, жалгыздабай бери, жакын отур! — Андабапмын. Алыс эмес жерде көк кыжым чапанынын этегин жамбашына баскан, узун моюн кемпир кайнолу көздөрүн адеп мага ымдайт. Жанында карап эле отурчу жаңы бешик бар. Көңүлүнөн өтө албай чайымды көтөрүп, коңшумдун сөрүсүнө көчтүм.

— Нанга кара. Ыраңың көзүмө жылуу учурайт, каерликсиң?

Сөзгө-сөз жалганып, тез ачылыштык. Алайлык кемпирди айылында «Жаннат төлгөчү» дешет экен. Бешикке адеп кылчактаганымды сезген эне:

— Неберeме атап алдым,— деп өзү эле кеп жаңыртты.

— Базарга кире бериште ушу бешик көзүмө чалдыгып, шундай бир арбайт. Көзүмү жумуп, бер дегенин кармата бердим. Уста дагы таза күлкүчү неме экен. «Бүтүн неберелериңизди ушу бешикке бөлөп чоңойтсоңуз болот, аяш.

Кеңдигин айтың, баланы бир күнү кечке бөлөсөң жата берет. Култүгүн караңчы, чеңегенбиз да...» деп бир мактайт. Аркасынан дагы имне дейт десең о чал: «бешик терметкенге бап киши экенсиз, уул-келиниңиз түзүк бага алыптыр. Атаганат, төбөмө көтөрүп багат элем, мени менен кетпейсизби» деп жердин түбүн айтат. Мен дагы жөн каламбы, азилине азилдей жооп айттым. «Кебиңизди таап сүйлөңүз. Уштапта талаада калган кемпир жок». «Капа болбоң, аяш, жаш кезек, шок кыял эске түшүп атпайбы...» деп коёт дагы. «Апта сайын беш-ондон бешик сатасыз. Өзүңүздүн бешикке бөлөөр неберелериңиз барбы?» деп тийиштим. Бечаранын өңүндөгү күлкү качты. «Ээ, биз аккан суунун кадырын билебизби, аяш. Жок эмес, небере деген бар. Бала-чака небак эр жеткен. Баары өзү менен өзү. Ар биринин эшигинде кеминде бирден-экиден неберем жүгүрүп жүрөт. Баары тең төрт кылдырек арабада чоңойду. Келиндерим түзүк кеп жебейт. «Бешик баланы тайтак кылат» имиш, «бешикке бөлөп терметкен заман өткөн» имиш. Куру намыс да. Болбосо, кайнатасы жасаган, адам карап отурчу бешиктерди тоотпой кетише беле. Мейли, өздөрү билсин. Кыстабайм. Менин ишим — бешик жасамай. Бешикке бөлөнгөн баланын бели бек, дени сак болот. Ишенишпесе койсун...» дейт муңайым. Туура айтат. Өздөрү жатып, чоңойгон бешикти да жеришеби, ботом...

Кепке күлүп отурганым менен, «дагы беш жыл оодарсам сексендин суусун ичем» деген Жаннат эне бешиги, себеттей түйүнү менен базар күнү быкбырдай кайнаган элдин сүрмөсүндө те алыскы Алайга эмне күндү көрүп жетерин ойлоп, ичим эзилет.

— Окушта жүргөн окшойсуң? — Кайнолу көздөрү сыр сурайт. Жүзүмдүн сабагындай майда тамыр тордогон колдорунда майда калтырак байкалат.

— Айткың келбесе тек кой, ыктыяр өзүңдө, балам. Биздин милдет сурап коюш...

Кечки рейс менен Фрунзеге учуп кетеримди, ошо тарапта иштээримди эшиткен Жаннат эненин колунан пиаласы ыргып кете жаздады.

— Анда неберемди, Бакиримди тааныйт турбайсыңбы?! А да ошо шаарда. Кеткенине ушу күздө алты жыл болот...

Мени ооз ачырбады. Эми ага кебимдин кереги жок болчу. Менимче, кабарым кемпирдеги жылдап жыйналган бук-чердин боосун чечип кетти көрүнөт.

— Ошо жалгызым деп жер үстүндө басып жүрөм, балам. Жараткан эч кимге жалгызды ата кылбасын. Ушу Бакирим экинчи класста окуйт. Кызымдын (эненин жалгыз эле кызы бар экен) күйөөсү бейадеп чыкты. Эртеңкисин ойлобогон, өзүмчүл. Бир күнү жылан чакпай, жылкы теппей туруп «кызыңдын кесели көкөйгө тийди. Бир ай басып жүрсө, бир ай ооруканада. Ушундай «оорукчан турмушка тойдум» деп урук-тууганы менен масилеттешпей кызымды жолго салыптыр. Туугандан кийин эле аны шишик басып туруп алган. Кандай илдетке чалдыккан, мээм жетсечи. Баласы мага үйүр алып, атасын ээрчиген жок. Ооpу акыры жүрүп кызымдын түбүнө жетти. Үзүлөр күнү үстүнө кирсем керебетинде жатыптыр. Чачын бирөөгө жакшына өрдүрүп алыптыр. «Апа, дарманым жок. Туруп отура албайм. Бакирди ээрчитип келиңчи, атасына кабар айттырыңыз. Экөөнө тең айтчу аманатым бар. Атаганат, Бакирдин атасы кашымда турса, узаганыма жеңил болор беле, азбы-көппү бирге өмүр сүрдүк. Ортодо бала турат, келсе болот эле...» деп көзү жашылданат. Минтет деп кимдин оюна келет. Көрөр күнү уясына ылдыйлаганын сезип, болгон жамандыктан кечип, жер үстүндө калчу адамдардын көңүлүн бир тазарткысы келген бейм. Дагы «ыйлабаңыз апа, дарыдай неберeңиз турат. Эки аягынан шамал өтүп турса, сизге ашык атчу ошо. Менин бары-жогумду билгизбейт» деп коёт-ов. Курган жаным жанында эле отура турсамчы. Шашып, ошо атың өчкүр, күйөө балага кабар берейин деп почтого жүгүргөм. Дилгирем уруп келгичемди ааламдан өтүп кетиптир. Арман ушул экен да. Көрдүңбү, балам, өмүр жолу кылдай ничке. «Чырт» гана үзүлбөдүбү. Күйөө бала келе алмак эмес экен. Ишинин аркасында бир жактарда жүрүптүр. О кыркы өткөндөн кийин келди. Бөлөк болуп калат экен. Өзү да кеткиче шашты. «Ушу адам кызың менен он жыл өмүр сүрдү» десе ишенбес элем. Такыр бөлөк. Пурунзада турсаң, Бакиримди билесиң. Сүлпөтү куду атасынын өзү. Сөөгү бузук. Тили саал кекеч. Шопур. Тааныйсың, шаардын чоң магазини бар имиш. Ошонун жүгүн ташыйт.

«Ой жарыктык, уулуңузду каяктан жүрүп тааныйм. Бири-бириңди тааныгандай шаар деген айыл эмес. Андан көрө адресин бериңиз, таап, барып жолугайын» дегенге, сөздүн ырасы оозум барбады. Мага үмүт байлап, түпкүрүндө жүргөн сыр, өксүгүн бөлүшкөн карыдан эки ооз сөз менен кутулууга акым бар беле? Анын үстүнө энеге «ашык атчу» неберенин жоругу азгырып турган. Сөз учугун уламакка:

— Аты тааныш. Чоң дүкөндө иштесе, көрсө-көрүп жүргөндүрмүн,— дедим.

— Ии, ии, келиним да шаардын бир жеринде көпчү-

лүккө ookат бышырат. Анын колунан нечендеген адам тамак жейт имиш. А өзүм болсо келиним жасаган ookаттан ооз тие элекмин. Өңү-түсүн да көрө элекмин, ушундай да болот экен, тобба. Бүрөөнүн баласына күлгөнүм жок эле...

— Кантип, кызык го. Уул-келиниңиз сизден кабар алып турбайбы? — Сурарын-сурап, кайра катуу тийдиби деп ийменe түштүм.

— Бакирдин үй бетин көрбөгөнүнө үч жыл болот. Шаарга жаңыдан барганда «ooру-сыркоодон сырткары турасызбы? Салган пулум жетип атабы, орто жолдон кымтыгандар жокпу?» деп жаркылдап келип-кетип турчу. «Ким кымтыйт эле... Бүрөөгө бүрөөнүн бир тыйынынын керегн жок. Андан көрө тапкан-ташканыңды өзүңө жумша. Пенсиям турат. Алма-салма бар, күч келсе ошону сатсам да ookатым өтөт» деймин. Көңүлү чөкпөсө, бүрөөнүн колун карабаса экен деймин. Тобба, ошояктан үйлөнүп алыптыр. Мага бир ооз айтпайт. Окууда жүргөн биздин айылдын балдарынан билип жүрөм. Ошонон кийин үй жакка каттаганын койду. Оюн билбесе да, ырай-оорюн көрүп жүрөт деп, келген-кеткенден келинимдин жөн-жайын сурайм. Каерлик? Ата-эне тарбиясын көргөн бекен?.. Кечээ жакында бирөө келди. «Бакир акам кыздуу болду, сүйүнчү бериңиз!» — дейт. Далдырап тилим күрмөлсөчү. Кечээ эле «келиндүү болдум, кирген-чыккандан көрүндүк алам» деп көңүлүм жай отурсам, каяктагы сүйүнчү... Ушунун баары чынбы, жалганбы деп да кетем. Эл күтүнүп келин алса, эл күтүнүп неберелүү болсо, мен... Көрө элек неберемдин сүйүнчүсүн бердим. Мурда, жалгыз жүргөндө Бакир менен анча ишим жок эле. Үч баш болгондон бери көңүлүм бир жерде эмес. Кайсалактайм. Эмне кармаганымды өзүм билбейм. Жол карайм, зарыгам. Сагыныч көчөгө кубалайт. Бакир салган пулду коротпой бекитип жүрчү элем. Бүгүн Ошко түшүп, небереме атап, бешик алдым.

Жаннат эне сары мончок тагылган бешиктин ок жыгачын сылады.

— Бул бешикке ыкыбалдуу-ырыстуу бала бөлөйм, бу бешик байдөөлөт баланыкы...

Кемпир бешикти терметип кирди. Тамагым буулуп, муздап калган чайды ууртап, эңкейип отурдум. Жашым мурду учума токтоп, баш көтөртпөй койду...

— Бакирге айт, балам. Энеңди базардан көрдүм, де, кызыңа атап келишкен бешик алып коюптур де... Неберемди бөлөп, терметсем деп тилек кылып жүрөт де. Силерди сагынгандан эки көзү төрт. Жок дегенде, бир сапар келип кетишсин деп калды де. Карыганда небере ширин



көрүнөт. Өз колум менен мынабы ак жолтой бешикке бөлөсөм, бир кумардан чыгып терметсем, анан о дүйнөгө жүрүп бергенге кайыл элем... Мынабы нанды жол басып, мазар басып барат, өз колуң менен берип кой, таберик.

Жарты нанды ак чачы жоолукка ороп берди.

— Ушу бойдон энеңдин колунан алдым де, ушу нанды уулума жеткире көр, балам!.. Жер үстүндө биз он күндүк мейманбыз...

Кулагым бүтүп, Ак Бууранын шоокуму да, эшиктен чубап кирип, чайкананын сөрүсүнө жабалактап чыгып жаткан элдин кобур-собуру да угулбайт. Эненин балага болгон сүйүүсүн, сагыныч-черин бүгүн өзгөчө туйган элем.

— Эне, жүзүн көрө элек келиниңиз, мурдун чымчып өбө элек неберeңиз үчүн көрүндүк менен сүйүнчүнү даярдай бериңиз. Эсен болсоңуз, бешик тойдун башында туруп, элге жентек жедирчү күн алыс эмес,— дегенге жарадым.

— Айтканың келсин. Көзүм тирүү турса, Бакир экөөңдү дос кылам, эшиттиңби? — Али көрө элек досумдун кебете-кешпирин элестете албасам да, баш ийкейм.

— Кайыр эмесе, шаардыктардын баарына дуба де!

Чайканадан узаганда кылчайсам көзүмө бешик урунду. Далдаасында чай пиаласын ээк тушка кармап, санаага чөккөн Жаннат эне. Карап тура беришмин. Жан-жагымдан базардан таркаган эл өтөт. Карынын ушу отурушу мага айтууга оозу барбаган дагы бир көңүл зардесин жеткизип турду. «Бакиржан,— деген эненин эркеккен доошу кулагыма жаңырды,— көчүк айланбаган эки кетек үйдө чоңойгонуң эсиңден чыктыбы? Солдоюп, төрдү кучактап жатчы элең. «Окууну бүтсөм, катырып иштеп, сизди багам. Бой жеткизген карызыңызды кайтарам, эне. Сиз болбосоңуз хулиган болуп кетишим да ажеп эмес эле» дечүсүң. «Ошо дагы сөзбү, дувана!» деп жилкимиш болгонум менен кыялымда ошо сен жалгыз жашап калчу дүйнөгө кайтып баргым келчү. Ошо сен жалгыз жашай турган күндөрдүн чайыттай ачык бир күнү терезеңе бактек конот да «куру-куусун» эшитесиң. Ошондо энеңдин «миттелерге дан чачып кой. Бул паранда ток жүрсө, токчулук жыл болот» дегенин эстеп, көзүңө жаш тегеренер. Ошо терезеңдин кашегине конгон бактекти мен деп бил, балам. Келбес болуп кеткен ошо туңгуюк дүйнөдөн «жалгызым мениз кантип жашап атты экен...» деп келип турганым...»

Чыдай албадым. Чоң көчөнүн четине түшүп, чайканадан узап кеттим.

Бакир дос, сага баратам! Эне берген аманат белимде

оролуу, кеби көкүрөктө түйүлүү. «Жарты нан берип жибергидей биз ачкадан кезерип отурган жокпуз» деп кыска ойлобо. Жаннат эне нанды чекесине тийгизип, уулумду ушу улуу ырыскыдан ажыратпасын деген таза пейилинен берди. Биз үчүн алар — Жаннат энелер көк теңирдей түбөлүк тура берчүдөй сезилет. Айылга жөнөсөк, алар жолубуздан тосуп, берерге ашын таппай, дайыма күтүп жүрө берчүдөй сезилет. Жаңылабыз! Мезгил узаткан өмүр табагын какшытып, алар четинен кемип жатат. Биз болсо аларга бүгүн айта турган жылуу сөзүбүздү эртең айтабыз, бүгүн керек жакшылыкты эртең жасайбыз деп ток пейилдин жетегинде жүрөбүз. Ырас, эртең да күн бар. Бирок, эртең кеч болуп калышы мүмкүн... Куттуу карыларыбыз бу жашоонун он күндүк мейманы эмеспи...

Мен сага баратам, Бакир! Сага Жаннат эненин бешик сүйүнчүсүн, жарты нанын — илгери үмүтүн, ишенимин алып баратам. Тосуп чык, досум!

## ИЧИНДЕГИЛЕР

ПОВЕСТЬ

Ак коргон . . . . . . . 4

АҢГЕМЕЛЕР . . . . . 67

Палван . . . . . . . 68
«Атамды көргөн өлбөсүн...» . . 78
Таразачы . . . . . . 85
Күйөө бала . . . . . . 89
Тактектик кыз . . . . . 101
Ата карызы . . . . . . 113
«Ак Журтчу аман — журт аман» 125

55 т.